
С. Момуналиев

# Кыргыз адабияты

# 5



Абдулхосимов Баходир 5 9



## МАНАСТЫН ЖЕТИ ОСУЯТЫ

**1**

**Эл-журттун ажырагыс бүтүндүгү жана бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарган ички биримдиги.**

**2**

**Улуттар аралык ынтымак, достук жана кызматташтык.**

**3**

**Улуттук ар-намыс жана атуулдук ариет.**

**4**

**Арыбас мээнет, алдыңкы өнөр-билим аркылуу бакубат дөөлөткө умтулуу.**

**5**

**Гуманддуулук, айкөлдүк, сабырдуулук.**

**6**

**Табият менен таттуу мамиледе болуу.**

**7**

**Кыргыз мамлекеттүүлүгүн чыңдоо жана аны көздүн карегиндей сактоо.**

Момуналиев С.

# Кыргыз адабияты

(хрестоматия)

**Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин 5-класстары үчүн окуу китеби**

Ўш-Бишкек
2004

УДК 373.167.1
ББК 83.3 Ки

М-76

Қўлингиздаги ушбу дарслик ҚИРҒИЗ-ЎЗБЕК УНИВЕРСИТЕТИ тасарруфидаги "ДАРСЛИКЛАР ЯРАТИШ МАРКАЗИ" томонидан тайёрланди. Дарслик ҳақидаги фикр-мулоҳазаларингизни университет раҳбариятига ёки "Марказ" маъмуриятига ёзма равишда билдиришингизни илтимос қиламиз.

Бизнинг манзил: Ўш шаҳри, Г.Айтиев кўчаси, 27.

Момуналиев С.
М-76 Кыргыз адабияты: Хрестоматия: Окутуу өзбек тил жүргүзүмүүчү мектептердин 5-кл. үчүн окуу китеби – Ўш-Б.; 2004. -144 б.

ISBN 9967-413-95-6
М 43060220400-04

УДК 373.167.1

ББК 83.3 Ки

© Қирғиз-Ўзбек университети тасарруфидаги Қирғизистон Республикаси ўзбек мактаблари учун дарсликлар тайёрлаш маркази, 2004

© МОК КР, 2004

1991 - жылы 31-августунда өткөн Кыргыз Республикасынын кезексиз алтынчы сессиясы Кыргыз Республикасынын көз карандысыздыгы жөнүндөгү Декларацияны кабыл алган.




Мамлекеттик герб
Авторлор:
Асеин Абдраев, Садырбек Дубанаев
14-январь 1994-жыл.

31-август - Көз карандысыздык күнү - жалпы элдик майрам.



Мамлекеттик туу
Авторлор:
Э.Айдарбеков. Б.Жайчибеков, С.Иптаров,
Ж.Матаев, М.Сыдыков
3-март 1992-жыл.

Кыргыз Республикасынын Конституциясы 1993-жылы 5-майда Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин он экинчи чакырылышынын он экинчи сессиясында кабыл алынган.

5-май - Конституция күнү - жалпы элдик майрам.

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МАМЛЕКЕТТИК ГИМНИ

Сөзү: Ж. Садыков, Ш. Кулуев.
Музыкасы: Н. Давлесов, К. Молдобасанов.
18-декабрь 1992-ж.

Ак мөңгүлүү аска-тоолор, талаалар,
Элибиздин жаны менен барабар.
Сансыз кылым Ала-Тоосун мекендеп,
Сактап келди биздин ата-бабалар.

Кайырма:
Алгалай бер, кыргыз эл,
Азаттыктын жолунда.
Өркүндөй бер, өсө бер,
Өз тагдырың колунда.

Байыртадан бүткөн мүнөз элиме,
Досторуна даяр дилин берүүгө,
Бул ынтымак эл бирдигин ширетип,
Бейкуттукту берет кыргыз жерине.

Кайырма:

Аткарылып элдин үмүт-тилеги,
Желбиреди эркиндиктин желеги.
Бизге жеткен ата салтын, мурасын,
Ыйык сактап урпактарга берели!

Кайырма:

# КИРИШҮҮ

Сүйүктүү окуучум. Сен бүгүндөн тартып мына ушул колуңдагы «Кыргыз адабияты» окуу китеби менен таанышасың. Бул окуулуктан кыргыз элинин элдик оозеки чыгармаларынын, ак таңдай төкмө акындарынын, жазма адабиятынын мыкты өкүлдөрүнүн көркөм дөөлөттөрүн табасың. Өзүңдүн киндик каның тамып, жашап жаткан Мекениң Кыргызстандын бай маданиятынан кабардар болосуң.

Негизи, тарыхка тереңдеп карасаң, кыргыз, казак, өзбек, түркмен ж.б. улуттар-түбү бирге эл. Ошондуктан булардын тили, дили, дини, карманып тутунган каада-салты, дүйнө таанымы бири-бирине өтө жакын, окшош. Кыргыз элинин дүйнөгө таанымал, маани-мазмуну, көркөмдүк нарк-насили боюнча теңдешсиз дастаны «Манаста»:

«Доону бирге доолашкан,
Жоону бирге жоолашкан». - деп, түрк атанын балдарынын түбү, тамыры биргелигин ташка тамга баскандай таамай айткан.

Чын эле тарыхка көз жүгүртсөң, тээ атамзамандан бери түрк атанын балдары азуусун айга жанган ар бир күчтүү жоого «бир жакадан баш, бир жеңден кол чыгарып» каршы турушкан, Ата Журтунун бир укум жерин, бир чымчым топурагын беришпей, мына бүгүнкү муунга, бизге, жеткирип отурушат. Биздин эмки милдет ушул ыйык Ата Журтубуздун мындан ары дагы кубаттуу болуп, гүлдөп өсүп, дүйнөгө таанылышына өзүбүздүн колубуздан келген салымыбызды кошуу болуп саналат.

Кыргызстан - көп улуттуу өлкө. Тагыраак айтканда, анда 80 ден ашык улуттун өкүлдөрү жашашат. Бул элдер түпкү улут кыргыздар менен укуктары бирдей, чектелбеген, өз тилдеринде билим алууга, сүйлөп-жазууга, каалаган кесибин алып, иштөөгө акылуу. Булардын конституциялык укуктары. Мамлекеттин президенти Аскар Акаев «Кыргызстан-жалпыбыздын Мекенибиз» деп, элдердин биримдигин чоң саясат катары жогору баалайт. Демек, Мекендин, Ата Журттун тарыхын, маданиятын билүү, өздөштүрүү - кайсы элден экендигине карабастан, ар бир жарандын ыйык милдети.

Мына ушул сунуштап жаткан окуулуктан, сүйүктүү окуучум, Кыргызстандын көркөм тарыхын, маданиятын, адабиятын табасын. Бул аркылуу сен түпкү улут, кыргыздардын ой-үмүтүн, тилегин, дүйнө түшүнүгүн билесиң, көркөм дүйнөсүн аңдайсың. Анткени кыргыз эли өзүнүн көп кылымдык тарых-тагдырын, баскан оош-кыйыш узак жолун касиеттүү Сөздүн күчү менен сактап келген. Алар өздөрүн түбөлүккө калтырыш үчүн көз тайгылткан кооз

имараттарды, бузулбас бекем таш пирамидаларды курган эмес, жазып-сызып китеп түрүндө да калтырбаган. Баарын: жеңилиш - жеңишин, кайгы-кубанычын, шаттык менен муңун Сөзгө, болгондо да оозеки түрүндө алмадай башына батырышып, атадан балага, муундан муунга өткөрүшүп, кылымдан кылымга сактап келишкен.

Сен, сүйүктүү окуучум, мына ушундай байыркы элдин уникалдуу адабияты менен таанышуу бактысына ээ болуп отурасың. Бирок көөнөрбөс көркөм дөөлөткө баш-отуң менен кирип, кызыгып үйрөнөсүңбү же кайдыгер мамиле жасайсыңбы - эмки кеп өзүңө гана байланыштуу. Мына ушул жерде, байыркы бир уламышты эске салуунун ыгы келип турат.

Жер кезип келаткан бир даанышман күндүн мээ кайнаткан ысыгында таш ташып жатышкан адамдарга туш болуптур. Алардын биринен: «Бурадар, эмне иш кылып жатасыңар?» - деп сураптыр. Анда ал: «Көрбөй турасыңбы? Мына бул каргыш тийген таштарды ташып жатам го», - деп жооп бериптир. Даанышман ушул эле суроону экинчисине бериптир. Ал: «Бул таштарды ташып, бала-чакамды багып жатам, жолоочум», - дептир чарчаңкы түр менен. Анын суроосуна үчүнчүсү: «Азизим, мына ушул таштар менен ысык-суукка тозбой, түбөлүк туруучу бекем, кооз имарат курам», - дептир жүзүнөн нур төгүлүп, өзүнүн жасап жаткан оор ишинен чарчамак тургай ырахаттанып.

Демек, сүйүктүү окуучум, Кыргыз адабиятын мугалимдерден, ата-энеңден жеме укпай эптеп баа алыш үчүн окуйсуңбу же Ата Журтуң болгон Кыргыз Республикасынын түпкү улуту тилдеш, дилдеш, диндеш, тагдырлаш бир тууган кыргыз элинин жан дүйнөсүн, ой-сезимин, кыял-үмүтүн билүү үчүн окуйсуңбу - сага, бир гана өзүңө байланыштуу.

Эмесе, сага окурмандык ак жол, сүйүктүү окуучум!



Кыргыз эли -байыркы, өз тарых-тагдырына ээ эл. Түрк элдеринин ичинен «Кыргыз» деген сөз тарыхта баарынан мурда учурaганын окумуштуулар байыркы булактарга таянып тастыкташат.

Өзүнүн баскан узак жолунда бир топ жазмаларды (рун, араб ж.б.) колдонуп келгени да белгилүү. Бирок туруктуу жазмасына 1920-жылдардан кийин гана (Октябрь революциясынын шарапаты менен) ээ болгондугун танууга болбойт.

Албетте, туруктуу жазмасынын жоктугу кыргыз элинин жараткан көп акыл кенчтеринин кумга сиңген тамчыдай тарых тереңинде унутулуп калышына өбөлгө түзгөндүгү жашырын эмес. Ошентсе да кыргыз эли ар дайым колдонгон жазмасына ээ болбогондугуна карабай жалпы адамзаттык маданиятка үлкөн салым кошо алды. Буга элдик оозеки чыгармачылык далил боло алат. Көлөмү гана эмес, көркөмдүгү менен да таңшанткан, теңдешсиз «Манас» эпосу баш болгон эпикалык чыгармалар, - бою бир карыш, ою миң карыш, өзү кыска, айта койсо нуска-дидактикалык чыгармалар, адам сезиминин түрдүү кырдаалын чагылдырган лирикалык чыгармалар-кыргыз элинин таланттуулугунун кашкайган чындыгы.

Булар тууралуу кеңири маалыматты аз-аздан класс жогорулаган сайын ала бересиңер.

Азыр силердин көңүлүңөрдү элдик чыгармалардын ичинен жаралышы боюнча байыркылардан болуп эсептелген жөө жомокторго бурабыз.

«Жөө жомок» деп туруктуу башталыш менен туруктуу аякталышка ээ, жорго сөз түрүндөгү адам турмушун гана эмес, айбанаттар дүйнөсүн да чагылдырган көлөмү анчалык чоң эмес, эпикалык чыгарманын бир түрүн айтабыз.

Жөө жомоктор мазмуну жана тематикасы жагынан негизинен айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктор, кереметтүү-укмуштуу жөө жомоктор жана турмуштук жөө жомоктор деп бөлүштүрүлүп жүрөт.

Жөө жомоктордун таалим-тарбиялык мааниси зор. Бирок булар ушул кызмат менен гана чектелбейт. Дүйнөнү таанып-билүү кызматын аткаргандыгыда маалым.

Ар бир элдин чыгармачылыгында жөө жомоктор басымдуу орунду ээлейт. Муну өзүңөрдүн өзбек адабиятынан байкасаңыздар болот.

Кыргыз элинде да жөө жомоктор арбын. Алардын тематикасы, мазмуну ар башка. Бирок көздөгөн максаттары бирдей. Дүйнөнү, жаратылышты, турмушту таанып билдирүү менен бирге, адамдагы адамдык оң сапаттардын калыптанышына өбөлгө түзөт. Мейли айбанаттар жөнүндөгү жөө жомоктор болобу же укмуштуу-

кереметтүү, же турмуштук жөө жомокторбу - баары мына ошол максатты көзгө тутат.

Алсак, кыргыз элинин «Чокчолой баатыр», «Алтын куш», «Акылдуу дыйкан» ж.б. жөө жомоктору биз айтканга ачык мисал болуп бере алат.

Силерге үйрөнүүгө сунушталып жаткан «Акыл Карачач» - мына ошондой жомоктордун бири. Мында адам акылы, тапкычтыгы даңкталат. «Акыл айга жеткирет», «Амалдуу кар үстүнө от жагат», -деген макалдардагы ой «Акыл Карачач» жомогу аркылуу тастыкталат. Өзүңөр окуп чыксаңар, буга ынанасыңар.

## АКЫЛ КАРАЧАЧ



Өткөн бир заманда өзү чечен, сөзү бекем Жээренче чечен деген киши болуп, анын Төлөмырза деген уулу бар экен. «Өмүрүндө чын айтпаган калпычы бала» деген сөздү Жээренче чечен күн сайын элден угуучу болду. Бир күнү Төлөмырзаны сынамакка караңгы түндө ээрчитип келе жатып: «Балам, менден көрө көзүң курч эмеспи, асты жагыңды карачы, мага аркарга окшош бирдеме көрүнөт», -деди. Анда Төлөмырза: «Аркар экен, козусун эмизип турат», - деди. Ошондо Жээренче чечен: «Жаңын чыккан жалганчысы чын экен» - деп, өкүндү. Төлөмырза карга атса, кийик аттым деп элге мактанат. Анын колунан эчтеке келбейт, бул иш эл үчүн да, атасы үчүн да маалым болду. Төлөмырза бир күнү көпчүлүк элге адатынча калп айтып калды: «Баягы күнү бир кийикти атып жиберсем, кулагынын учу менен туягынын учуна тийип, кийигим аман кутулуп кетти», - деди.

Анда Жээренче чечен: «Атаа балам ай, туягы менен кулагын кашынып турганда аткан экенсиң ээ», - деди. Төлөмырзанын калптыгына айран калып турган элге Жээренче чечендин сөзү орун

болуп бастырып кетти. Үйүнө келгенден кийин: «Атаа, жаның чыккан балам, эпсиз жерден калп айтып, эбине келтире албай эсим кетпедиби, мындан кийин адам болом десең, калп айтпа. Калп айтсаң, өмүрүң менен ырысыңа чоң зыян келтирет» - деп, жалгыз баласы жанын тынчы жок, сөзүндө чыны жок, жаман бала чыгып калганына капаланды.

Бир күнү баласын ээрчитип жолдо келе жатып: «Ат жалына казан ас», - деди. Төлөмырза түшө калып аттын жалына от коюп, өрттөп жиберди. Жээренче чечен: «Ээ, балам, ат жалына казан ас» деген канжыгадагы тамакты ат үстүнөн жейли деген сөз болот», - деди. Дагы бир топ узагандан кийин: «Балам, узун жолду кыскарт», - деди. Төлөмырза түшө калып жолду кетмендеп калды. Жээренче чечен: «Кетмен менен кыскарта албайсың, балам, «узун жолду кыскарт» деген өткөн-кеткенден кеп сал деген сөз. Кеп эрмек болот: адамга жолдун кандай өткөнү билинбей калат, узун жолду жүрүштүү ат менен кызык сөз кыскартат», - деди. «Бул боюнча калганда жалгыз уулум, Төлөмырзам, мырза да болбойт, тукум да, туяк да болбойт экен, «аял жакшы болсо-эр жакшы болот, акыл оошот, ырыс жугушат»,- деген эл сөзү бар эмеспи. Дүйнө жүзүнөн издеп, бир жакшы колукту алып берейин», - деп, Жээренче чечен атты келиштирип минип, тонду кийип, элди аралап кыз издөөгө жөнөдү. Барбаган эли калбай, бастырбаган жери калбай, алты ай чамасында жүрдү. Кыз элде көп, бирок Жээренче чечендин издеген кызы жок.

Элдин баарын карап жүрүп капаланып-кайгыланып, Жээренче чечен үй жагына кайтмак болду. «Баламдын бактысы жок жаралган экен да, ушунча журттан бир ылайыктуу кыз табылбаганы», - деп келе жатса, айылдын четинен бир топ кыз-келиндердин отун көтөрүп келе жатканын көрдү. Ал ангыча күн жаады. Келиндер алы келгендери музоосун жетелей, отунун көтөрө үйлөрүнө качышты. Кыздардын баары музоосун эмизип, отунун таштап үйүн көздөй чуркап кетишти. Бир кыз музоосун эмизбей кармап, отунун чапаны менен жаап, өзү отундун астына олтуруп калды. Жээренче чечен кыздын жанына келип: «Ээ, балам, тиги кыздар жүгүргөн бойдон үйүнө кетти, сен эмне себеп менен жаанды тосуп отуруп калдың?»-деди. Кыз: «Ээ, ата, ал кыздардын төрт зыяны бар, менин бир зыяным, үч пайдам бар», - деди. Жээренче чечен: «Пайдаң кайсы? - деп сурап калды. Кыз: «Музоом эмген жок, отунум кургак калды, өзүм суу болгонум жок, энем үйгө барганда урбайт, бул үч пайдам, чапаным суу болду, бир зыяным ушу. Кыздардын музоосу эмди, отуну суу болду, кийими да суу болду, музоону эмиздиң деп энеси урат, качып кеткен кыздарга төрт жагынан тең зыян болду», - деди.

Жээренче чечен: «Жарадың, балам, силердин үйүңөр кайсы?» - деп сурады. Кыз: «Ээ, ата, айылга барсаңыз эле таап аласыз,

келиштирип кырк найза сайган үй биздики», - деди. «Издегеним табылды, - деп сүйүнүп, айылды аралап жүрүп кырк найза сайган үй жок болгондуктан, - кыз мага табышмак кылып айткан экен, кырк найзасы үзүгүнөн кырк уук көрүнүп турганы го», - деп, Жээренче чечен ойлонуп баягы үйгө барып түштү. Ата-энеси дагы жакшы адамдар экен. Алынча сыйлап, сүйлөшүп отурушту, аңгыча күн ачылды, отунду көтөрүп, музоону жетелеп кызы келди. Кыздын аты-Карачач экен, конок тамагын жеп, эл жатар мезгилде Жээренче чечен Карачачтын ата-энесине сөз баштады: «Менин жалгыз уулум бар эле, өзүмдүн атым Жээренче чечен, баламдын аты Төлөмырза, балама элден кыз жакпай, алты ай болду жолго чыгып кыз издегениме. Ушул сиздин балаңызга көңүлүм түштү, кудай буйруп куда болсом, балам экөөнүн бактысы ачылса деген талабым турат. Эгер силерге бул сөзүм эп болсо», - деди.

Кыздын ата-энеси: «Сиздин айтканыңыз жакшы кеп, биз өзүбүз бечара адамбыз, бир жаман жалгыз кызыбыз бар, сиз айтылуу Жээренче чечен деген Жаныбек хандын чечени болсоңуз, балаңыз Төлөмырза элден-журттан кыз жактырбай тандап жүрсө, менин кызым көңүлүнө жагар бекен? Буга жоопту кызым өзү билип берсин», -деди.

Карачач атасынын сөзүнө карата: «Бул киши алыстан келген азиз конок экен, кызым билет деп мага шылтаганыңар туура эмес, кадимкиден калган нускалар, нарк-санатыңар бар, бир кызды ата билип берет, бир кызды эне билип берет, акыры иш ордуна келет, берер болсоңор, мага шылтоо кылбай эле, абийирдүү киши көрүнөт, түз жооп бербейсиңерби», - деди. Бул кыздын айтканына Жээренче чечендин ичи ысып сөзгө кирди. «Кана, кудагый, оозум батып айталбай отурдум эле, мага балам өзү жооп берди. Карачачтын аты-Акыл Карачач болсун, бактысы ашык болсун, жей турган калыңыңарды айткыла, эл көзүнө көркөмдүү түшкөнүм жакшы болот, төөдөн, уйдан, жылкыдан, койдон канча менен келейин, атыбыз кыргыз болгон соң, салтыбыз, наркыбыз орду менен өткөнү жакшы, жакшылык талап өмүр соодасы эмеспи», -деп, Жээренче чечен айтып калды. Буга кыздын энеси: «Жалгыз кызымдын калыңын айтып, башына аркан салгансып малга кантип айырбаштайын, жол-жобосун, наркын-салтын кызым өзү эле билсин», - деди. Акыл Карачач: «Менин ата-энем бечара киши, кызын малга сатууга алы келбейт. Кызы малга сатылып барбайт, орду табылса, Карачач кадыр-көңүл түз келген жерге барат, калың, мал деп каржалбаңыз», -деди...

Тойго Жээренче чечен малды арбын союп, башына той башкаруучу коюп, той берип, сегизинчи күнү Жээренче чечен Акыл Карачачты үйүнө алып кетти. Акыл Карачач келгенден тартып Жээренче чечендин иши оңоло баштады. Мунун кабары Жаныбек ханга угулду: «Келини келишимдүү жакшы болгон экен, баягы

Төлөмырза жок, атайын киши болуп калыптыр», - деп уккандан кийин барып келинин көрөйүн деп, Жаныбек хан келди. Жээренче чечен алынын бардыгынча кызмат кылып, Жаныбектин келгенине сүйүнүп конок кылды. Жаныбек Төлөмырзанын колуктусун үстүнө чакыртып алып, ичинен: «муну алуучу аял экен» деп ойлонуп: «Келинге төрт суроом бар. Акыл Карачач жооп берсин», - деп, кепке кармады. Акыл Карачач: «Эби келсе суроонузга жооп берейин, суроонузду сураныз», - деп айтып калды.

«Тулпарды уйга сатса не болот?
Атты эшекке сатса не болот?
Туйгунду каргага сатса не болот?
Башы ачык адамды наадан кулга сатса не болот? Ушул сөзүмдүн жообун таап койгун, эртең кабар аламын», - деп, Жаныбек хан атtанып кетти.

Бул сөзгө Жээренче чечен капа болуп калды. Акыл Карачач: «Атаке, бул сөзгө эмне үчүн капа болосуз, жооп табылар, «Хандын пейли бузулса, калкына бүлүк түшөт, башына чүлүк түшөт» дептир, хан Жаныбек жакшылык көрбөс, өзүнүн жакынынан өлөр, аман болсоңуз аны көрөрсүз, мен анын сөзүнө жооп берем», - деди.

Хан Жаныбек эртеси энтелеп келип, сөзүнүн жообун сурады.
Камыкпаган Карачачтын Жаныбекке берген жообу:
«Жаныбек ханым, бузулду заңың.
Бул кандай жорук, тынчыбаган жаның.
Тулпар тушунда, күлүк күнүндө,
Күч бербеген тулпардан сүтүн берген уй жакшы,
Пайдасы жок туугандан пайдасы тийген кыйыр жакшы,
Чабал аттан чарчабаган эшек жакшы,
Жаш жыгач отундан жаркырап күйгөн тезек жакшы,
Канаты жок туйгундан канаттуу карга жакшы.
Карга конгон, кузгун тойгон каздын тарпынан үксүйүп
үмүт кылган туйгун оңчубу,
Эски наркта, мындай шумдуктуу жорук болчубу?
Ханым, менин тапканым ушу, сиздин укканыңыз-да ушу», -деп, ханды карап бир аз ойлонуп туруп, Акыл Карачач басып кетти. Хан Жаныбек арданып үйүнө кайтты.

Хан Жаныбек Карачачты алууну ойлонуп, каарын төгүп, ар түрдүү кыстоо салмакчы болуп, Жээренче чеченге желдет жиберди. «Эртең Жээренче чечен алдыма келсин, келгенде ат минбесин, төө да минбесин, жөө да келбесин, жол менен да келбесин, жолсуз жер менен да келбесин»-деп, буйрук кылды. Желдет буйрукту угузганда Жээренче чечен убайымга түшүп, келини менен кеңешти. Акыл Карачач атасы Жээренче чеченге мындай деди:

-Эрте туруп текени жука токуп минип, эки жолдун ортосундагы

кыры менен барыңыз, хан суроо сураса: ат, төө мингеним жок, теке минип келдим, жол менен да, талаа менен да келгеним жок, кыр менен келдим деп жооп бериңиз, хан Жаныбек сөзгө жыгылат.

Жээренче чечен тепейтип теке минип, эки жолдун ортосундагы кырга кирип, хан Жаныбектин ордосуна барды. «Ханым, буйругуңузду аткарып келдим; ат, төө мингеним жок, жөө да келгеним жок, теке минип келдим. Адам учкаштырбай жеке минип келдим. Жол менен да, талаа менен да келгеним жок, эки жолдун ортосундагы кыр менен келдим. Ханым, каарына калгандай көрүнөм, кайгылуу сыр, калың чер менен келдим», - деди. Жаныбек бул сөзгө токтолуп, Жээренче чечендин алдына кырк ирик салып берип: «Кырк күндүн ичинде көзүн жоготпой кырк козу козулатып бересиң», - деди. Кырк ирикти айдап капа болуп, Жээренче чечен үйүнө келди. Акыл Карачач алдынан тосуп чыгып: «Ата, бүгүн койлуу болуп калыпсыз го», - деди. «Ээ, балам, атаңдын өлбөгөн жаны курусун, карарган ханы курусун, ушул ириктин көзүн бурбай козулатып бер дейт, айла барбы, айдап келдим», - деди. «Ата, капа болбоңуз, бул арзан иш турбайбы» - деп, кырк күнгө чейин Акыл Карачач койду бирден союп бере берди. Жээренче чечен «эрте өлгөн кулмун» деп этин жеп жата берди. Кырк күнү бүткөндөн кийин хан Жаныбек салтанат менен атганып, койдун жообун алмакка Жээренче чечендин үйүн көздөй жөнөдү.

Келер күнүндө Карачач отун алымыш болуп хан Жаныбектин жолун тосуп чыкты. Көңүлү кызып калган хан Жаныбек Карачачты көрө салып, бура, тартып: «Келиним, отун алып жүрүпсүң, атаң эмне кылып жатат?»-деп сурады. Карачач: «Өзүм жалгыз бой болгон соң отунга келдим. Атам болсо үйдө толготуп төрөгөнү жатат», - деди. «Жаның чыккан Карачач, эркек киши дагы төрөчү беле», - деди. «Ханым, сөзүңүзгө кулдук, хан сөзү эки эмес, айла канча, сиздин эркек коюңуз да тууучу беле?» - деди.

Хан Жаныбек өзүнүн сөзүнө өзү байланып, сөзгө жыгылып кайтты. Хан кетери менен Акыл Карачач үйүнө келип, ханга берген жообун кайнатасына айтып берди. Бул сөзгө Жээренче чечен өтө ыраазы болуп: «Бир өлүмдөн калдым», - деп кубанды.

Эртесинде хандын дагы бир жигити келип: «Бул буйругум эки эмес, отуз күндүн ичинде, таштан тарамыш кылып, кумдан өтүк тигип берсин», - деген хандын буйругун айтты. Жээренче чечен мойнуна жүк түшкөнсүп: «Иш кыйын, таштан тарамыш, кумдан өтүк болчу беле, кулак угуп көз көрбөгөн мындай иш болучубу, мындан көрө каарына албай, мынчалык азаптабай, колунан келип турат, өлтүрүп салып, бир жолу жанымды тындырбайбы», - деди.

Анда Акыл Карачач: «Ата, сабыр кылыңыз, сабырдын түбү сары алтын, сабыры жок Жаныбек саманын сапырып жатат, өз калкын өзү кыстап, напсисин бузуп жатат, аман болсоңуз, мындан арзан

кутуласыз, шашпай сабыр кылып отуруңуз, мен сизге айтпадым беле:

Адамды шайтан азгырат,
Артык дөөлөт мас кылат.
Тумшугу таштай катаарда,
Тууганы менен кас кылат.

Жалаң эле биз эмес, жандын баарына көзү өтүп, жабыры ашып кетти. Жетим-жесирдин ыйлаган үнү жетер, ашыгып, сабырсыздык кылбаңыз» - деп, Акыл Карачач атасы Жээренче чеченге насаат айтты.

Жаныбек убада кылган күнүнө чейин Акыл Карачач оокатын кылып жүрө берди. Убадасы бүткөн күнү башкача кийинип, түсүн буруп жооп алмакка Жаныбектин алдына барды: «Хан азиретим, бечарачылык кыйын экен, кумдан бир өтүк тиктирип жаттым эле, буга таштан тарамыш табылбады, сиздин казынаңызда бардыр деп сурап келдим эле», - деди.

Айтканы эсинен чыгып калган Жаныбек хан: «Сен кандай акмаксың, соосуңбу, же жиндисиңби, кумдан өтүк, таштан тарамыш болуучу беле, калжырабай кет», -деди. Акыл Карачач бетине түшүрө салынган жоолугун өөдө тартып, түсүн көрсөтүп: «Ханым, оюңузга кулдук, сиз буюрган кум өтүктүн таш тарамышынын камында жүрдүм эле, андай болсо хандын буйругунан кутулган турбайбызбы», -деп жүгүнүп тура калды. Жаныбек айтылуу Карачач экенин билип, токтолуп башка сөз айталбай жерди карады. Акыл Карачач үйүнө келип, Жээренче чеченге окуяны айтып берди. Жээренче чечен Акыл Карачачтын акылына ыраазы болуп: «Кайырлуу жакшы өмүр сүргүн, канча бир өлүм ажалдан аман алып калдын», -деди.

Ал аңгыча болбоду, камынып турган Жээренче чечендин колун байлап, Алтай тоосундагы кара калмакка айдап, буга кошуп Толубай сынчынын уулу Миңжашарды, Асанкайгынын уулу Төлөнгүттү жиберди. Калмактын ханы булардын жайын байкап көрүп, үчөөнү үч жерге таратып бөлүп таштады.

Жаныбек Төлөмырзаны жан ордуна көрбөй жабыркатып ишке салып, Карачачты алайын деп кашына көчүрүп алды. Бирок Акылы Карачачты ала албай бир жыл өттү. Акыл Карачач жакшы сөз менен Жаныбектин өз иниси Бердибекти бузуп: «Жаныбектен жан адамга пайда болбойт, бул агаңды өлтүрүп, калкыңа хан болгун, мен сенин койнуңдагы зайыбың, колуңдагы айымың болоюн», - деп, Бердибекти кепке көндүрүп алды. Бул кабар тарап, Алтайдагы туткунга байланган Жээренче чеченге угулду.

Кабарды уккандан кийин Жээренче чечен жалпы элине табышмак менен кабар салды: «Эгиннер жакшы чыгып, жакшы бышты деп уктум, орокчуңар шай экен, кыштын арты кандай болот? Кышка калтырбай эрте оруп бүтүрүп алгыла. Толубай, Токтогул, Асанга кабар салыңар. Бир сокур кара кашка текем бар, сакалынан

байлап, көзүн оюп, көлгө салыңар, бир тик мүйүз кара эркечим бар, кой баштатып ала келгиле. Болор-болбос бычагым бар, мизи курч кестигим бар, унутулуп журтта калбасын», - деп жазып жиберди.

Кат тийген соң сөздүн түйүнүн казак, кыргыз, жалпы түрк балдары кепке канып келтирип чече албай айран калышты, акырында Жээренче чечендин өзүнүн келини айтылуу Карачач чечет го деп катты алып барышып, калктын мыктысы, чоңдору башында карап турду.

Катты окуп, Карачач бир баштан айтып, табышмак сөзүн таап чече баштады: «Айдаган аштыгыңар бышты дегени-душманыңар болушунча болду, толушунча толду дегени. Орокчулар шай экен, кышка калтырбай оруп бүтүрүп алыңар дегени-мынчалык кайрат кылыпсыңар, эми катылыңар, орок менен буудайды оргондой кылыңар деп айтканы. Кыштын арты кандай болот дегени-иштин арты кандай болор экен дегени. Толубай, Токтогул, Асанкайгыга кабар салыңар дегени-элдин карыялары иштер убагы келди, жаштарга сөзүңөрдү айткыла дегени. Сокур кара текем бар эле, сакалынан байлап, көзүн оюп, көлгө салыңар дегени-Жаныбек ханды өлтүрүп, сакалын кыркып, көзүн чукуп, көлгө салгыла дептир. Тик мүйүз кара эркечим бар, муну кой баштатып ала келгиле дегени-Жаныбектин иниси Бердибекти колуңарга алып, калкка хан көтөрүп койгула дептир. Болор-болбос бычагым деп- Төлөмырзаны айтыптыр, мизи курч кестигим дегени Акыл Карачач-мени айтыптыр. Көчкөн журтта калып кор болбосун дегени-кептен-сөздөн калып кемчилик тартпасын, кеп-кеңештен калтырбай ала жүрүңөр дептир.

Калк атасы карыялар, кайраттуу эр жигиттер кайрат кылып кара сокурга тезинен катылыңар», - деп, Акыл Карачач айтып өттү.

Бул сөздү угуп «залимдин айтканын угуп, айдаганына көнүп жүрүп да мүйүзүбүз чыккан жок» деп элдин кыжыры кайнап, Жаныбекти иниси Бердибекке өлтүртүп, Бердибекти хандыкка көтөрүп, Алтайга айдалып кеткен Жээренче чеченди жолдоштору менен алдыртып, чоң той берип, өз жеринде туруп калышат. Ошол убактан ушул убакка чейин эл оозунда:

Толубайдай сынчыны айт,
Токтогулдай ырчыны айт.
Жээренчедей чеченди айт,
Алдар көсөө кестикти айт.
деген сөз сакталып калган экен.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Жээренче чечендин баласы Төлөмырзанын кайсы өнөрү ашыкча экен?

2. Төлөмырзаны адам кылуу үчүн Жээренче чечен кандай чечимге келди?
3. Карачачка Жээренче чечен кандай шартта жолукту?
4. Карачачты көргөн Жаныбек хан өз ичинен кандай чечимге келди?
5. Жаныбек хан Жээренче чеченге кандай тапшырмалар берди?
6. Карачачты уулу Төлөмырзага алып бергенине Жээренче чечен кубандыбы же кайгырдыбы? Жомоктун негизинде далилдеп бер.
7. Жаныбек хандын тагдыры кандай аяктады?
8. Өзбек элинин «Акыл Карачач» жомогуна үндөш жомогу барбы? Болсо, салыштыр, окшоштугу, айырмасы эмнеде?
9. «Аял жакшы эр жакшы» макалын чечмеле, өзбек элинин ушуга окшош макал-лакаптарын тап.

**Тексттеги айрым сөздөрдүн котормолору:**

| | |
|---|---|
| оозеки чыгармачылык | - халқ оғзаки ижоди. |
| Жомок | - эртак, чўпчак. |
| Чечен | - нотиқ, нутқ сўзловчи, вазхон. |
| Учкул сөздөр | - барқанот иборалар. |
| Макал | - мақол. |
| Боз үй | - кигиз ўтов. |
| Табышмак | - топишмоқ. |
| Кестик | - ханжар, пичоқча. |
| Аркар | - ёввойи тоғ қўйи, архар. |
| Кийик | - тоғтака. |
| Кудалашуу | - қудалашиш. |
| Калың | - уйланиш учун қиз томонга тўланадиган пул |
| Чакмак | - чақмоқтош. |
| Кур | - белбоғ. |
| Намыс | - номус. |
| Кыраан | - эпчил, олғир. |
| Бурут | - қирғиз. |
| Төрө | - тўра. |
| Кун | - товон, хун. |
| Укурук | - сиртмоқ, халқа. |
| Ажына | - ажина. |
| Жинди | - жинни. |
| Баба | - бобо, бува. |
| Тек | - насл-насаб. |

# «МАНАС» ЭПОСУ

«Манас» эпосу-кыргыз элинин жалпы адамзаттык цивилизацияга кошкон үлкөн салымы. Бул эпостун 1000 жылдыгы 1995-жылы дүйнөлүк масштабда белгиленген. Эпостун жаралышын айрым окумуштуулар 2500 жылдан ашык мезгилди камтыганын айтып да, жазып да жүрүшөт. Кантсе да «Манас» - Кыргыз элинин байыркы көөнө мурастарынын бири. Муундан муунга өтүп, атадан балага калып, түрдүү катаал замандардын сыноосунан кебелбей өтүп, мына бүгүнкү күнгө жетип отуру. Таң калыштуусу 500, 553 миң саптан ашык (Саякбай Каралаевдин айтуусунда) ырдын оозеки сакталып келиши.

«Манас» көлөмү жагынан гана эмес, көркөмдүгү жагынан да уникалдуу.

Тематикасы менен мазмуну бай. Ошондуктан казак элинин талантту окумуштуусу Ч. Валиханов «Манас»-кыргыз элинин энциклопедиясы», -деп таамай белгилеген. Чындыгында эле, «Манастан» кыргыз элинин бүт турмушун, тарых-тагдырын, каада-салтын, географиясын, медицинасын, экономикасын, диний түшүнүгүн, дүйнө таанымын, таалим-тарбия усулуяттарын, дос-душманын-көрүп билүүгө болот.

Албетте, эпосту сактаган-эл, эл арасынан чыккан талантту адамдар. Кыргыз элинде Келдибек, Балык, Нооруз, Тыныбек, Актан, Чоюке, Чоңбаш, Шапак, Сагымбай, Саякбай сыяктуу залкар манасчылар өткөнү жөнүндө маалыматтар бар. Булардын көбүнүн аты калып, бирок айткандары бизге жеткен эмес. Бизге белгилүүсү, айткандары жазылып, кагазга түшүп калганы Сагымбай, Саякбайдын варианттары. Силерге сунушталып жаткан «Манастын бала чагы» Сагымбайдын айтканынан.

Улуу манасчы Сагымбай Орозбак уулу Азыркы Ысык-Көл областынын күңгөйүндөгү Кабырга (азыркы Тору-Айгыр) деген жерде 1867-жылы туулган. Сагымбай жөнүндө жазылып калган маалыматтарда анын бала кезинен эле ырга шыктуулугу «Манас» айтканга чейин лирикалык жана тамашалуу ырлар чыгарып ырдап жүргөндүгү айтылат. Ал эми «Манас» айтуу өнөрүнө 14-15 жашынан кызыга баштаган. «Манас» айтып калуусун Сагымбай кереметтүү түш көрүү менен түшүндүргөн. Дегеле, «манасчылыкты» түш көрүү менен байланыштыруу-бир эле Сагымбайга эмес, бардык манасчыларга таандык көрүнүш.

Албетте, манасчылар түш көрүү менен эле манасчылык өнөрдү өздөштүрүп кетишкен эмес. Алар өзүнө чейинки улуу манасчылардан таалим-тарбия алышкан», «Манас» айтуу өнөрүнүн ички сырларын өздөштүрүшкөн, үйрөнүү жолун басып өтүшкөн. Сагымбай да бул традициядан чыгып кеткен эмес. Ал Балык, Найманбай, Тыныбек, Акылбек, Дыйканбай сыяктуу манасчылардын мектебинен өткөн.

Сагымбайдан «Манас» 1922-1926-жылдары жазылып алынган. 1930-жылы Кочкор районундагы Кара-Күңгөй айылында дүйнөдөн кайткан.

## МАНАСТЫН БАЛАЛЫК ЧАГЫ, ЖАКЫП ӨЗҮНҮН ОШПУР ДЕГЕН КОЙЧУСУНА МАНАСТЫ АЛЫП БАРЫП БЕРГЕНИ



Ат коюлуп, той тарап,
Жер-жерине кеткени.
Арадан жети жыл өтүп,
Сегизге Манас жеткени.
Сегиз жылдын быягы,
Бала да болсо башында,
Быйыл сегиз жашында,
Пендеден башка сыягы.
Эркелетип энеси,
Аркалап жүрдү атасы.
Аркалабай не кылсын,
Артында жалгыз ботосу.
Ар мүчөсүн караса,
Адамдан башка жотосу.
Кээ бир күнү караса,
Кездей белин буунат,
Керээли кечке жуунат.
Кете берет бир күнү,
Билгенин кылып, турбастан.
Жүрүп кетет кээ бирде,
Бир ай да колун жуубастан.
Доргону көрсө токмоктойт,
Жамбы тийсе колуна
Чака пулча токтотпойт.
Баркын билбейт дүйнөнүн,
Бай Жакып байкап күйгөнү,
Баары сөзүн бай Жакып
Байбичеге сүйлөдү:

- Аңдасам балаң акыл аз,
Жөнүн таппайт, дөөлөт мас,
Тил азар деймин, динге кас.
Мал азабын балага
Бир тарттырып көрөлү,
Жайлоодогу койчуга
Алты ай малай берели,

Эркелетип олтурбай
Катыктырып көрөлү.
Сөз айтууга жатыксын,
Сөөгү бышып катыксын:
Малдын баркын билгизип,
Малай кылып киргизип,
Дүнүйө баркын билгизип,
Түк кап барып киргизип,
Ошпур деген койчу бар,
Оңдоп койсун ошолор.
Ал акылды бай Жакып
Байбичеге айтып салганы,
Макул экен бу сөз деп
Байбиче кабыл алганы.

Чакырды Жакып баланы,
Бай Жакыптын балага
Мал бактыруу талабы.
-Карыгамын атаң деп,
Кагылайын ботом деп,
Жылкы, төө малым бар,
Карып калдым, мал табар
Кайда менин алым бар,
Араң бир жүз коюм бар,
Ошпур деген бир бай бар,
Алтай баксаң козусун
Коюбузга кошумча
Кой берер деп оюм бар.
Бабаң Жакып мен деди,
Балам мал табар кезиң сен деди,
Барып Ошпур козусун
Аз күнү багып бер деди.
Жооп берди баласы,
Жоругу бөлөк Манасы:
-Ошпур кайда бай деди,
Баласы жок, малы көп,
Ал куруган кандай жан деди,
Ачка кылып койбосо
Жеткирип мени сал деди.
Бай бекен малы мол деди.
Арасы канча жол деди.

Анда Жакып кеп айтат,

Арасы күндүк деп айтат.
-Кой берүүчү бай болсо
Андан не үчүн качайын,
Жегениме май болсо,
Орун-төшөк жай болсо,
Чоң эмесмин, баламын,
Жообуңду ата алайын,
Токтобоймун, барамын,
Байкуш болор нээтим жок,
Мал табууга барамын,
Мени коюп, атаке,
Өз алыңды карагын.

Бармакка бала кубанды,
Бай Жакып келип токуду
Кула чабдар кунанды.
Ээрчитип Жакып алганы,
Эрмек кылып баланы,
Өз койчусу Ошпурдун
Короосуна барганы.

-Барсыңбы, Ошпур бай деди,
Жатырсыңбы жай деди.
Ошпур бай күттүң далайды,
Алып келдим мен сизге
Козу багар малайды.

Ошпур үйдөн чыкканы,
Жакыптын сөзүн укканы.
Түшүңүзчү аттан деп
Чылбырынан тутканы.
Аттан түшүп Жакып бай,
Акылдашты жайма-жай.
Ал айылда бар экен
Атасы кыргыз Кадообай,
Анын бардыр бир уулу,
Баласынын аты Чегебай.
Манас менен Чегебай
Козу баксын жайма-жай.
Бай Жакып айтты ушуну,
Баксын деди козуну.
Ошпур менен Кадоого,
Баланы багып кароого:

-Кээде ач болсун, кээде ток,
Кеби тийсе ур да, сок.
Катыксын деп баламды
Хан Жакыптын талабы.
Жашырып айтып Жакып бай
Кайтты үйүнө жайма-жай.

Кайтып Жакып кеткенин,
Манастын көргүн неткенин,
Арасынан булардын
Жетинчи күнгө жеткенин.
-Чеге бала чором деп
Жеке менин жором деп,
Жүр козуга баралы,
Жүдөтпөй малды багалы.
Козусун айдап кобурап,
Тоону көздөй жобурап,
Баланын сөзүн сөздөшүп,
Бара жатат бул экөө
Бадалдуу тоону көздөшүп.
Козусун балдар жайыптыр,
Колуна чыбык алыптыр,
Каршы алдынан бир бөрү
Качырып чыга калыптыр.

Карышкыр деп, бөрү деп
Кабарын мурун укпаган,
Жашы жеткен тогузга,
Карыш үйдөн чыкпаган.
Көзүн Манас салганы,
Баса калып козунун
Куйругун жулуп алганы,
Бул эмине шумдук деп
Көрүп айран калганы.
Манас туруп кеп сурайт,
Он бирдеги баладан
Бу эмине деп сурайт.
Көрө салып Чегебай:
-Атасынын көрү деп,
Баласы жок, малы көп,
Ал куруган кандай жан деди,
Ачка кылып койбосо
Жеткирип мени сал деди.

Бай бекен малы мол деди.
Арасы канча жол деди.

Анда Жакып кеп айтат,
Арасы күндүк деп айтат.
-Кой берүүчү бай болсо
Андан не үчүн качайын,
Жегениме май болсо,
Орун-төшөк жай болсо,
Чоң эмесмин, баламын,
Жообуңду ата алайын,
Токтобоймун, барамын,
Байкуш болор нээтим жок,
Мал табууга барамын,
Мени коюп, атаке,
Өз алыңды карагын.

Бармакка бала кубанды,
Бай Жакып келип токуду
Кула чабдар кунанды.
Ээрчитип Жакып алганы,
Эрмек кылып баланы,
Өз койчусу Ошпурдун
Короосуна барганы.

-Барсыңбы, Ошпур бай деди,
Жатырсыңбы жай деди.
Ошпур бай күттүң далайды,
Алып келдим мен сизге
Козу багар малайды.

Ошпур үйдөн чыкканы,
Жакыптын сөзүн укканы.
Түшүңүзчү аттан деп
Чылбырынан тутканы.
Аттан түшүп Жакып бай,
Акылдашты жайма-жай.
Ал айылда бар экен
Атасы кыргыз Кадообай,
Анын бардыр бир уулу,
Баласынын аты Чегебай.
Манас менен Чегебай
Козу баксын жайма-жай.

Бай Жакып айтты ушуну,
Баксын деди козуну.
Ошпур менен Кадоого,
Баланы багып кароого:
-Кээде ач болсун, кээде ток,
Кеби тийсе ур да, сок.
Катыксын деп баламды
Хан Жакыптын талабы.
Жашырып айтып Жакып бай
Кайтты үйүнө жайма-жай.

Кайтып Жакып кеткенин,
Манастын көргүн неткенин,
Арасынан булардын
Жетинчи күнгө жеткенин.
-Чеге бала чором деп
Жеке менин жором деп,
Жүр козуга баралы,
Жүдөтпөй малды багалы.
Козусун айдап кобурап,
Тоону көздөй жобурап,
Баланын сөзүн сөздөшүп,
Бара жатат бул экөө
Бадалдуу тоону көздөшүп.
Козусун балдар жайыптыр,
Колуна чыбык алыптыр,
Каршы алдынан бир бөрү
Качырып чыга калыптыр.

Карышкыр деп, бөрү деп
Кабарын мурун укпаган,
Жашы жеткен тогузга,
Карыш үйдөн чыкпаган.
Көзүн Манас салганы,
Баса калып козунун
Куйругун жулуп алганы,
Бул эмине шумдук деп
Көрүп айран калганы.
Манас туруп кеп сурайт,
Он бирдеги баладан
Бу эмине деп сурайт.
Көрө салып Чегебай:
-Атасынын көрү деп,

Аты мунун бөрү деп,
Кое берсе эркине
Кете берет тоо жакка
Бу козунун баарын жеп.

Чегебай айгай салганы.
-Кыйкырганың эмине?
Кыңк этпегин дегеле,
Бөрү болсо нетер деп,
Карды тойсо кетер деп
Манас айтып салганы.
-Козуга убал болор деп,
Баарын жесе, капырдын,
Карыны араң толор деп
Бара чурап калганы.
Бала жаткан балага
Бөрү көзүн салганы.
Кайрат кылды күркүрөп,
Кайта качты Чегебай
Кара бою дүркүрөп.

Коркоксуң, кайра качтың деп,
Акылыңдан шаштың деп,
Кужуру кайнап эр Манас:
-Кулагынан алайын,
Өлбөгөн жерде калайын.
Мунун атын бөрү дейби деп,
Адамды бөрү жейби деп,
Кашына чуркап барганы.

Көтөрүп алып козуну
Качып карышкыр кеткени.
Чала- була куйруктап
Кууган менен жетпеди.
Тогузунда коркпогон
Эрдиги эмей неткени.
Көтөргөн бойдон көк бөрү
Тоодон ашып кеткени.
Токтобостон кубалап
Капчал улуу зоо менен,
Көз учкан бийик тоо экен
Карышкыр кирип кеткени,
Козунун канын кубалап

Артынан Манас жеткени.
Жетип барып караса
Аттары бар канаттуу,
Адамдан башка санаттуу,
Аргымак, бедөө минишкен,
Аземдүү тонду кийишкен
Бир үңкүрдө кырк киши,
Бир өтөктө жык киши.
Чайдоосто чайы кайнаган,
Дасторкону жайнаган,
Албан түрдүү жемиштер
Оозго салып чайнаган.

Аларды көрүп алганы,
Жартысын жеген козусун
Жанына байлап салганы.
Козусу аман маарап тур,
Козуга Манас карап тур.
Жартысын жеп козунун
Көтөрүп алып кетти деп,
Көрдүм эле көз менен,
Бу козуга нетти деп,
Көтөрүп келип козумду
Карышкыр кайда кетти деп,
Кана, карап турган адамдар
Айтыңарчы кепти деп
Бала минтип сурады.
Көпкөрүнөө көзүмчө
Төгүлдү козу каны деп,
Өлгөндөй болду жаны деп
Эми келип бу жерден
Эч бир жерде тагы жок,
Тирүү көрдүм аны деп.

Бала токтоп калганы,
Баягы турган кырк адам
Балага көзүн салганы.

Коркпой сөздү тыңда деп,
Козуң турат мында деп.
Балага сөздү салганы,
Көрүп туруп эр Манас
Көңүлү айран калганы.

-Кайтарган козум көп деди
Бир козумду көтөргөн
Бөрүнүн түрү көк деди.
Козунун жармын бөлдү эле,
Көзүмчө козум өлдү эле.

Ит сүрөттүү, тик кулак,
Бир кулач жерди бир чурап,
Козума бөрү жеткени,
Козумду кызыл кан кылып
Көтөрө качып кеткени.
Таштуу кырдан ашты эле,
Жалгыз менден качты эле,
Жаны чыгып шашты эле.
Бөрү кайда кетти деп,
Бөлөкчө кылба кепти деп,
Бу сиздерге нетти деп,
Кууп келдим бөрүнү,
Бөрү качып сиздерге
Салган экен жөнүнү.
Артынан кууп мен келсем
Адам болуп калыпсыз,
Алып келип козумду
Аман байлап салыпсыз.
Ар борумуң бир бөлөк
Кайдан келген калыксың?
Көрдүңөрбү бөрүнү,
Көрүнүп кетсе сиздерге
Көрсөтүп кой жөнүнү.

Адамдар анда кеп айтат,
Аңдап көр, балам, деп айтат:
-Бөрү болгон биз деди,
Бөлөкчө жансыз сиз деди,
Кызыр Иляс деген бар,
Сизди кырк күндөн бери издедик
Кырк чилтен деген биз деди,
Козуңа салган тиш деди.

Анда Манас кеп сурайт:
-Кандайлыктан адамдар
Карышкыр болдуң деп сурайт.
Карышкыр болгон кайсыңыз,

Кайсы экенин айтыңыз?
Кана көк бөрү болчу көрөйүн,
Көңүлүм анан бөлөйүн.
Айткан насиятыңа
Анан кийин көнөйүн.
Кандай жансыз билейин,
Кабарыңа кирейин.
Ал сөздү бала салганы,
Кызматта жүргөн кырк чилтен
Каткырып күлүп калганы.
Бир силкинип бирөөбү
Көк бөрү, бирде адам
Анык сонун экен деп
Көөнүнө бала алганы.

Арт жагынан Чегебай
Бала келип калганы,
Манас менен кырк чилтен
Баарына көзүн салганы.
Маарап турган козуну
Аман көрүп ушуну
Айран азыр калганы.
Аял-уял сөзү жок,
Кырк чилтен айтып салганы:
-Баланын аты Чеге деп,
Мындан кийин мунун атын Чеге дебе деп
Кутман болор сага деп,
Дартыңа болор даба деп,
Куту бий болуп атанат,
Кудаанын атын жат алат.
Отуз тогуз жолдошуң

Алардын аты колдо деп,
Олтурбайбыз бул жерде,
Жүрөлүк энди жолдо деп,
Кайып болду көзүнөн,
Кыпындай неме калбады
Кырк кишинин өзүнөн.

Эки бала энтелеп,
Козусун алып жетелеп,
Келди тоонун башына,
Көп козунун кашына.

Жана көргөн көп киши
Куп сыйлады мени деп,
Куту бий деди сени деп,
Белги калбай жоголду,
Бекер эмес өздөрү,
Бек айбат экен сөздөрү.
Колу тийди алардын,
Козу соо болгон жок,
Кой ушуну соелу,
Этин жейли, тоелу,
Ата-энебиз сураса
Аларга айтпай коелу.

Акылдаша салышты.
Козуну союп алышты,
Жагарына оту жок,
Айран азыр калышты.
Бу козуну сойдук деп,
Сойгон менен ушуну
От таба албай койдук деп,
Жыйып алды жыгачты,
Ойсуратты отунду,
От таба албай отурду.

Ошонгуча болбоду,
Белине балта байлаган,
Беш таначар айдаган
Бир чал келип калганы,
Балдарга көзүн салганы.
-Кандай бейбаш баласың,
Бекеринен не үчүн
Козу союп саласың?
Эне-атаңа айтамын,
Айтып коюп кайтамын.

Абышка жолго салганы,
Оттугу бар жанында,
Бастырарда абышка
Бала тура калганы,
Ат жалынан алганы,
-Абышкам, токто, от бер деп,
Асылып бала калганы.

Абышка жайын сурасаң
Алтай тыргоот калмагы
Үтүгүнө шоодай деп,
Үтүрөйүп бу калмак,
Үксөңдөгөн куу калмак
От бербеди балага.

Тогуз жашар баланын
Толук ачуу келгени,
Курдан кармап алганы,
Оодара тартып атынан
Чалды жерге салганы.

Чал жыгылды чалкадан,
Жүрөк, боору үзүлүп
Жүдөгөн чал өлөт деп
Жанындагы Кутубий
Жөлөп калды аркадан.
Чалдын көзү сүзүлүп,
Кур белинен үзүлүп,
Оттук менен бычагын
Кыраан Манас жаш бала
Чалдан тартып алганы.
Анда Манас кеп айтат,
Ачуусу келип бек айтат:
-Чагып бер десем чакмакты,
Көрбөдүм сендей акмакты.
Айтып бар деп Ошпурга,
Ачуусу келип ушуга,
Айдайсың тана мал деди,
Алдың каткан чал деди,
Айтып барып Ошпурга
Мага билгениң кылып сал деди.
Сенин танаңдын бирин союон,
Тамашага коеюн,
Аларсың Жакып байдан деп,
Ачуулансам бир жолу
Көчүрөм ушул жайдан деп,
Көз жеткен жердин баарынан
Көрбөдүм сендей айбан деп,
Айтып барып байыма
Талабыңа жет деди,
Тарпың калбай өлөсүң,

Чал аттанып кет деди.
Оттук, бычак, куруңуз
Олжо бизге мунуңуз
Оолак кет, эрте туруңуз.

Бу абышка кеп сурайт,
Бурут кимдин баласы,
Жөнүн айтчы деп сурайт.
Анда Манас кеп айтат,
Ачуусу келип бек айтат:
-Ата жөнүм сурабай
Аттангын, чалым, деп айтат.
Корккондон чалың компоюп,
Аттанып алып зомпоюп,
Оттук, курдан айрылып,
Ошпурду көздөй сумсайып,
Чалдын жөнөп кеткени,
Балдардын көргүн неткенин.

Сараймандын айлы экен,
Саламат экен атасы,
Эки жүз козу сугарып,
Козусун жайып чыгарып,
Кемирчек казып алыптыр,
Бу экөөнүн кашына
Алар төрт бала келип калыптыр.

Төртөө боюн теңешип,
Төмөндөн келет кеңешип:
Бу козу отточу жер эле,
Бир жагы токой чер эле,
Чендетпейлик ченине,
Келтирбейлик буларды
Козу отточу жерине.
Экөөн койсок ыйлатып,
Эзип, жанчып кыйратып,
Үйлөрүнө барар деп,
Ушу жерге келиштен
Үмүтүн үзүп салар деп.
Короосуна барар деп,
Коркуп кетип калар деп.

Төрт бала келип калганы,

Аксакалы Айнакул
Жанындагы Кутмандын
Төшүнө минип алганы.
Төрөм кантер экен деп
Чегебай көзүн салганы.
Төрө демек бир кыял
Оюна келип калганы.

Ай, бачагар, тургун деп,
Аны барып жаш Манас
Жыга тартып салганы.
Тура калып Манаска
Жудурук коюп калганы.
Башты көздөй туштады,
Манас туруп муштады.
Айнакул калба баштады,
Манас башка койгондо
Башы үзүлө таштады,
Эки көзүн жаштады.
Эстен танып далдайып,
Айнакул калды шалдайып.

Ойногонго нетти деп,
Ооп эсиң кетти деп,
Ойлобостон айтасың
Оозуңа келген кепти деп.
Өз кылганың өзүңө,
Жетип келип баскыдай
Не көрүндү көзүңө?

Муну айтып эр Манас
Жакасынан сүйрөдү,
Жаным чыгат кокуй деп
Жалынып бала сүйлөдү.

Сынганга окшойт башым деп,
Чыкты көздөн жашым деп
Тура албады ордунан,
Тур деп келип бу Манас
Көтөрдү анын колунан.
Урууга келген үч бала
Манастын кирди соңунан.

Бирөө кармап солунан,
Бирөө кармап оңунан,
Бирөө келип жабышып
Түшпөдү Манас жонунан.
Ачууланып Манастын
Түгү тешти тонунан,
Камтый кармап үчөөнү
Урду жерге колунан.

Төртөө бирдей ыйлады,
Төгүп жашын тыйбады.
Төрө мени дегин деп,
Козунун этин жегин деп
Төртөөн Манас сыйлады.
Шишкебек кылып козуну
Жегин деди ушуну,
Куйрук менен башыны
Куп жедирди ушуну.

Тойдуңарбы кардыңар,
Кардың тоюп алган соң
Үйгө не үчүн бардыңар?
Алты бала чогулдук,
Нак ушу жерге жатабыз,
Ашык оюн атабыз.

Аны айтып бу Манас
Козусун кошуп алганы,
Коркутуп антип салганы,
Балдардын баарын кетирбей
Конуп жатып алганы.
Түн ортосу болгондо
Кобо калып бу Манас
Жана бир козу кармады.
Балдарына сойдурду,
Баягы турган алтоону
Шишкебекке тойдурду.

Балдарды минтип майтарып
Басып жүрөт уктабайт,
Козуларын кайтарып.
Саргарган таң чыгыптыр,
Дагы кармап бу Манас

Бир козуну жыгыптыр,
Ач болобуз эртең деп,
Ойготту эле баарысын
Бешөө турду темтеңдеп,
Бачымыраак бышыр деп
Манас шашат энтеңдеп.

Шишкебегин сайышып,
Козуларын жайышып
Алты бала турушту,
Андай кылды жумушту.
Айылдагынын баарысы
Кечээ кечтен бери жакка
Козу издешип курушту.

Койдун баары маарашып,
Козу кайда кеткен деп,
Бай Жакыптын баласы
Манас түпкө жеткен деп,
Кокту-кырдан карашып,
Кеткен экен шум балдар
Айыл таппай адашып.
Ошпур айтып ошону
Атка минип алыптыр,
Айгайды кырга салыптыр.

Саламаттын айылы
Санаалары бузулуп,
Козусу үчүн кысылып:
-Төрт балага неткен деп,
Адашып булар кеткен деп,
Кыргандыр го кыйласын,
Карышкыр түпкө жеткен деп,
Аттуу, жөөлү болушуп,
Адырдан издеп тепеңдеп,
Алда эмине болду экен
Аман тапсак экен деп
Алар дагы санап жүр,
Ар коктудан карап жүр,
Алмалуунун жылгада
Алыс жерден караса,
Айдап алып козуну
Алты бөрү талап жүр.

Кудай уруп коюптур,
Козунун көзүн оюптур,
Кырып жүрөт ана деп,
Кызталак балдар кана деп,
Саламат айлы баарысы,
Бу жактан келет кыйкырып
Кадоо, Ошпур карысы.
Туш-тушунан сабалап
Жетип келип караса
Карышкыр түгүл таш да жок,
Бая балдарынан башка жок.

Он-онбеши жыйылып
Чогулушуп турады,
Не кондуңар мында деп
Жаш балдардан сурады.

-Береги Ошпур байдын малайы
Ойрон кылды далайды.
Үч козуну сойду деп,
Үйүбүзгө жибербей
Конуп жат деп койду деп
Балдар сөзүн салганы.
Байдын бирөө Саламат,
Байкап туруп бу кебин
Айран-азыр калганы.

Конгонуңар талаа деп,
Козуну бөлүп сана деп,
Конгон жерин карады.
Сана деген Саламат,
Жанында кыйла жамагат,
Эсен, түгөл козусу.

Энди Ошпурга кеп айтат:
-Эсебин ал козуңдун.
Козу эсебин алууга
Мен сенден мурун озундум.

Саламат айтып салганы,
Кадоо менен Ошпур бай
Козусун санап алганы.
Аман экен жуда деп,

Апкаарышып жаш балдар
Манас козу сойду деп
Калп айтышты булар деп
Козуларын бөлүштү.
Айдап кырып жүргөнүн
Алыстан алар көрүштү.

Карыялар кеп айтат,
Бу кандай кеп деп айтат:
-Алты бөрү аралап
Жүрөт эле козуну,
Анык көрдүк ошону.
Келсек алты бала деп,
Ары бери ойлонуп
Көңүлүм болду ала деп,
Алыстан бизге көрүнгөн,
Алып-жулуп ыргыткан,
Ач бөрүлөр кана деп
Акылдашты чалдары,
Айдап алып козусун
Айылга барды балдары,
Айтор бир шумдук экен деп
Алар да айран калганы.
Чал чогулуп турганда
Баягы Баянчор калмак барганы.

Ошпур байга кеп айтат:
-Тааптырсың малайды,
Малайың кылар далайды.
Тогуздагы бала экен,
Тозоку болчу жан экен.
Онго чыккан бала экен,
Ойрон болчу жан экен,
Үрпөйгөндө кайраты
Үрүстөмдөй бар экен.
Жетимиш төрт жашым деп,
Жерге кире таштады
Серпкенинде башым деп.
Оодарып аттан алды деп,
Ойрон болор чагымда
Жанындагы бир бала
Жакшы жөлөп калды деп.
Жалган дебе мунумду,

Тартып алды курумду.
Оң жактан салды кучакты,
Оодарып тартып алды го
Оттук менен бычакты.
Алып бер малайыңдан деп,
Бузук сүйсөң бурутум
Бычагың тартып алармын
Мен дагы далайыңдан деп
Баянчор айтып салганы.
Бар болсо алып берем деп
Ошпур жөнөп калганы.

Жамыратып козуну,
Жалдыратып көзүнү,
Байкап тургун Ошпурдун
Балага айткан сөзүнү:
-Кандай курган баласың,
Келгениң сегиз күн болду
Калбаны мынча саласың.
Карып калган калмактын
Үзүптүрсүн куруну,
Калмак келип турбайбы
Катуу салып суруну.
Ойноп алсаң бере кой
Оттук менен бычагын,
Ушу бейлиң бар болсо
Сени ойрон кылып бычамын.
Бере кой, Манас балам, деп,
Мен дагы абийир алам деп
Ошпур чал айта салганы.
Одурайып бетине
Манас карап калганы.

Мен кечээ алдым жаңы олжо деп,
Менин бербесимди болжо деп,
Олжону берип болобу,
Ошентсе Манас оңобу?
Чал сүйөнөт чалдарга,
Бөлүп берип койгомун
Жанымдагы балдарга.
Бергин десең, Ошпур бай,
Калаба салып көрөмүн,
Калмагыңды өлтүрүп,

Кунун байлап беремин.
Муну айтып жаш Манас
Баянчорго жеткени,
Айбатына тура албай
Аттана качып кеткени,
Артынан кууп Манасы
Аттууга жөө жетпеди.

Манаска Ошпур бата албай,
Батынып кебин айта албай,
Куруган кандай бала деп,
Мени курутмакка бай Жакып
Берген экен мага деп,
Бай Жакыпка барайын,
Мунун баянын айтып салайын,
Куу баладан кутулуп,
Анан тынчтык алайын.
Аны ойлонуп Ошпур бай
Бай Жакып көздөй жөнөдү.

Эртеси жок кечинде,
Кечки дигер кезинде
Барды Жакып байына,
Баланын барган жайына,
Бакдөөлөт менен Чыйырды
Амандашты баарына.
Балаң кандай жүрөт деп
Байбиче келди жанына.

-Аман-эсен акыр деп,
Билгенин кылып жатыр деп,
Өзүңөрдөн кой багып
Мен бир жүргөн жакыр деп,
Кое берсем оюна
Козу менен коюнду
Түгөткөндөй такыр деп,
Албасаңар болбос деп,
Ал коюндан койбос деп,
Айдап коюң бөлдү деп,
Аз күнү койсоң угасың
Аксакал Ошпур өлдү деп.

А сөзүн айтып салганы,

Аңдап билип байбиче
Бай Жакыпка барганы:
-Кутула албай жүрсүңбү
Курган жалгыз баламдан,
Бассам муунум бошонуп
Балам кетпейт санаамдан.
Кутула албай жүрсүңбү,
Көргөн жалгыз караңдан,
Көп чочунам шол жерде
Калмак деген арамдан.
Калмактын калың жеринде,
Алтайдын арбын элинде,
Азыр коюң Тушан тоонун белин
Тентек өскөн балаң бар,
Телмирип жүрөт бекен деп
Көңүлүмдө алаң бар.
Алып келгин баламды,
Сактатпаймын талааңды.

Байбиче сүйлөп салганы,
Байкап туруп бу кепти
Бай Жакып оюна алганы.

А күнү анда конгону,
Эртеңки жарык болгону.
Баланын алды кунанын,
Баянын билди булардын.
Баламды алып келейин,
Байбиченин колуна
Соо-саламат берейин.

Ошпур байым, жүргүн деп,
Ойду-тоону ойлонуп
Бай Жакып жолго салыптыр,
Ошо күнү кечинде
Ошпур байдын айлына
Бай Жакып жетип алыптыр.

Атасы Жакып кеп айтат:
-Айланайын каралдым,
Бери келгин деп айтат,
Козу бакпай коюпсуң,
Бир айча да болгон жок,

Бир түндө үчтөн союпсуң.
Урупсуң кары калмакты,
Калмак ойлоп кетиптир
Мени бир балаага салмакты.
Бай Жакып айтып салганы,
Манас угуп алганы.
-Эмне дейсиң, ата, деп
Бала көзүн салганы.

Корголоп жүрүп күн көрбөй
Кое койсом не болор?!
Качып жүрүп күн көрбөй
Катылышса көрөрмүн,
Каза жетсе өлөрмүн!
Калмактан мени кач дебей
Атаке, кайтып өзүң жөнөгүн!

-Энең алды эсимди,
Баласын малай берди деп
Эл кайтарды десимди,
Эми куру барганда
Энең алар эсимди.

Бай Жакып турду майышып,
Баласына кайышып.
Барбаймын деп айта албай,
Бай Жакып сөзүн кайтарбай
Бармак болду баласы,
Жакыптын тынды санаасы.
Кере күндүк жол эле
Бара турган арасы,
Асты жагын караса
Ак-Өтөктүн талаасы.
Алмалуунун алты суу
Айылынан түшчүлүк,
Жылкы жатар жери бу.

Жылкычы башы Ыйманды,
Ак-Өтөктөн көрүптүр
Асман баскан туманды,
Бу эмине тозоң деп
Айран болуп турганы.
Аңдап турса артынан

Жылкычысын токмоктоп,
Алты зубун калмагы
Он чактысы чогулуп
Ортого алып кууганы.
Кулундары куюгуп,
Кунандары жарышып,

Куйругун сыртка салышып,
Аңгилери алышып,
Токтото албай жылкычы
Токмокту жеп калышып.

Жер коруган калмакка
Жетип Жакып барганы:
-Алты зубун нетти деп,
Жылкыны кызыл май кылып,
Эмне болуп кетти деп,
Апраңдабай баарыңар
Айтыңарчы кепти деп.

Жакыпты көрүп желгени,
Жылкычысы Ыйманы
Ыйлап жашын тыйбады,
Жанына жакын келгени,
Башы-көзү кан болуп,
Манас турат таң болуп.
Таңыркап Манас турады,
-Кимдин малы бул мал деп
Бай Жакыптан сурады.
Калмактар кандай урган деп,
Бу жылкы кайда мурун турган деп,
Эмне үчүн калмактар
Бу байкушту урган деп
Баласы сурай калганы.
Чыдай албай бай Жакып
Чынын айтып салганы:
-Балам, биздин жылкы деп,
Башы жок мал курусун,
Баштатан мазак кылды деп,
Алты зубун калмагы
Коруган экен жерин деп,
Отуз байтал, беш аттан
От майына бердим деп,

Ошону да азсынып
Кууп жылкым келди деп
Жакып бай айта салганы.
Жакып байды көргөндө
Жарылдашып калмактар
Курчап келип калганы.
Тегеректеп турсак деп,
Тентегирээк сүйлөсө
Бай Жакыпты урсак деп
Урмак үчүн камын жеп.

Кортук башчы кеп айтат,
Кайнатам Калдай деп айт
Ачууланды бу Кортук
Аминиңе шоодай деп,
Анда Манас сурады
Атаке, бу эмине деди деп

Анда Жакып муну айтат
-Айланайын, балам деп
Анын несин сурайсың,
Аябай азап тартууга
Азыр турат бабаң деп
Оозуна Жакып алганы.
Он калмактын бирөөбү
Озунуп келип Жакыпты
Оройго камчы салганы.

Башына камчы чабылды,
Тебетей чаңы кагылды,
Тегеректеп он калмак
Бай Жакыпка жабылды.
Атасын көрүп жаш Манас
Урушмакка камынды.
Жылкычысы Ыйманы
Жаш кайыңдан кыйганы,
Кайыңдан кыйып катырга
Кабыгы менен жаткырган
Кара боолук тактырган,
Ыймандын алды колунан,
Бай Жакып үйгө келгенче
Балакет чыккан жолунан,
Качырып кирди жаш Манас

Калмактардын соңунан.
Укуруктун учунан кармап алганы,
Калмактын Кортук башчысын
Качырып келип жаш Манас
Как төбөгө салганы.

Укурук тийди башына,
Кан жабылды кашына,
Калмактын мээси агарып
Кошо кетти караса
Укуруктун башына.
Бекем башка чабылды,
Мээ курукка жабылды,
Лайламалуу деп
Калмактар эстен жаңылды.
Аттан түшүп албайып,
Жер кучактап далдайып,
Жолдош болгон тогузу
Коркуп турду шалдайып.

Баласы укурук алды деп,
Башчы болгон Кортуктун
Башын жарып салды деп,
Баланы кармап алалык,
Башына шири салалык.
Үйгө алып барып кыйнайлык,
Алты зубун калмакты
Аяк-башын жыйнайлык.
Каңгайга кабар салалык,
Маңгулдун баарын алалык,
Бай Жакыпка түк койбой
Талап кетип калалык.

Кармайбыз деп камынды,
Карап турган Манаска
Кайгайлашып жабылды.
Укуругу колунда,
Ушунун кара соңуна.
Кармоого калмак жеткени,
Качырганда капырга
Карап турбай жаш Манас
Карсылдаша кеткени.
Чапканы түштү чалкадан,

Урганы түштү узундан,
Урушкан менен калмактар
Аман калбас ушундан.

Атасы Жакып акырып,
Айланайын койгун деп
Арачалап бакырып.
Беш жылкычы, бир бала
Мен-менсиген калмакты
Беш, алтоон кубалап,
Бел ашырды жапырып,
-Бери токто, балам, деп
Бай Жакып барат чакырып.

Аралоого калмакка
Айлына жакын калыптыр.
Жалгызым эми кантет деп
Аркасынан баланын
Айгайды Жакып салыптыр.

Атасы үнүн уккан соң
Астындагы сур бышты
Оозун тартып алыптыр.
Атакеси Жакып бай
Артынан келип калыптыр:
-Айланайын каралдым,
Алды-артыңды карагын,
Кызырлуу кыргыз элиң жок,
Азыр кыйындык кылар эбиң жок
Түмөн кыргыз элиң жок,
Тентектик кылар эбиң жок,
Дегелешип калмакка
Тең айтышар кебиң жок.
Балтыр этиң толо элек,
Балбан чагың боло элек.
Жүрөк этиң толо элек,
Жүткүнөр чагың боло элек.
Карагын айткан сөзүмдү,
Аңдап, көрчү, кулунум,
Алды-артыңда күйөр жок,
Ачып кара көзүңдү.
Каңгайдан калың кол келет,
Карып калган чагымда

Кара жанга зор келет,
Алтайдан арбын кол келет,
Аксакал болгон чагымда
Азаптуу жанга зор келет.
Кызыл чоктуу көп ойрот,
Мени кытай кайдан соо коет?!
Кара чоктуу көп ойрот,
Калмак кайдан соо коет?!
Кара көзүм оет бейм,
Карып калган атаңды
Каапырлар кармап соет дейм.
Кара жаным саа курман,
Белиме таңуу каралдым,
Сени дагы кокустан
Мерт таптырып коет дейм.
Өлбөсөң өчүм аларсың,
Өлүп калсаң, каралдым,
Өксүп жатып каларсың.
Кетпесең кегим аларсың,
Кетип калсаң, кулунум,
Кемип жатып каларсың.
Баштан ары бир салып
Башчысын мурун сойдуң деп,
Башкалары не болду,
Балаага мени койдуң деп,
Чокудан ары бир салып
Чоңсунганын сойдуң деп,
Жолдоштору не болду,
Мени жоболоңго койдуң деп.
Жүргүн кайра жөнөйлү,
Калмактарды көрөлү,
Кантер экен каапырлар,
Каалаcа кунун берели.

Бай Жакып кайра бастырды.
Бала Манас кеп айтат:
-Ай, атаке, деп айтат,
Курулай корктуң тегеле,
Кун дегениң эмине?

Анда Жакып кеп айтат:
-Кун деп санап мал алат,
Ал малына көнбөсөң

Бу курган кыргыз таланат.
Айбына санап мал алат,
Айтканына көнбөсөң
Аз кыргыз мында таланат.
Акырында, кулунум,
Өлтүрбөй койбойт өзүңдү,
Ойбой койбойт көзүңдү,
Аңдап бил айткан сөзүмдү.

Баласы Манас кеп айтат:
-Ай, атаке, деп айтат,
Абалында кол салып,
Сизди келип камалап
Урган калмак турбайбы.
Жалгыз чака пул берсем
Мени кудай урбайбы.
Кылымга малың толуптур,
Эсебин уксам, атаке,
Кырк миң жылкың болуптур,
Жылкычың Ыйман угузду,
Жыйылып турган жеримде
Кулакка сөзүн жугузду.
Калмак өлүп калды деп,
Каалаcа алар малды деп,
Кайрат айтты Ыйманың.
Калмакка кыргын саларда
Кайтарып мени тыйганың.
Ырасын айтсам сөзүм бу -
Ырысымды кыйганың.
Коркуп жүрүп бирөөдөн
Мен короого малды жыйбадым!
Жалынып жүрүп бирөөгө
Мен жайытка малды жыйбадым!
Арбытып айыл жыяйын,
Аманат жанга бир өлүм,
Намыс үчүн кыяйын.
Короого коншу жыяйын,
Корксо да жанга бир өлүм,
Арбак үчүн кыяйын.
Сенин түбүң кимден болчу деп,
Түрмөгүң айтып койчу деп,
Тегиң кимден болчу деп,
Терип айтып койчу деп

Тегин бала сурады,
Телмирип Жакып турады.
Түбүн бала сурады,
Түнөрүп Жакып турады.

-Оо балам, уругуң кыргыз-
түрк деп,
Өкүмөт кылган бабабыз
Кытайдын журтун сүрүп деп,
Айрылганбыз эл-журттан,
Ар кайсыбыз ар жерде
Аким болуп жүрүп деп.

Чоң атаң аты Ногой деп,
Каратып турду Кашкарды,
Кара-Шаарга жеткенче
Хан атаң Ногой башкарды.
Санатын алган Сары-Колду,
Ага самаган душман сап болду.
Ордо кылган Ополду,
Даң-дуң тоонун оюна
Далай журтун которду.
Соонар көлдү бойлогон
Балам, бабаң Ногой тушунда
Согушкандар сойлогон,
Лоп жакасын жердеген,
Ойротко намыс бербеген.
Бизди кудай урганда,
Эл кадырын биле албай
Эндейинки турганда,
Эсенкандын жарлыгын,
Көрүп калдык ошондо
Бийлигинин бардыгын,
Тартып калдык ошондо
Кытайлардын тарлыгын,
Көрүп калдык ошондо
Башка токтоп турбаган
Дүнүйөнүн карлыгын.
Эсенкандын элинен
Элүү жүз миң кол келди,
Чаап түштү талкалап
Биз караткан көп элди.
Эндекей жатып эзилдик,

Кенебей жатып кесилдик.
Байкабай жатып малындык,
Башыбыз торго чалындык,
Бар кудай жанды койгун деп
Жараткан деп жалындык.
Кыргынды кытай салганы,
Кыйла жан өлүп калганы.
Кытайдан качып кыйла жан
Балам, Багдатты көздөй барганы
Баштатан минтип чачылып
Бабаңдын ичте арманы.
Букарабыз, бу күндө,
Башты кытай кармады.
Бай деген бир агаң бар,
Ополду жердеп калганы.
Орозду деген агаң бар,
Жайлайт деп угам Алайды.
Жакып деген өз атаң,
Жардылыктан, жоктуктан
Мен  да көрдүм далайды.
Үсөн аттуу агаңды,
Үмүтүм андан үзүлдү,
Кытайдын кыям жагында,
Даңгирди жердейт шекилдүү
Бери жагында кырк күндүк
Караңгы токой чер бар дейт,
Ал токойдун ичинде
Аюу, жолборс, кабылан,
Албан түрдүү шер бар дейт.
Андан ары барганда
Кайып багып мал кылган
Канча түрдүү эл бар дейт.
Байкап турсам не түрдүү
Барса келбес жер бар дейт.
Көп алыс жолго барды деп
Көргөн, уккан эл айтат,
Эл айтканда нени айтат,
Көрө албайсың деп айтат.
Үсөн атын жойду деп,
Аттары бузук алардын,
Көз каман деп койду деп,
Улуу уулу Көкчөгөз,
Угулат мага шондой сөз.

Экинчиси Чагалдай,
Анын элесин калдык таба албай
Үчүнчүсү Агалдай,
Үшкүрөмүн бара албай.
Төртүнчүсү Дөрбөлдөй,
Анын барган жери бир көрдөй.
Бешинчиси Арбалдай,
Бербердигер бир кудай
Бендесин чачат ар кандай.
Алтынчысы Бекебай,
Аларды санап олтурсам
Арман кылам бир далай.
Жетинчиси Токтобай,
Мен алардын жанында
Жеримде жатам жайма-жай.
Ногой деген бабаңдын
Иниси бар - эр Шыгай.
Шыгайдын уулу Жапакты,
Сар-Кол менен Үч-Артта
Жатат деди ушунда.
Жатат деп угам жан багып,
Жаркен жагы күн батыш
Жамыра тоодо мал багып.
Балам чачылган сенин тууганың,
Менин чамам кетип турганым,
Капилет жерден эр өлүп,
Карганда менин курганым.

Хан Жакып айтып болгону,
Кайышып бала толгонду.
Кайда кетип калды экен,
Бөрү болгон кырк киши,
Кайда экен деп ойлонду.
Бекер эмес эле деп,
Бел-белди карап элеңдеп.
Жакыпка жооп айта албай,
Жаман жерден өлтүрүп,
Иш кылдым деп шайтандай
Талаага көзүн салганы,
Кызыл байрак көтөргөн
Кырк киши чыга калганы.
Кыйкырыгы баш жарып
Бала күлүп калганы,

Баласы күлүп турганга
Бай Жакып көзүн салганы.

-Элсиз, күнсүз болдуң деп,
Не көрүп балам күлдүң деп,
Өлтүрүп эрди сойдуң деп,
Өкүнүчкө мени койдуң деп
Жакып бай сөзгө алганы.
Жакыпка жооп айтканча,
Жабырлашып кырк чилтен
Балага келип калганы.

Атасын бала билбеди,
Адам көзүнө илбеди,
Амандашып сүйлөшүп,
Таанып калган кишини,
Таамай көрүп ошону,
Өлүп жаткан калмактын
Айтты кылган ишини.
Атама таяк салды деп,
Айдады кууп малды деп,
Өзүндөй кылып мен дагы
Өтүнүп таяк салдым деп,
Укурук менен бир салсам
Ушинтип өлүп калды деп.
Атам турат кайгырып,
Акылынан айрылып.

Жаш бала айтып салганы,
-Бери бастыр балам деп
Кырк чилтен сурап калганы.
Кайгырбагын өзүң деп,
Жумгун балам көзүң деп,
Кайберен кырк чилтен
Балага айтып туруптур,
Бала көзүн жумуптур.
Алды-артына караса,
Көз жеткен жердин баарында
Көп-көк темир кийинген
Көп аскер курчап туруптур.
Алтындуу таажы башында,
Агала сакал бирөө тур
Аскеринин кашында.

Жумуп турган көзү бар,
Сурай турган Манастын
Чилтендерден сөзү бар.
Чилтендерден кеп сурайт,
Көк темир кийген көп аскер
Бу кимдики деп сурайт.

Анда чилтен кеп айтат:
-Ак буйругу биздики,
Аскердин баары сиздики.
Башыңа дөөлөт конор деп,
Өлүп жаткан калмактын
Баласы жолдош болор деп.
Жолдош болгон баласы,
Манжурдан келген эл үчүн
Манжыбек деп аталат.
Кара токо калкы бар,
Кайраты толук каркыбар,
Алгын кабар сөзүмдөн,
Атасы өлдү өзүңдөн,
Эртели-кечти эки убак
Баласы чыкпайт сөзүңдөн.
Кармаарыңа кол болуп,
Казатка чыксаң жол болуп,
Көрөрүңө эс болуп,
Чогулган калмак карасы
Жоролошуп өзүңө
Жолдош болот баласы.

Жана Манас кеп сурайт,
Жайы-көйүн көп сурайт,
Алтын таажы башында,
Аскердин турган кашында
Бу ким деген деп сурайт.

Аскердин турган кашында,
Азыр он беш жашында,
Акылы болор жай деди,
Атасы анын Бай деди,
Жарыгы тиер ай деди.
Аны айтып чилтендер
Ачкын деди көзүңдү.

Көзүн Манас ачыптыр,
Көрсө Жакып атасы
Үйүн көздөй качыптыр.
Жылкычы башы Ыйманы,
Жылкыны айдап жыйганы
Кайып болду кырк чилтен
Караса как талаада
Кайгырып бала ыйлады,
Кара жашын тыйбады.
Кардык түшүп башына,
Атакем кайда кетти деп,
Мен аны талаада неттим деп
Кызыл байрак кырк адам,
Кылчайбай кайып болду деп
Ээн талаа, эрме чөл
Мени элким кылып койду деп
Айдап жылкыны алайын,
Атасынын көрү калмакка
Айдап берип салайын.

Ыйман аба жүргүн деп,
Жылкыны айдап түргүн деп
Жылдырып жылкы айдады.
Калабага саласың.
Өлгөн калмак жерине
Өчөшкөндөй барасың,
Өкүмүнө аласың.
Азыр өткүрсүгөн баласың,
Өмөлүп калмак келгенде
Өзүңдү билбей каларсың.

Аргасы жоктон жылкычы,
Айдаган Жакып жылкысы,
Бара турсун ушулар
Коруган жери кайда деп,
Коркпой ылдам айда деп.

Коркурап кыйла жыгылган
Бая кордук көргөн кишилер,
Жер коруган калмактын
Жетиси калган жыгылып,
Алтоо аман калыптыр.

Аттарын кошуп жылкыга
Ыйманкул айдап алыптыр.

Чамбыл ала чаӊ болуп,
Кызыл ала кан болуп,
Эстерин жыйып элдиреп,
Акылын жыйып алдырап,
Көк теңири урду деп,
Алды алдынан балдырап,
Өлүп жаткан Кортукту
Өзүлөрү көрүшүп,
Өткүр Манас баланын
Өкүмүнө көнүшүп.
Көнбөгөндө неткени
Жөөлөп басып, жөө болуп
Үй-үйүнө кеткени.

Экөөнүн колу сыныптыр,
Бирөөнүн буту чыгыптыр,
Үчөөнүн башы айрылып,
Үшкүрүшүп, кайгырып
Калмак барсын жайына,
Карсыман суунун сайына.
Жылдырып алып жылкы айдап
Бара турсун жаш Манас
Жылкы салар жайына.

Аны таштап салыңар,
Атакеси Жакыптан
Айтылса кабар алыңар.

Байкуш болуп бүгүлүп,
Баласынан түңүлүп,
Ажына моюнга минди деп,
Манасым болду жинди деп,
Бакырсам укпайт тилди деп,
Оюна келген кепти айтып
Оолуккан бойдон кетти деп,
Кыйкырып жатсам кылчайбайт,
Жин болбосо нетти деп,
Манжурия калмагын
Башка чаап сойду деп,
Балам десем байкабайт,

Баладан жаным тойду деп
Барган экен катынга,
Байбиче айран-таң калды
Бай Жакып айткан датына.

-Көз катканда көргөнүм,
Көлөкө жалгыз эрмегим.
Мен шордуууда не акыл,
Барбардигер кудурет
Мага бир мээнеттүү бала бергенин!
Карасын көрбөй баламын
Каңгырап кайда барамын,
Как талаада калуучу
Менин ушу беле талабым?!
Койчу кылып кор кылдың,
Караанын көргөз баламын!
Жылкың менен жылас бол,
Калабаны салганың,
Калмактын бирөөн өлтүрүп
Качып келип калганың,
Каралдым жинди болду деп
Кабарды мага салганың.
Өлгөнүн көзүң көрбөйбү,
Өзү жалгыз алданын
Өкүмүнө көнбөйбү,
Же качырбай кармап келбейби,
Каралдың мингип калды деп
Менин как өзүмө бербейби?!
Баламды таштап талаага,
Жолугупмун шум башым
Балага мерес балаага.
Өлгөн калмак өлгөндүр,
Өлгөнүн келип көргөндүр,
Калмак өлсө кашайтып
Менин каралдымды көмгөндүр.
Орой жаш бир баланы
Өмөлсө калмак сойбойбу,
Өксүтүп мени койбойбу, -
Муну айтып Чыйырды,
Муңканып ыйлап чыңырды.
Жакасын айрып тонуну,
Жалдырады, карады
Жакыптын келген жолуну.



*Суроо - тапшырмалар*

1. Манасты атасы Ошпурга койчулукка кандай максатта берди?
2. Манастын алгачкы күткөн досу ким?
3. Кырк чилтенге Манас кандай шартта жолукту?
4. Кырк чилтен кимге ат коюп кетишти?
5. Манастын калмак абышкасын сабаганына мамилеңди билдир.
6. Төрт бала менен Манас кандайча таанышты?
7. Манастын марттыгын, ак көңүлдүүлүгүн, колу ачыктыгын далилде.
8. Манастар козуларды союп жесе да, ээлери келип санаганда туура чыгат. Муну кандай түшүнүүгө болот?
9. Ошпур бай Манасты Жакыпка кайра кайтарып беришине эмне себеп болду?
10. Манас калмактар менен эмне себептен кагышты?
11. Жакып Манаска ата-теги жөнүндө эмнелерди айтты?
12. Кырк чилтен Манаска эмнелерди кабарлады?
13. Манастын алгачкы эрдигин Жакып кандай кабыл алды, энеси Чыйырды кандай кабыл алды? Чындык кимиси тарапта, далилде.

### ***Тексттеги айрым сөздөрдүн котормолору:***

| | |
|---|---|
| Дорго | - мамурий лавозим. |
| Чоро | - жанговар ўртоқ. |
| Жоро | - жўра. |
| Аргымак | - наслдор йўрға от, арғумоқ. |
| Бедөө | - пойгачи от, бедов. |
| Жемиш | - мева. |
| Кыдыр | - хизр. |
| Кырк чилтен | - арвох |
| Насыят | - насихат |
| Кайып болуу | - кўзга кўринмай қолиш, ғойиб бўлиш. |

## КАРАГУЛ БОТОМ

Бир чалдын беш уулу болот. Экөө айтышып доодо өлөт. Экөө атышып жүрүп жоодо өлөт. Жалгыз Карагул калат. Бир чети балдарынын кайгысынан, бир чети көнүп калган кесибин таштай албай, чыдап үйдө тура албай чал мылтыгын көтөрүп тоого чыгып кетет. Атама барамын деп Карагул ыйласа бир аз какус-кукус кылып коет. Бала энесине таарынып, атасын издеп чыгат. Чарчап талыкшып арчанын түбүнө уктап калган Карагулду жолу болбой келе жаткан мергенчи эликтин баласы деп атып алат. Ошондо чал:

-Карагул кулунум, ботом,
Убайым тартып курудум, ботом.
Ушул беле көрөрүм, ботом,
Кыска беле өмүрүң, ботом.
Эрмегим сенден айрылып,
Эмне болот көрөрүм, ботом.
Эркелик менен эригип, ботом,
Кой десе болбой жөнөдүң, ботом.
Койбой жүрүп мергенди, ботом,
Кокуйдан чыкты өнөрүм, ботом.
Адырда аркар жатканда, ботом,
Аңдып барып атканда, ботом.
Алыска кетчү куу мылтык, ботом.
Менин ардагыма түз тийип, ботом,
Айламды таппай курудум, ботом.
Амалсыздан ич күйүп, ботом.
Жеринде жатып атканда, ботом,
Жетпей калчу куу мылтык, ботом,
Менин жетимиме түз тийип, ботом.
Жетимиш жаштан ашканда, ботом,
Жексен болуп калганча, ботом,
Жерге эле как баш кирсемчи, ботом.
Менин желегиме түз тийдиң, ботом,
Желегим өлүп ич күйдүм, ботом.
Балдыркандын бар ойлоп,
Бала деп билбей чала ойлоп.
Балалуу элик деп ойлоп,
Барандай сага ок койдум, ботом.
Мергендигим карачы,
Атып салдым баламды ай, ботом.
Апаң менен эжеңе,
Аркама салып барамбы, ботом,

Жалгызым сенден айрылып,
Жарык күн болду караңгы ай, ботом.
Бешөөнөн бирдей ажырап,
Как баш чал болуп каламбы, ай ботом.
Алгачкы өлгөн Дүйшөнкул, ботом,
Артынан өлгөн Мырзакул, ботом.
Эртелеп кеттиң Эбекул, ботом,
Эмгекке салдың Карагул, ботом.
Мергендиктин акыры,
Мерт таптырды мени бу, ботом.
Экөө айтышып жүрүп доодо өлдү, ботом,
Экөө атышып жүрүп жоодо өлдү, ботом.
Как баштын колу түзүнөн,
Карагул байкуш тоодо өлдү, ботом.
Ак баран мылтык эгемби, ботом,
Атканда көрдүм сени да, ботом.
Аңтара элик терисин, ботом,
Апаң кийгизиптир тонуңду, ботом.
Качып келип сен жатып, ботом,
Катырдың менин шорумду, ботом.
Атам эки-үчтү атты деп, ботом,
Эликти аңдып жатты деп,
Бөйрөгү менен жүрөгүн,
Мага деп атам бышырып,
Кисесине катты деп,
Турчу элең чуркап жолумду тосуп,
Келчү элең бер деп колуңду созуп.
Айтпай келип артыман,
Атаңды койдуң боздотуп, ботом.
Торпунун жолун торполоп, ботом,
Атамды тосом дединби, ботом.
Алдымдан ойноп эркелеп,
Бышырган бөйрөк-жүрөгүн,
Берет деп жолго токтойсуң.
Мен кара жолтой как башты,
Келет деп күткөн окшойсуң.
Эртеңден бери кыдырып,
Эчтеме таппай кайрылдым, ботом.
Элик деп атсам бала экен,
Эрмегим, сенден айрылдым, ботом.
Өзүмдүн кылган ишиме,
Өксүдүм, өзүм кайгырдым, ботом.
Чыйырчык боздон кийипсиң, ботом,

Чырпыктын башын ийипсиң, ботом.
Чын келер атам жолу деп,
Чын кайгы башка үйүпсүң, ботом.
Чырпыгым сенден ажырап,
Чыркырап ыйлап күйүктүм, ботом.
Бешөөнөн калган бир жалгыз,
Чынары элең бийиктин.
Каргышына калгамбы,
Кайберен теке, кийиктин, ботом.
Күтсөм бир атам келер деп,
Көлөкөлөп жатыпсың,
Жалбырак үзүп, таш жыйнап,
Көп кызыкка батыпсың.
Атамдын жолун тосом деп,
Апаңа болбой качыпсың.
Айыл кайда, мен кайда,
Аябай узак басыпсың.
Өлүмгө жетпей өксөгүр,
Өлгөнүңчө шашыпсың.
Эчкисин аттым эгизден,
Серкесин аттым семизден.
Жолукканын жөн атпай,
Жонун бастым семизден.
Ажалың менден экен да,
Айланайын бериштем.
Короодон аттым кулжасын,
Кубалай келип артымдан,
Кууратгың менин чал башым.
Кууратан как баш дедирдиң,
Кудайым мендей кылбасын.
Арык деп эч ким атпаган,
Бастырып ийдим маралың,
Байкабай элик экен деп,
Башын жедим баламын.
Кара канын чууртуп,
Кантип үйгө барамын.
Атаны арман күн болду,
Карып калган атакең,
Кара жер менен тең болду,
Букасын башын бургузбай,
Жуушаган жерден тургузбай.
Бугусун койбой көп аттым,
Булчуң эттен, моюндан,

Бузуп тийсин деп аттым.
Кайберенге каршыгып,
Кастарым тигип неге аттым.
Каргышыката болбостон,
Каралдым, жалгыз сени аттым.
Кайберен этин туураттың,
Карыганда атаңды,
Как жыгачтай кууратгың.
Күйдүрдүң, ботом,
Күйдүрүп кеттиң сүйдүргүм, ботом.
Оо, Карагул жалгызым, ботом,
Жашыңда кеттиң байкушум, ботом.
Бурчтан түтүн булаттым, ботом,
Бугунун этин туураттың, ботом.
Мусапыр кылып кууратгың, ботом.
Капталдан улап карасам,
Кара улак дедим кара сан.
Эликче бугуп жатыпсың,
Эңкейип, өңүп карасам.
Кара канын чууртуп,
Каруугa салып баратам.
Карагул аткан как баш деп,
Калкымда кимге жанашам.
Эликтин этин жедирдиң, ботом,
Элиме как баш дедирдиң, ботом,
Өлсөм турпак саларым, ботом,
Өксүсөм колдон аларым, ботом.
Өчтүнбү күйгөн панарым, ботом.
Атып алдым сени деп,
Апаңа кантип барамын.
Кара бет жеңң чыркырап,
Канакей десе бөбөгүм,
Кандайча жооп табамын.
Ой, Карагул чырагым,
Ойронум чыккан убагым.
Үйгө кантип барам деп,
Ордуңду сыйпап турамын.
Ушак менен өзөктөн,
Кутулбай калды кулагым.
Ушул күнгө туш кылып,
Умсунтуп кетти улагым.
Урушу менден арылбас,
Улуу жеңң Зууранын.

Улгайып калган кезимде,
Үшкүрүк тартып куурадым.
Түбүнөн сынды чырпыгым,
Түтүндө калды мылтыгым.
Уча элек темир канаттуу,
Өзөндөн учтуң чымчыгым.
Аркамдан сени ээрчитип,
Асылын көрчү убагым.
Айлыма как баш атандым,
Айламды кандай кыламын.

Эжеси Карагулга арнап жаргактан шым тигип, жол карап эшикке чыкса коктудан кайгылуу үн чыгат. Кыздын жүрөгү опколжуп апасына кайрылып айтып турган жери:

-Ой, апа, кайрылыштан чуу чыгат,
Кандайча шумдук болду экен,
Каралдым, Карагул! деген үн чыгат,
Ой апа, көгүрүм көлдөн буу чыгат,
Көк кайың кессең суу чыгат,
Көрүнбөй Карагул деген чуу чыгат,
Тентегим тектирге чыга жаткан бейм,
Теке деп как баш аткан бейм.
Теңирден келип шум ажал,
Тентегим өлүп жаткан бейм.
Кубанарым, жалгызым,
Курбуга чыга жаткан бейм.
Кубанарым, күйөрүм,
Күйгөн канга баткан бейм.

Ошол учурда чал баланы көтөрүп келип, жерге сулк таштап жиберет. Эжеси чыркырап ыйлап, жанын кыйнап айтып жаткан жери:

-Кагылайын, бир боорум,
Менин каруумдан сынды оң колум.
Каруумдан колум сындырган,
Кайгылуу как баш оңбогун.
Кайберен деп карышып,
Карагулду сомдодуң.
Менин толгонорум, бир боорум,
Томуктан сынды оң колум.
Тозоку как баш оңбогун.
Топ кийикке асылып,
Толгонорум сомдодун.
Келери менен кийсин деп,

Сары жаргактан шым сайдым.
Садаган кетсем болбойбу,
Санааңды тартып сумсайдым.
Мен шордуу түр жибектен түр сайдым,
Бүтүмүн көрдүм кудайдын,
Жалгызым сенден айрылып,
Күйүтүң тартып сумсайдым.
Кайрылышта олтурсам,
Кара атың минип барарым.
Каралдым келе жатыр деп,
Каткырып тосуп аларым.
Агалуу кыздар көп болор,
Менин асти чыкпас кабарым.
Толгонушта олтурсам,
Тору атың минип барарым.
Толукшуп жаркып кубанып,
Жолдон тосуп аларым.
Төрөлгөндөн калбады,
Менин түбүндө чыкпас кабарым.
Атаны как баш оңбогун,
Мурда Дүйшөнкулду жедиң, тойбодуң?
Түк да канат койбодуң,
Түгөтсөм деп ойлодуң.
Мырзакулду жедиң, тойбодуң.
Бүтүн канат койбодуң.
Карагул жедиң,  какшаттың,
Таштан тайбас кезимде,
Таманымды аксаттың.
Талыкшып канча ыйласам,
Карагулду таппасмын.
Адырды, адырдай басып бугу аттың,
Адырдан аткан бугуңду,
Ак тескей ылдый кулаттың.
Ак кайыпка асылып,
Ардагым атып сулаттың.
Эчкисин аттың бооз деп,
Улагын аттың кооз деп.
Кысырын аттың  семиз деп,
Экөөнү аттың эгиз деп.
Кайрыларым Карагул,
Кайрылып таппай мени издеп,
Уругу бирге чолпонум,
Учуп бердиң эңиштеп.

*Суроо-тапшырмалар:*

1. Чал-кемпирдин канча баласы болуптур? Алар кандай тагдырга туш болушуптур?
2. Чал эмне үчүн өз баласын атып алды?
3. Өз баласын атып алыш себебин чал эмнеден көрөт?
4. Чалдын кызы атасына эмне деди?
5. Бул чыгарманын азыркы учурга кандай тиешеси бар?
6. Чыгармада «ботом» деген сөздүн кайра-кайра кайталанышын кандай түшүнөсүң?
7. Чыгарма сага жактыбы же жаккан жокпу? Жакса эмнеси менен, жакпаса эмне үчүн?
8. Өзбек адабиятындагы ушул чыгармага үндөш чыгарма барбы? Болсо, салыштыр.

*Айрым сөздөрдүн котормосу:*

| | |
|---|---|
| Доо | - даъво |
| мылтык | - милтиқ |
| элик | - буғунинг бир тури |
| эже | - опа, эгачи |
| кисе | - халтача |
| жүрөк | - юрак |
| периште | - пари, фаришта |
| ботом | - буталақ |
| как баш | - кекса чол |
| апа | - она |
| желек | - байроқ |
| бөйрөк | - буйрак |
| серке | - серка |
| марал | - буғу |
| Кайберен | - кавш қайтарувчи ҳайвонларнинг ҳомийси |
| Жаргак | - теридан қилинган чалвар (шим). |

## ДИДАКТИКАЛЫК ЧЫГАРМАЛАР

Биз кыргыз эли оозеки чыгармачылыкка бай экенин айтканбыз. Ал жанрдык жактан да ар түрдүү, тематикасы кеңири.

Көлөмү кыска, айтса салса нуска чыгармалар да арбын. Шарттуу түрдө буларды дидактикалык чыгармалар деп атап коюшат. Дидактикалык чыгармаларга макал-лакаптар, табышмактар, санат-насыят, терме ырлары, жаңылмачтар жана учкул сөздөр кирет.

Ушулардын ичинен макалдар жана табышмактар үйрөнүүгө сунушталган.

Макал, табышмактардын эң башкы милдети жалпы эле дидактикалык чыгармалар сыяктуу таалим-тарбия берүүнү көзгө тутат.

Макалдар адам баласынын турмуштук тажрыйбасынын жыйынтыкталышынын негизинде пайда болсо, табышмактар- дүйнөнү көркөм, өтмө кабыл алуунун натыйжасы. Бири адамдын акыл-эсин байытса, экинчиси кыялдануусун, көз алдыга келтире билүүсүн, окшоштуруп, салыштыра алуусун өркүндөтөт.

## КЫРГЫЗ МАКАЛ-ЛАКАПТАРЫ

**Сөз, тил өнөрү жөнүндө:**

Өнөр алды - кызыл тил.

Жылуу-жылуу сүйлөсөң, жылан ийинден чыгат.

Чын айтып залал тап, акырында жетээрсиң муратка,
Калп айтып пайда тап, акырында калаарсың уятка.

Көрө-көрө көсөм болот,
Сүйлөй-сүйлөй чечен болот.

Дайыны жок сөз-чала күйгөн чычала.

Тоону, ташты сел бузат,
Адамзатты сөз бузат.

**Мекен, жоокерчилик, баатырдык, коркоктук жөнүндө:**

Үйдөн өлгөн жаманат,
Жоодон өлгөн салтанат.

Уят-өлүмдөн катуу.

Кен асылы жерде,
Сөз акылы элде.

Баатыр элден чыгат,
Байлык жерден чыгат.

**Теңдик, теңсиздик, байлык, жардылык жөнүндө:**

Бирде жигит төө минет,
Бирде жигит жөө жүрөт.

Жакшы элди өргө сүйрөйт,
Жаман элди көргө сүйрөйт.

Тулпар түгүн оордобойт,
Султан сөөгүн кордобойт.

**Эмгек, кесип, каада, салт, акыл, илим, билим жөнүндө:**

Акыл-тозбос тон, билим-түгөнбөс - кен.

Окусаң озоорсуң, окубасаң тозорсуң.

Мээнетиң катуу болсо,
Татканың таттуу болот.

Акылы бар билимди самайт,
Акылы жок кийимди самайт.

Окуу - билим азыгы, Билим - ырыс казыгы.

Билим - карыбас, өнөр-арыбас.

Акыл-деңизден терең,
Билим-тоодон бийик.

Илим-турмуш чырагы,
Өнөр - элдин куралы.

**Үй бүлө, сүйүү мамилелери, ынтымак, ырксыздык, достук, кастык жөнүндө:**

Акылдуу бала-элпек,
Акылсыз бала - тентек.

Уяда жаткан жумуртка, асманда учкан куш болот.

Агайындын кадырын жалаалуу болсоң билээрсиң,
Ата-эненин кадырын балалуу болсоң билерсиң.

Досу көптү жоо албайт,
Акылы көптү доо албайт.

Атанын уулу болуш урмат,
Элдин уулу болуш кымбат.

**Адамдардын кыял жоруктары, мүнөздөрү, мыкты жана начар сапаттары жөнүндө:**

Жакшылыкка жакшылык - ар кишинин иши.

Жамандыкка жакшылык-эр кишинин иши.

Жаманда тек жок,
Жакшыда кек жок.

Оозу жаман айылды булгаар,
Өтүгү жаман төрдү булгаар.

Жакшы деген бир атты кууса жетпейт,
Жаман деген бир атты жууса кетпейт.

Жакшы жигит эл камы үчүн жүгүрөт,
Жаман жигит өз камы үчүн бүлүнөт.

Көпкөн жигит көп сүйлөйт,
Чечен жигит төп сүйлөйт.

Эки жаман таарынышса, амандашпайт,
Эки жакшы таарынышса, жамандашпайт.

**Карылык, жаштык, чынчылдык жөнүндө:**

Жашыңда кылжың болсоң,
Карыганда мылжың болосуң.

Узунсуз кыска болбойт,
Улуусуз нуска болбойт.

**Үлгү, насыят темасындагы макал лакаптар:**

Өзүңдү эр билсең, өзгөнү шер бил.

Киши акылы - кишен менен тушоо,
Өз акылың - өзөк менен тамыр.

Уста менен дос болсоң, наркескенин алаарсың,
Митаам менен дос болсоң, бир балаага калаарсың.

Кекчил болбо, эпчил бол.

Баш болуу - оңой, баштап кетүү - кыйын.

Качкан бакыт кайрылып келбейт.

## ТАБЫШМАКТАР

Асты такта, үстү такта, ортосунда кызыл-ала пахта.
(мисте).

Ичи ичинде, ичегиси тышында. (комуз).

Тий тий десе, тийбейт,
тийбе, тийбе десе, тиет. (эрин)

Кырга ун септим. (кар).

Ак коюм агып кетти,
Кара коюм жатып калды. (жаз).

Аттан бийик, иттен пас. (ээр).

Өзү сүйлөбөйт, ичи толо акыл. (китеп).

Токсон кабат тону бар. (пияз).

Күн барда бөлүнбөйт,
Түн келгенде көрүнбөйт. (көлөкө).

Тептим терекке чыктым. (үзөңгү).

Учуп жүрөт асманда, өзүнүн жок канаты.
Тегеренет болгону, үстүндөгү барасы. (вертолет).

Үйгө чыккан гүлкайыр,
Жайы-кышы соолубайт.

Кирген чыккан бүт тепсейт,
Үй ээси аны корубайт (шырдак)

Ширенкесиз, майы жок.
Жарык кылат үйүңдү. (электр жарыгы)

Атада бар, апада бар,
Энеде жок, элде жок.
Бул эмне таап ал! («А» тамгасы).

**Суроо - тапшырмалар:**

1. Макалдарды жатта, өз кебиңде колдонууга көнүк.
2. Тигил же бул макалда кандай ой, маани камтылганын баамда, түшүн.
3. Өзбек элинин макалдары менен салыштыр.
4. Макалдар окшош болсо, себебин түшүндүр.
5. Табышмактын айтылуу максатына ой жүгүрт.
6. Өзбек элинин ушул табышмактарга окшош табышмактарын тап.
7. Макал менен табышмактын окшоштугуна, өзгөчөлүктөрүнө ой жүгүрт.

**Айрым сөздөрдүн котормосу:**

*мисте* - *писта.*
*комуз* - *торли музика асбоби*
*жаз* - *баҳор, кўклам*
*китеп* - *китоб*
*көлөкө* - *кўланка, соя*
*шырдак* - *нақшли кигиз*
*эрин* - *лаб*
*кар* - *қор*
*ээр* - *эгар*
*пияз* - *пиёз*
*үзөңгү* - *узанги*
*«А» тамгасы* - *ҳарф*
*залал* - *зарар*
*сел* - *тошқин*
*көр* - *гўр, қабр*
*сөөк* - *суяк*
*кек* - *ўч, қасос, кек*
*кишен* - *кишан.*
*көсөм* - *ақлли, эсли*
*өр* - *кўтарилиш*
*түк* - *тук*
*агайын* - *қариндош, уруғ*
*нуска* - *нусха*
*өзөк* - *ўзак.*



## ЖЕҢИЖОК (ӨТӨ)
## (1860-1916)

Жеңижок (Өтө) 1860-жылы Таласта Кызыл-Күнгөй айылында туулган. Ата-энесинен эрте ажырап, жетимдиктин каарын көп тарткан. Көр турмуштун айынан 12-13 жашында Таластан Аксыга таякелериникине баш калкалап келүүгө аргасыз болгон.

Ал адам катары, акын катары мына ушул Аксыда калыптанган. Кыргыз журтуна кеңири таанымал ырчылык даражага жеткен.

1916-жылы Аксы районундагы Кара-Суу айылында көз жумган. Азыр ал жерде анын эстелиги курулуп, Жеңижоктун атын алып жүргөн орто мектеп бар.

Анын чыгармалары Кыргыз Республикасы эгемендүүлүгүнө жетишкенден кийин гана үйрөнүлө баштады. Ага чейин акындын аты динчил, терс көз караштагы адам катары көмүскөдө калтырылып келген.

Жеңижок

### БАЛАЛЫК

Ойлонтту мени балалык,
Олжосу арбын жаштыкты
Оодарып обон салалык,
Ой-тилегим калсын дейм
Оң менен солго таралып.

Эстетти мени балалык,
Эсил алтын жаштыкты
Эскерип обон салалык.
Эки келбес болгон соң,

Элимде калсын таралып!

Азыркы күндө майда ырчы
Алтын дөөлөт жаштыктын
Асылын билбейт баарысын
Акын Өтө абаңдын
Айтып турган чагы ушу:
Бир жашыңда билбеген,
Эки жашар болгондо
Энесине эркелеп
Ыйлап жүргөн балалык.
Элде жокту тапкын деп
Кыйнап жүргөн балалык.
Атасына эркелеп
Ыйлап турган балалык,
Айылда жокту тапкын деп
Кыйнап турган балалык.

Үчкө жашы толгондо
Үй-бүлөдө тили бал
Үйдүн ичин чаңытып
Үч көтөрчү жини бар.
Төрткө жашы барганда,
Таңга маал торгойдой
Сайрап турган балалык
Жоогазындай жайлоодо,
Жайнап турган балалык
Бешке жашы барганда
Аккан сууну бойлошот,
Кой дегенге болбостон
Балчык кечип ойношот.
Тетири кийип чапанын
Атчан адам көрүнсө,
Үркүтмөккө жол тосот!...

Ачылып калса аркасы
Айып болуп калат деп
Чочубаган балалык,
Аспиеттеп ат кармап
Токубаган балалык.
Алты жашар убакта
Атасы кармап берсе да,
Аптиек менен куранды

Окубаган балалык.

Жеңе менен эжеден
Уялбаган балалык,
Оюн кызык көрүнүп
Зарыгып жумшап жатсаң да,
Тил албаган балалык.
Ак сакалдуу кишини
Сиз дебеген балалык.

Оокат үчүн умтулуп
Иштебеген балалык! ...
Алдап айткан кебиңди
Калпын билбейт балалык,
Ата менен эненин
Баркын билбейт балалык,
Алган менен саткандын
Наркын билбейт балалык.

Жети жашка барганда
Айылдагы иттерди
Кууштурган балалык,
Тезек терип, суу ташып
Бир аз жумуш кылган балалык! ...
Сегиз жашка барганда
Оюнга такыр тойбогон,
Оромпой тээп, чики атып,
Ок жыландай сойлогон,
Торпокту минип жүдөткөн,
Тотугуп бетин түлөткөн,
Кубалап кулун-тайларды
Кубарып чарчап күнү өткөн.

Жар боорунан балапан
Алып жүргөн балалык,
Чегирткеге куш кылып
Салып жүргөн балалык.
Балалыктын кылыгы.
Айтылсын бирден саналып
Ыпылас жерди бийлебей
Басып жүргөн балалык,
Күчүгүн байлап мойнунан
Карышкырга салам деп

Шашып жүргөн балалык.
Топучак издеп шиш менен
Казып жүргөн балалык,
Оокат ичпей маалында
Кер сары болуп өңүнөн
Азып жүргөн балалык...
Тогуз жашка чыкканда
Дөбөт менен мышыкты
Кабыштырган балалык,
Кимиси кыйын экен деп
Салыштырган балалык,
Эки айылдын жылкысын
Алдыртан кошуп ийишип,
Айгыр менен айгырын
Алыштырган балалык.
Дөбөгө чыгып барышып
Таш омкоруп алышып,
«Менин атым күлүк» деп
Жарыштырган балалык
Онго жашы барганда
Так секирип улактай
Кутуруп турган балалык,
Оюнга мооку канбастан
Жутунуп турган балалык,
Айлына мейман келгенде
«Алакуш» деп иттерди
Тукуруп турган балалык! ...

Он бир жашка келгенде
Чыйрак болсо ат чабат.
Аты чыгып байге алса,
Аздыр-көптүр мал табат.

Он үчкө жашы чыкканда
Кырандын терет гүлдөрүн.
Карагат издеп кетишет
Калтырып алыс үйлөрүн.
Кымыздык, ышкын теришет,
Кызыгын көрүп дүйнөнүн.
Куулук менен иши жок
Кубанып айтат билгенин.
Көчүгүн күндө жоорутуп
Көрөсүң тайды мингенин,

Ак чөлмөк ойноп өткөрөт
Ай тийген тоонун түндөрүн! ...

Кекире жагып үйлөгөн,
Кесир сөздү сүйлөгөн,
Кезектүү сөзгө көнбөгөн
Катте дөөлөт балалык;
Арча жагып үйлөгөн,
Ашык сөздү сүйлөгөн,
Айтылган кепке көнбөгөн
Анык дөөлөт балалык.

Он төрткө жашы келгенде
Дердейип калат кичине,
Каранып калат бой башын
Келин-кыз кирип түшүнө,
Далбас урат делөөрүп
Жанашып бирге жүрүүгө.

Он бешке жашы барганда
Оюнга тойбойт көңүлү
Орчун дөөлөт балалык,
Ойлоп жолго салалык.

Он алтыга барганда
Оюн салган кунандай
Окторулган жыландай
Ордунда турбас балалык.

Он жетиге барганда
Ой-тоону кезип ышкырат,
Ойлонуп бир аз иш кылат.
Ой-санаасы жок болот,
Оюндан көөнү ток болот.
Ачып көздү жумганча
Өтүп кетет балалык.
Кайра келгис сапарга
Көчүп кетет балалык.
Агыны катуу шар суудай
Агып кетет балалык,
Алоолонтуп жалынын
Жагып кетет балалык!
Отуз жаштын өзүндө

Оезду билген кезинде,
Оң менен солго сүйлөсөм
Оомат болот сөзүңдө.
Бирде бар да, бирде жок
Кирди-чыкты балалык.
Бир азы калат эсиңде!

Омбу-домбу жер кайда,
Оолукма мүнөз жок болгон
Оолактап өзүң каласың
От кечип жүрчү топтордон! ....

Кыркка жашың барганда
Кыйкырып турган чагыңда,
Күч-кубаттын барында
Кыя салып алдыңдан
Жылып өткөн балалык.
Өткөн эмей эмине
Кырда болот кызыл таш,
Кырктын өзү кыйла жаш.
Кыйла да болсо аз сынат.
Кыялында жаш сынат,
Жашсынган менен болобу,
Жакшы ат камчы чаптырбайт,
Жакындап жашка кеп урсаң
Жакшы көрүп жактырбайт,
Жашынып калган балалык.
Жалынган менен таптырбайт! ...

Ак бараң мылтык асынып
Кырдасаң келбейт балалык.
Обонуңду көтөрүп
Ырдасаң келбейт балалык.
Карылыкты кеткин деп,
Балалыкты келгин деп
Чырдасаң келбейт балалык! ...

Көк бараң мылтык көтөрүп
Кырдасаң келбейт балалык.
Көңүлүңдү көтөрүп
Ырдасаң келбейт балалык.
Карылыкка бакырып,
Балалыкты чакырып

Ошо, чырдасаң келбейт балалык! ...

Балалык колдон кеткен соң
Ак сакалдуу кишидей
«Сиз» десең келбейт балалык.
Мээнет тартып кыйналып
Иштесең келбейт балалык.
Жоо жарагын байланып
Жолоочу болсоң шайланып,
Бир колуңдан кеткен соң
Ошо, издесең келбейт балалык! ...

Балалык колдон кеткен соң
Дөбөгө чыгып оштонуп,
Төгөрөктү козголтуп
Бакырсаң келбейт балалык.
Ак боз бээ союп бүлүнүп,
Алдынан өтүп жүгүрүп,
«Айланайын жаштык» деп
Ошо, чакырсаң келбейт балалык! ...

Алтымыштын өзүндө
Ак ала болот сакалың,
Абалкыдай алың жок,
Арманың айтып жатамын.
Ашыкча дөөлөт жаштыкты
Көбүрөөк эле созбогон
Көп эстеп, ойго батамын.

Көк ала болот сакалың,
Көкүрөк далил, дарман жок,
Көйгөйүң айтып жатамын.
Көрүнөө дөөлөт жаштыкты
Көбүрөөк эле созбогон
Көп эстеп, ойго батамын.
Батар күндөй ылдыйлап
Барган сайын кыялап,
Өтүп барат өмүрүң,
Кайра келгис жагына
Көчүп барат өмүрүң.
Кара сууну кыдырып
Бойлосоң келбейт балалык.
Кара жаның куш кылып

Ойносоң келбейт балалык.
Көркөмдөп үйдү тиктирип,
Көп малдын бирин сойдуруп,
Көңүлүң коюп түн бою
Ойлосоң келбейт балалык!

Аккан сууну айланып
Бойлосоң келбейт балалык.
Аманат жанды куш кылып
Ойносоң келбейт балалык.
Дөбөгө боз үй тиктирип
Төөнүн бирин сойдуруп
Түпсүз ойго сен батып,
Ошо, ойлосоң келбейт балалык! ...

Өмүрдү аз деп чанганда,
Жарыкчылык дүйнөгө
Келбей койсоң кантмексиң?
Бул өмүрдүн кызыгын
Көрбөй койсоң кантмексиң? ..
Бетеге өспөй, чөп өспөй
Саз да болсо жакшы экен.
Жарыкчылык, жашоо күн
Аз да болсо жакшы экен!...
Жазындагы малыңа
Жаздоо болсо жакшы экен.
Жакырчылык көрөр күн
Аз да болсо жакшы экен!....
Туулган жерим Таласта,
Турук кылып түбөлүк
Менин турган жерим Аксы экен! ..

*Суроо жана тапшырмалар*

1. Ыр эмне үчүн «Балалык» деп аталыптыр? «Балалык» дегенди кандай түшүнөсүң?
2. Ырда балалыкка таандык кайсы касиеттер саналат?
3. Акын балалык темасына эмне үчүн кайрылган деп ойлойсуңар? Балалыкты ырга салуунун максаты эмне?
4. Акын ырга салган балалык менен силердин балалыгыңардын окшоштугу, айырмачылыгы барбы? Салыштырып, сүйлөп бер?
5. Өмүрдүн учкулдугун акын кандай кабыл алат? Кубанабы же өкүнөбү?
6. Жаккан ыр саптарын жаттап, эмне үчүн жакканын далилдүү сүйлөп бер.

***Айрым сөздөрдүн котормолору:***

| | |
|---|---|
| *оң* | *- ўнг,* |
| *сол* | *- чап, сўл,* |
| *бал* | *- асал, бол* |
| *жоогазын* | *- лола, гуллола* |
| *балапан* | *- қуш боласи, жўжа* |
| *чегиртке* | *- чигиртка* |
| *акчөлмөк* | *- миллий тунги ўйин* |
| *дөөлөт* | *- давлат* |
| *саз* | *- ботқоқ.* |



## ТОГОЛОК МОЛДО (БАЙЫМБЕТ АБДЫРАХМАНОВ) (1860-1942)

Байымбет (Тоголок Молдо) 1860-жылы Нарын областынын Куртка айылында туулган. Атасы Абдырахман, энеси Коңур карапайым адамдардан болушкан.

Дин мектебинен окуган. Анын Молдо аталып калышы мына ушундан. Ал төгүп ырдай да жана жаза да билген. Кыргыз адабиятын жанрдык жактан байыткан. Балдар адабиятына, тамсил жанрына негиз салган. Анын бул темадагы чыгармалары арбын.

1942-жылы 4 - январда Куртка айылында көз жумган.

## ЖЕР ЖАНА АНЫН БАЛДАРЫ

Бир-бир баштан баяндап,
Билдирип өтөм кабардап.
Эң биринчи жол алып,
Жамгыр сөздү баштады.
Өзүнүн боюн көтөрүп,
Айтар сөздөн шашпады.

**Жамгыр:**

-Дүйнөнү бүтүн жашарткан,
Менден башка кайсың бар?
Жашартканың бар болсо,
Жашырбастан айтыңар!
Желип өткөн жеримен

Жер тамыры жазылат.
Басып өткөн жеримен,
Байчечекей ачылат.
Жер жүзүнө бир бүтүп,
Менин нурум чачылат.
Асмандан төгүп тунук суу,
Жерге берем тирчилик,
Жер жүзүнөн жай алган,
Элге берем тирчилик.
Жаратылган ар түрлүү,
Жанга берем тирчилик.
Баарына көк чөп жедирип,
Малга берем тирчилик.
Дыйкандар айдап көгөрткөн,
Данга берем тирчилик.
Аркар, кулжа, ак кийик,
Аңга берем тирчилик.
Кургак чөлдө суусаган
Куланга берем тирчилик.
Басып турар буту жок,
Жыланга берем тирчилик.
Курт-кумурска жана да,
Көпкө берем тирчилик.
Жер жүзүндө ар түрдүү
Чөпкө берем тирчилик.
Өзүнө куйган өзөн жок,
Көлгө берем тирчилик.
Эл барыктабай куураган,
Чөлгө берем тирчилик.
Ушул чөлдү сактаган -
Элге берем тирчилик.
Кумду майдай балкыткан,
Ташка берем тирчилик.
Ар бир жандын өзүнө,
Башка берем тирчилик.
Жаабай койсом бир жылга,
Жандын баары кысылат.
Эки жылга жетпестен,
Элдин баары бузулат.
Саздар кургап таш болот,
Жандын төлү аз болот.
Кабыгы менен бүт куурайт,
Карагай, кайың, терек, тал,

Өнбөй калса, жерде чөп,
Өлүп бүтөт барча мал.
Эгин, чөп жерге өнбөсө,
Кысылып бүтөт канча жан.
Суу мактанат - «агам» - деп,
«Жандын баарын багам» - деп.
«Бардык жанды бүтүндөй,
Багууга келет чамам» - деп.-
Андай эмес, суу эне,
Колуңдан келбейт жеп-жеке.
Сага менден жардам бар,
Менден жардам болбосо,
Ага албайсың мындай шар.
Кудугуң кургап ным калбайт,
Булагың кургап суу калбайт.
Кара суу акпай жер соруп,
Балчык болуп жуурулат.
Жан-жаныбар кысылып,
Заманасы куурулат.
Жер жүзүндө суулардын
Себеби менден булардын.
Менден жардам болбосо,
Өзөнүң кургап сай болот.
Мактанбагын суу аке,
Баарыңдын жолуң байланат.
Калкайып калың кар жатат.
Кара тоонун башында.
Боройлоп согуп буркурап,
Булут туман кашында
Бул дагы менин жолдошум,
Ар качан менин кашымда -
Жамгыр айтып токтолду,
Суунун сөзү козголду.
Дарыя-көлдөр чайпалып,
Жамгырга карап октолду.

**Суу:**

-Жамгыр өзүн сел ойлойт,
Кудук өзүн көл ойлойт.
«Толтурам» - деп, - деңизди,
Кесирдүү сөзүн түк койбойт.
Дүйнөгө бүт чырмалып,

Деңиз жатат сел болуп.
Жер жүзүндө нечен суу
Кошулуп жатат көл болуп.
Атагың - жамгыр, өзүң - суу,
Аңгемең сенин мына - бу.
Мактанбагын өзүңчө,
Деңизден чыккан сен бир буу.
Анык жери күркүрөп,
Асманда булут дуулаган,
Дарыя, деңиз көлдөрдөн
Сурап булут, суу алган.
Асманды курчап бүркөлүп,
Суу алган булут куралган.
Мактанбагын жамгырым,
Деңиздин сен да суусусуң.
Алып келген булуттун,
Суусу турсун буусусуң.
Жайыраак жааса жымылдап,
Адам сүйүп кымылдап.
Катуу жааса бургактап,
Борошолоп шыбыргак,
Күн күркүрөп тарсылдап,
От чагылып жаркылдап.
Арыктар толуп жымылдап,
Ан сайын төгүп шыбыргак.
Мөңдүрдүн баары сел болуп
Талаанын баары көл болуп,
Адырдын баары жер болуп,
Агын суулар шар болуп,
Күндүн көзү тутулуп,
Мөңгүнүн башы бузулуп,
Булут минтип алышкан,
Мунун баары күч менен,
Тарсылдап асман атышкан,
Жаандын баары күч менен,
Мунарык туман кубарган,
Жердин жүзү тунарган.
Мунун баары мурунтан,
Булуттун күчү куралган.
Булут көчүп бузулуп,
Бирине-бири урунуп.
Ачык туруп асман, жер,
Айланып булут курулуп.

Күн күркүрөп тарсылдап,
Чагылган учуп жаркылдап,
Булут көчүп бүлүнүп,
Кызыл мунар көрүнүп.
Сыдырым сыргак жел болгон,
Жердин баары сел болгон,
Себеби булут тумандан,
Жел соккон кызыл мунардан.
Суудан бул сөз чыкканда,
Бул сөздү жамгыр укканда,
Сөз айтпастан токтолду,
Экинчи сөзү жок болду.
Эми шамалдын келди кезеги,
Үчүнчү болуп эсеби,
Шамал сууга кеп айтат:

**Шамал:**

-Шаркырабай, үнүңдү,
Баса тургун деп айтат.
Мен кызмат кылдым өзүңө,
Кулагың салчы сөзүмө,
Сага кылган жардамым,
Көрүнбөдү көзүңө.
Албай кетип барасыз,
Ансайын күчөп эсиңе.
Эсирбегин мактанып,
Эми тийдиң безиме.
Көккө чыкса бууланган,
Жерге түшсө дууланган,
Булут менин колумда.
Түшкөн жери бууланган,
Сыбызгы, сыргак соккон жел,
Мунар менин колумда.
Күндүн жүзүн бүркөгөн,
Туман менин колумда.
Асманда жүргөн жаркырап,
Айдын нуру колумда,
Көктө жүргөн жаркырап,
Күндүн нуру колумда.
Кезегимди кетирбейм,
Тополоң салып заркырап,
«Шамал келип калды» - деп,

Качат баары чуркурап.
Булут, туман мунарык,
Болду түшүп колума.
Ар кимисин ар сайдан,
Айдап салам жолуна.
Эч бир нерсе чыдабайт,
Кайратымдын зоруна.
Сары атан жайды кыш кылам,
Калсын деп атак соңума.
Мен каарымды төккөндө,
Булактын баарын муз кылам.
Эсиңден чыккыс иш кылам.
Суукту салып ушундай,
Суу аке, сени мыш кылам.
Мактанасың сүйлөйсүң,
Баркымды неге билбейсиң?
Чеберсинип мактанып,
Жөнүң менен жүрбөйсүң.
Сары атан жайды кыш кылган,
Шамалдын сөзүн ким дейсиң?
Береке шамал, булутта,
Же муну көзгө илбейсиң.
Сенин шаркыраган добушуң
Шамалдын салган айласы.
Суу аке, түк да билбейсиң,
Шамалдын ушу пайдасы.
Кыш чилдеде күтүнөм,
Кызматымды бүтүрөм.
Бөксөгө чыгам бөлүнүп,
Эл көзүнө көрүнүп.
Сага жардам кылгандан
Жатпайм түк да эринип.
Ала-Тоо башын курайммын,
Аянып карап турбаймын.
Сага жардам кылгандан
Тартынып башым турбаймын.
Тоонун башын тунартып,
Оңой жардам кылбаймын.
Калдайган мөңгү муз кылып,
Кардын баарын жыйнаймын,
Карды жыйнап тоо кылып,
Кайратымды сындаймын.
Токсон чилде чыкканча,

Тоо башынан жылбаймын.
Кайратың сенин ушубу?
Суу аке, кылба кусурду!
Мелтиреген көк жалтаң,
Бетиңден көрдүм нуруңду,
Кантээр айла таба албай,
Кара жаның кысылды.
Көйрөңдүк кылып мактанба,
Көргөн күнүң ушубу?
Токсон чилде кеткенче,
Чың этип үнүң угулбайт.
Суук чилдеде сенделип,
Сендей пенде чыга албайт.
Токсон чилде кыш өтүп,
Жадырап жайнап жаз жетип,
Мелтиреген бетиңди,
Басып жаткан муз кетип.
Жөө туман тарап бөлүнүп
Жердин жүзү көрүнүп,
Торгой сайрап тил ачып,
Күкүк сайрап үн ачып,
Булактын көзү сызылып,
Бөксөдөн мөңгү бузулуп,
Калп айтпагын озунуп,
Кардын баары кошулуп,
Киресиң анан тилиңе,
Тийбей жүр менин жиниме!
Адамдар сүрдөп бара албай,
Күрүлдөгөн үнүңө.
Күчүң болсо суу ана,
Күзүндө неге кирбейсиң?
Мактанасың сүйлөйсүң,
Баркыңды өзүң билбейсиң.
Токсондун күчүн токтотуп,
Кышында неге кирбейсиң?
Тук жумуш келбейт колуңдан,
Мактанып неге сүйлөйсүң?
Торгой сайрап тил ачты,
Булбул сайрап үн ачты.
Жазда баары жашарып,
Байчечекей гүл ачты.
Сары атан жайлоо өткөнчө,
Салкын күз сызып жеткенче,

Ала-Тоонун башынан
Калкайган карлар кеткенче,
Асмандан түшүп буу келет,
Алда канча суу келет.
Калкылдап агып кар келет,
Кардын суусу шар келет,
Бөксөдөн мөңгү бузулат,
Бул да келип кошулат.
Күрүлдөп үнүң басылбайт,
Күкүк болуп күүлөнүп,
Айбаттана түшөсүң,
Ала-Тоодон кар эрип,
Бул шамалдын кылган жардамы,
Алда канча сүр берип.
Шамалдын баркын билбейсиң,
Мактанасың сүйлөйсүң.
Баркыңды өзүң ойлонуп,
Аян кылып жүрбөйсүң.
Менин башкача кылган өнөрүм,
Байкаймын иштин келээрин.
Таң атарда сыбызгы,
Күн батарда муздак жел,
Баарысы менин колумда -
Чалкайган тиги салкын төр.
Жан-жаныбар жалпынын,
Черин жазат сыбызгы.
Эрте турган адамдын
Көөнүн ачат сыбызгы.
Кечки соккон сыргак жел,
Бул да жазат чериңди.
Аба адамга пайдалуу,
Сактайт жакшы демиңди.
Эрте-кеч жүрсөң салкындап,
Көтөрөт сенин көөнүңдү.
Өзүм болсо токтобой,
Көп кечикпей жетемин,
Сасык-бузук жыт болсо,
Айдаган бойдон кетемин.
Көп кечикпей барганым,
Көпкө кылган жардамым.
Жаман жытты жолотпой,
Алыс айдап салганым.

**Суу:**

-Мактанбайм - деп мактандың,
Өзүңдү айтып актандың.
Сен жобурап сөзгө киргенде,
Жолуңду тоспой сактандым.
Аккан суу менин атагым,
Эч кимге жок чатагым.
Эч ким менен чырым жок,
Аккан бойдон жатамын.
Муздактан музду эритип,
Сайдан чыгат аккан суу,
Адам айран калгандай,
Жайдан чыгат аккан суу,
Өзүндө кубат болбосо,
Кайдан чыгат аккан суу?
Күнү - түнү тынбастан,
Агып турат аккан суу.
Жандын баарын суусатпай,
Багып турат аккан суу.
Ичкен жанга дем берип,
Жагып турат аккан суу.
Жан бүткөндүн баарына
Насип болгон аккан суу.
Жардам берип баарына,
Азык болгон аккан суу.
Жүзү, колун жууганда,
.........................................
Таза кылат аккан суу.
Түгөнбөстөн токтоосуз,
Келип турат аккан суу.
Түк токтобой ырыскы,
Берип турат аккан суу.
Эгин эккен жерлерге,
Келип турат аккан суу.
Буруп алсаң оюңа,
Көнүп турат аккан суу.
Сугарган эгин суналып,
Өндүрүп турат аккан суу
Суусаганда жагымдуу,
Балдан таттуу аккан суу.
Баркын билген адамга,
Абдан таттуу аккан суу.

**От:**

-От болуп чыктым жаралып,
Оттук таштан таралып.
Табым ысык күйдүрөт,
Жандын баарын сүйдүрөт.
Айтып бергин сырыңды.
Бизден өйдө жериң жок,
Жашырып калаар кебиң жок.
Текебер көп өзүңдө,
Күрүлдөйсүң чениң жок.
От туруп анда сүйлөдү:
Шамал сууну сүйбөдү,
-Текебер - деп өзүмдү,
Айтып өттүң бир катар,
Тескери айтып сөз менен,
Чарпып өттүң бир катар.
Шамал мага кызматчы,
Өчкөн болсом күйдүрөт,
Жарыгыма кубанып,
Баркымды журтка билдирет
Караңгыны балкытып,
Шамдай кылам нур менен.
Ишене бер сөзүмө,
Ишим болбойт чыр менен.
Тоңгондорду эритем,
Үшүгөндү жылытам,
Чийки болсо бышырам,
Бышык болсо күйгүзөм.
«От адамга эрмек» - деп,
Барлык элди сүйгүзөм.
Канча жандын баарына
Кадырымды билгизем.
Жандын баарын кубантып,
Кабагын ачык күлгүзөм.
Баары жоктун баарына
Пайдамды артык тийгизем
Асмандагы жаркырак,
Айдын нуру өзүмдө.
Айтсам чыкпайт эбимден,
Ай дагы менин сөзүмдө.
Көпчүлүктү жыргаткан,

Күндүн нуру өзүмдө.
Күйдүр десем күйдүрөт,
Күн дагы менин сөзүмдө.
Мактанбаймын баары чын,
Адилдик бар өзүмдө.
Ашык сөздү айтпаймын,
Айыбым жок өзүмдө.
Баары журттун шамымын,
Жаркыраган таңымын.
Жердин жүзүн нурланткан,
Жарыгымын баарынын.
Баары журтка белгилүү,
Маалим болгон тарыхым.
Баштан аяк дайындап,
Айтып өттүм анығын.
Жамгыр, шамал, от да, суу,
Сөздөрүн айтып токтолду.
Булардын сөзүн укканда,
Жер кыймылдап козголду.

**Жер:**

-Балдар сөзүм угуңар,
Кулак салып туруңар.
Ырас жери мактанбай,
Бир ынтымак кылыңар.
Жол талашып урушпай,
Ынтымак болсун тобуңар.
Ынтымактуу болсоңор,
Ошондо болот жолуңар.
Мен болсом балдар карыңар,
Сөзгө кулак салыңар.
Калбассыңдар катардан,
Сөзүмдөн нуска алыңар.
Жаратылып жер болуп,
Атаңар болуп аталган,
Сабырымдын барынан,
Калганым жок катардан.
Текебери көбүнөн,
Шайтан болду азазил,
Мактангандын жаманын,
Балдарым муну байкай бил.
Бүтүн дүйнө шамал, суу, -

Баарысы менден таралды.
..............................................
Жалганчы залим болбостон,
Адил сүйлө адалды.
Залим болсоң жалганчы,
Көрөсүң акыр залалды.
Өзүңдөн өзүң мактанбай,
Өлчөп жүргүн чамаңды!
Көтөрүлгөн көп акмак,
Көмүккө түшүп камалды.
Көөп кетмек наадандык,
Көтөрүлбөй жүрүңөр,
Атаңар айткан бул сөздү,
Акылдуу балдар билиңер.
Сабырымдын барынан,
Санга кирдим жер болуп,
Үйүп, жыйып толтурдум,
Үстүм толгон эл болуп,
Дайра, чалкар көл болуп,
Мухит деңиз сел болуп,
Аркайган Ала-Тоо болуп,
Асманга жакын зоо болуп,
Жана менин өзүмө
Балдарым жүрөт жоо болуп,
Менин атым кара жер,
Жүк көтөргөн балбан шер.
Жүк көтөргөн атаңдан,
Балдарым пайда ала бер.
Анык жери түз жүрүп,
Өзүңдү жөнгө сала бер.
Түз жүрбөгөн ийриси,
Казган ордо кала бер.
Байкаңар, балдар, сөзүмдү,
Чыкпасын бул сөз эсиңден.
Баары жоктун баарысы,
Пайда тапкан өзүмдөн.
Бул жолдун өзү аман-жол,
Жалпы балдар аман бол.
ушул жолду көрсөткөн,
Атаңардай болсоңор,
Таап салган бул жолду,
Жашасын балдар, атаңар!
Жайдары заман бактыңар,

Балдарым эми жашаңар!!

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Чыгарма эмне үчүн «Жер жана анын балдары» деп аталыптыр?
2. Жердин балдары кайсылар экен?
3. Алардын (жердин балдарынын) талашы эмнеде?
4. Жердин балдарынын айткандарынын кайсынысыныкын туура деп ойлойсуңар? Эмне үчүн?
5. Жер балдарын эмнеге чакырды?
6. Бул чыгарма мазмуну боюнча кандай чыгарма деп аталат?
7. Өзбек адабиятынан ушуга окшош чыгарма окудуңарбы, окусаңар салыштырып көргүлө.

**Айрым сөздөрдүн котормолору**

Жамгыр - ёмғир.
тиричилик - ҳает.
сай - дарe йўли.
мөнгү - муз тоғ.
торгой - тўрғай.
байчечекей - байчечак.
төл - туғилган бола (уй-ҳайвонларида).
буу - буғ.
чагылган - чақмоқ, яшин.
күкүк - какку қуш.



**ТОКТОГУЛ**
**(1864-1933)**

Токтогул азыркы Жалал-Абад областынын Кетмен-Төбө (азыркы Токтогул) районунда жарык дүйнөгө келген. Атасы Сатылган менен энеси Бурма буга чейин балдары турбагандыктан, ырымдап, атын Токтогул коюшкан.

Токтогул жашынан эле ырга, күүгө шыктуу болгон. Хандан, бектен кайра тартпаган курч, чынчыл, адилет акын болгондуктан, бай-манаптар Токтогулдан кутулуу үчүн 1898-жылы Анжиян көтөрүлүшүнө катышты деген шылтоо менен Сибирге сүргүнгө айдатып жиберген.

1910-жылдары Сибирден качып келген. Октябрь революциясынын жеңишине чейин жашынып жүрүүгө аргасыз болгон.

Анын поэма, ырлары арбын.

1933 - жылы өз айылында көз жумган.

**ҮЛГҮ ЫРЛАР**

Дайранын көркү кемеде,
Баланын көркү энеде,
Акыл айтсаң тыңшабай,
Акмактын көркү жемеде.

Бычактын көркү кынында,
Жылкынын сыны кулунда,
Азамат болсоң, эр жигит,
Ардактуу иштен корунба.

Шибердин көркү - мал менен,
Жылкынын көркү - жал менен,
Жылдыздай жанган кара көз,
Жигиттин көркү -жар менен.

Сакалдын көркү чалда бар,
Сулуунун көркү калда бар.
Суктанып жүрбөй ар кимге.
Сүйгөнүңдү тандап ал.

Түн менен жойлой басканда,
Түлкүлөр түшөт капканга,
Түн экен деп, эр жигит,
Максатыңдан жазганба.

Жаман адам белгиси -
Өз камы үчүн жүгүрөт.
Жакшы адам белгиси -
Эл камы үчүн күйүнөт.

Эчкинин көркү - төл менен,
Эгиндин көркү - жер менен,
Эликтин көркү - төр менен,
Эр жигит көркү - эл менен.

Булбулдун көркү гүлдө бар,
Ырчынын көркү үндө бар,
Ак шумкар учса асманга,
Амалың болсо үндөп ал!

Жайлоонун көркү кымызда,
Кишинин көркү ырыста,
Намысы үчүн жоо сайган
Баатырдын көркү урушта.

Аяздын көркү музда бар,
Алгырдын көркү кушта бар,
Тамактын көркү тузда бар,
Саамайдын көркү кызда бар.

Жамгырдын көркү туманда,
Бүркүттүн көркү кыраанда,

Байкабай жүрсөң кокустан,
Кор болосуң жаманга.

Туйгундун көркү түлөктө,
Баатырдын көркү жүрөктө,
Балбандын көркү билекте,
Өрдөктүн көркү чүрөктө.

Кулпунуп туурда таранса,
Куштун көркү түлөктө.
Кошоматчы кууларды
Кондурба да, түнөтпө.

Кылычтын көркү курчунда,
Кундуздун көркү сыртында,
Алышкан душман жоо келсе,
Азамат көркү журтунда.

Бак-дарак көркү гүлүндө,
Бакшынын көркү жининде,
Мукам-мукам  сайраса,
Булбулдун көркү үнүндө.

Аргымак көркү жалында,
Алманын көркү шагында,
Ак жолборс келсе, тартынба
Алтын башын барында.

Мылтыктын көркү огунда,
Милтенин көркү чогунда,
Жайылып малың семирсе,
Жайыттын көркү сонун да!

Туяктын көркү тулпарда,
Канаттын көркү шумкарда,
Кулундун көркү жылкыда,
Каз канаттап эл турса,
Аш-тойдун көркү ырчыда.

Темирдин көркү өгөөдө,
Жыгачтын көркү мөмөдө,
Баатырдын көркү маңдайда,
Чечендин көркү таңдайда.

Бирер түркүн эр жигит
Жетишпей жүрөт ар кайда.
Сыянын көркү каламда,
Сырыңды айтпа жаманга,
Сыр алышып, сыр түйгөн
Сырдашың келет саламга.

Жабдыктын көркү жоргодо,
Жаназа, доорон молдодо,
Жаман адам чырылдап,
Жакын болот олжого,
Жабыгып жүрсө, жигитти
«Жакырсың» деп кордобо.

Козусу кошо жайылса,
Койдун көркү ирикте,
Акылы толук азамат
Айрылбас курбу иликте.
Тунук мүчө, тулпар сын
Дубанды бузган күлүктө.

Сулуунун көркү келбетте,
Шурунун көркү берметте,
Колуңдан келбес бир ишке
Кор болуп көңүл дегдетпе.
Ынтымак болсо калкыңда,
Душманыңдан тартынба,
Айбаты бар жигиттин
Атагы калат артында,
Күжүрмөн эрдин күчү өтөт
Күмүш менен алтынга,
Күчүң барда, эр жигит,
Күмүш өңдүү жалтылда.

Эшендин көөнү зикирде,
Уурунун көөнү пикирде,
Орозодо молдолор
Опулдашат битирге.

Сопунун көөнү азанда,
Сорголтун көөнү казанда.
Чын болсо да, жан кечти
Чыдай берет касамга.

Мергендин көзү милтеде,
Опкоктун көзү күлчөдө.
Жакшы аттын көркү - жал менен,
Сулуунун көркү - кал менен,
Булбулдар таңшып сайрашат
Буралган кырчын тал менен.
Жайлоонун көркү ачылат
Жайдары чарба мал менен,
Карыса да кемпирлер,
Калжаңдашат чал менен.
Жердин көркү ачылат
Жайкы жашыл гүл менен,
Жай сыпаты бир сонун
Жандын баары дүрбөгөн.

Дыйкандын көркү - жер менен,
Күлүктү чабат тер менен,
Кадырлаш болсо өлгөнчө
Катындын көркү эр менен.

Эл тирилик кылганда,
Эсирип уктап кур жатпа,
Иш тапшырба жалкоого,
Акыл айтпа чалпоого!

**Суроолор жана тапшырмалар:**
1. Ырдын аталышына көңүл бур?
2. Ырдагы ар бир түрмөктөгү биринчи, экинчи сап менен үчүнчү төртүнчү саптарды салыштыр. Булардын бири-бирине кандай байланышы бардыгын байка.
3. Ырдагы салыштырууларга көңүл бур, эмне үчүн, кандай максатта салыштырылып жатканын баамда жана өз сөзүң менен түшүндүрүп бер.
4. Ырда адамды эмнеге үндөйт? Эмне үчүн үндөйт?
5. Үлгү ырларын акындар чыгармачылыгынын кайсы учурунда чыгарышат?
6. Өзбек акындарынын ушундай тема, мазмундагы ырларына салыштыр. Окшоштугуна айырмачылыгына көңүл бур. Сүйлөп бер.
7. Жаккан ыр түрмөктөрүн жатта. Эмне үчүн ушул түрмөктү тандадың, себебин түшүндүр.

**Айрым сөздөрдүн котормолору.**

| | |
|---|---|
| *үлгү* | *-намуна, нусха.* |
| *акмак* | *- аҳмоқ.* |
| *кын* | *- қин.* |
| *жал* | *- ел.* |
| *жар* | *- севикли.* |
| *кал* | *- хол.* |
| *түлөк* | *- туллаган қуш.* |
| *чүрөк* | *- чуррак.* |
| *өгөө* | *- эгов.* |
| *жорго* | *- йўрға.* |
| *олжо* | *- ўлжа.* |
| *ирик* | *- ахта қўчқар.* |
| *келбет* | *- қад-қомат, бўй-баст.* |
| *шуру* | *- маржон шодаси.* |



## ЫСАК ШАЙБЕКОВ
**(1880-1957)**

Ысак Шайбеков 1880-жылы Пишпек уездине караштуу Чон-Кемин өрөөнүндөгү Кайыңды деген жерде келейдин үй-бүлөсүндө туулган. Ысак алты жашында атасынан ажырап жетим калып, жокчулуктун азабынан кичинесинен эле жалчы жүрүүгө аргасыз болот. Жыйырма жаш курагында Токмок шаарына келип, дин мектебинен окуйт. Акча төлөөгө каражаты жок болгондуктан, мугалимдин жумуштарын бекер иштеп берип, сегиз жыл окуп, кат таанып чыгат. 1916-жылы кыргыздар козголгондо бөтөн жерге оошуп кетүүгө аргасыз болот. Ал жерде «Кайран эл», «Кайткан эл», «Азган эл» деген чыгармаларын жаратат.

### КАЙРАН ЭЛ
(1916)

Айгыр ат менен атан төө,
Арык кылды, кайран эл.
Өлгөн жерде терисин
Чарык кылды, кайран эл.
Алты шаар элдерин
Карып кылды, кайран эл.
Караңгы уйгур тамына
Жарык кылды, кайран эл.
Бир конгон жерге бир жылкы,
Зарып кылды, кайран эл.

Айгыр атка эки сээр
Нарык кылды, кайран эл.
Кара жанын карч уруп,
Карып кылды, кайран эл.
Өзүн-өзү ар кимге
Тарып кылды, кайран эл.
Антпегенде кантеди,
Акыл, эси айран эл.
Бир жүз сомдук аттарын
Сээрге сатты, кайран эл.
Алган сээрин бир конгон
Жерге сатты, кайран эл.
Ала кийиз, төшөк жок,
Жерге жатты, кайран эл.
Аксы, Турпан сыз жери
Белге батты, кайран эл.
Төөлөр өлүп, эшекке
Жүгүн артты, кайран эл.
Чылгый-чылгый терини
Бутка тартты, кайран эл.
Жүктөп алып, эшекти
Жетеледи, кайран эл,
«Арзан шаар кайда?» - деп
Төтөлөдү, кайран эл.
Карылары баса албай,
Жөтөлөдү, кайран эл.
Жаш балдарын мойнуна
Көтөрөдү, кайран эл.
Караңгы уйгур тамына
Корголоду, кайран эл.
Баарын берип, жан үчүн
Жорголоду, кайран эл.
Жазгы жамгыр мойнуна
Шорголоду, кайран эл.
Чыны менен ошентип,
Кор болобу, кайран эл?
Жөө басып, таманы
Чор болобу, кайран эл?
Капка аштык таба албай,
Дорболоду, кайран эл.
Убактында кир жуубай,
Мор болобу, кайран эл?
Антпегенде кантеди,

Акыл, эси айран эл.
Ат жабууга үй боосун
Чарчылады, кайран эл.
Көп көзөнөк алам деп,
Чачылады, кайран эл.
Кайсы күнү кабагы
Ачылады, кайран эл?
Кийиз, тери сатышып,
Кажылады, кайран эл.
Сата электе базарчы
Бажылады, кайран эл.
Бажы деген зордукка
Зар ыйлады, кайран эл.
Бажы алуучу улугу
Калжырады, кайран эл.
Кийим, тамак таба албай
Алдырады, кайран эл.
Ар кимге: - там бергин - деп,
Жалдырады, кайран эл.
Бай малынан түңүлүп,
Шалдырады, кайран эл.
Жарды жанын канетип
Калдырады, кайран эл.
Сатмак үчүн бозону
Салдырады, кайран эл.
Антпегенде кантеди,
Акыл, эси айран эл!
Тополоңу тоз болуп,
Тозуп кетти, кайран эл.
Өз элинен адашып,
Бозуп кетти, кайран эл.
Элдин алды илгери
Озуп кетти, кайран эл.
Кымбат кылып кыштакты
Бузуп кетти, кайран эл.
Эртели-кеч досу, жарын
Көрүшпөдү, кайран эл.
Чогулушуп өлгөнүн
Көмүшпөдү, кайран эл.
Өкүмүнө Николай
Көнүшпөдү, кайран эл.
Чыдап тирүү зордукка,
Өгүз беле, кайран эл?

Койбой сатып үй ичин,
Эгин тапты, кайран эл.
Иши кылып жан сактоо
Эбин тапты, кайран эл.
Баасына жеткирбей,
Тегин сатты, кайран эл.
Уул, кызга калуучу
Себин сатты, кайран эл.
Соодагерге алдатып,
Жеңил сатты, кайран эл,
Жесир калган эри өлүп,
Келин сатты, кайран эл.
Бир-биринен адашып,
Тоз, тоз болду, кайран эл.
Оокат үчүн бир күндүк
Ашпоз болду, кайран эл.
Эртели, кеч бир-бири
Баш кошподу, кайран эл.
Болжоп жолдун боюнда
Бозо сатты кайран эл.
Чем-чем болуп жол-жолго,
Болжоп жатты, кайран эл.
Бир топ уук, бир түндүк,
Сайма кылды, кайран эл.
Жүгөрүнүн унунан
Жарма кылды, кайран эл.
Өз жеринен адашып,
Арман кылды, кайран эл.
Бир-биринен адашып,
Таппай жүрөт, кайран эл.
Олтурууга бир аймак
Батпай жүрөт, кайран эл.
Бир жерине тынч алып,
Жатпай жүрөт, кайран эл.
Көзү кыйып бай малын
Сатпай жүрөт, кайран эл.
Жарды байкуш эч нерсе
Таппай жүрөт, кайран эл.
Таяк алса колуна
Аттай жүрөт, кайран эл.
Почто менен жиберген
Каттай жүрөт, кайран эл.
Жакындары карабай,

Жаттай жүрөт, кайран эл.
Мурункудай тамагын
Татпай жүрөт, кайран эл.
Казан, аяк, табактар,
Үбүн сатты, кайран эл.
Чычырканак казышып,
Түбүн сатты, кайран эл.
Кымыз, бозо ачыткан
Күбүн сатты, кайран эл,
Тоо токойдун ичинен
Дүмүр сатты, кайран эл.
Үйгө жыйган төшөнчү,
Жүгүн сатты, кайран эл.
Нечен көчөт термелүү
Түрүн сатты, кайран эл.
Кийимдерин кылалбай,
Жүнүн сатты, кайран эл.
Оокат үчүн аларды
Күнүн сатты, кайран эл.
Күмүш чапкан куюшкан,
Жүгөн сатты, кайран эл.
Эч немесин калтырбай,
Түгөл сатты, кайран эл.
Түрлүү-түрлүү көчөттүү
Шырдак сатты, кайран эл.
Мал базарга бышырып,
Шыйрак сатты, кайран эл.
-Арзан шыйрак мында! - деп,
Ырдап сатты, кайран эл.
Актай чийди кызылга
Чырмап сатты, кайран эл.
Түрлүү-түрлүү чырмаган
Чийин сатты, кайран эл.
Түгөнгөн соң, үй ичи,
Кийим сатты, кайран эл.
Кийимдерин баарынан
Кийин сатты, кайран эл.
Көчүп барган жерлерин
Кымбат кылды, кайран эл.
Аксы, Турпан байына
Кызмат кылды кайран эл.
Кеңдетип эшекти,
Жорго ат кылды, кайран эл.

Алты ай багып, өз атын
Зорго ат кылды, кайран эл.
Өзү сүйгөн буюмун
Арзан сатты, кайран эл.
Аштык, саман, чөп үчүн
Арзандатты, кайран эл.
Өз наркына жеткирбей,
Айрандатты, кайран эл.
Так ошентип акылын
Айраңдатты, кайран эл.
Көйрөңдөрүн чачылып,
Дардаңдатты, кайран эл.
«Бегим жакшы бегим» деп,
Жарбаңдатты кайран эл.
Чакырып алып үйүнө,
Тайраңдатты, кайран эл.
Табак тартып, колдорун
Тарбаңдатты, кайран эл.
Колун улам: «алың» деп,
Арбаңдатты, кайран эл.
Аштык салып алгыдай
Кабын сатты, кайран эл.
Алып келип калемдин
Сабын сатты, кайран эл.
Ыңырчак менен көтөрмө
Аркан сатты, кайран эл.
Ачкасына чыдабай,
Арзан сатты, кайран эл.
Кийип турган үстүндө
Тонун сатты, кайран эл.
Эч нерсесин калтырбай,
Сонун сатты, кайран эл.
Үйгө жыйган казына
Булун сатты, кайран эл.
Энелерин ээрчитип,
Кулун сатты, кайран эл.
Илме менен сайдырган
Сайма сатты, кайран эл.
Мал базарга бышырып,
Жарма сатты, кайран эл.
Тогуз карыш, он карыш
Казан сатты, кайран эл.
Ак кагазга көчүрүп,

Казал сатты, кайран эл.
Атка, үйгө жарашкан
Жабдык сатты, кайран эл.
Эң аягы бир теңге
Жандык сатты, кайран эл.
Баш кошуп чогуу байыр албай,
Сайлап жүрөт, кайран эл.
Азаттыкты эңсешип
Зарлап жүрөт, кайран эл.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. «Кайран эл» деген аталышка көңүл бургула.
2. Эл тагдыры эмне үчүн мынчалык аянычтуу абалга түшүккан?
3. Оор тагдырынын себебин түшүндүрүп бергиле.
4. Уул-кызын, келинин саткан адамдар таш боорбу?
5. 1916-жылкы бул окуя эмнеге байланыштуу чыккан? Тарыхка таянып айтып бергиле.
6. Ыр саптарынан жаттагыла, эмне үчүн ушул саптарды жаттадыңар, себебин түшүндүргүлө.
7. 1916-жылкы окуяга байланыштуу өзбек адабиятындагы чыгармалар менен салыштырып көргүлө.

**Айрым сөздөрдүн котормолору.**

*чарык* - *чармдан қилинган оёқ кийим, пойабзал.*
*карып* - *бебахра, бенаво, ғариб.*
*аштык* - *бошоқли ғалла ўсимликлари.*
*тозуу* - *тўзиб кетмоқ.*
*бозуу* - *қочиб қутулмоқ.*
*эп* - *уддабурон.*
*жесир* - *есир, тул.*
*жарма* - *обиевган.*
*жун* - *жун, юнг.*
*жүгөн* - *юган, жуган.*
*жабдык* - *асбоб.*
*азаттык* - *озодлик.*



## ЖООМАРТ БӨКӨНБАЕВ
## (1910-1944)

Кыргыз элинин таланттуу акыны Ж. Бөкөнбаев Токтогул районундагы Мазар-Сай айылында туулган. Ал атасынан беш жашында эле жетим калып, Борбу байдын коюн кайтарып күн өткөрөт.

Жоомарттын акындык шыгынын ойгонушуна Токтогулдун акыл-насаат жана таптык маанидеги ырлары таасир эткен. Акындын адам, өмүр, турмуш жөнүндөгү ырларын айылдык жамакчылардан, карыялардан көп уккан. Ошондой эле энеси Алтынай да ырга, кошокко, жомокко шыктуу, ар нерсени тез баамдап түшүнгөн акылдуу киши болгон.

Жоомарттын чыгармачылыгынын башталышы Совет өкмөтү жаңы курула баштаган учурга туура келди. Эмгекчилерге эркиндик-теңдик алып берген Совет бийлигин чыңдоого активдүү катышып, өзүнүн ырлары менен тап душмандарга каршы күрөш жүргүзөт. Социалисттик коомдогу өзгөрүш жаңылыктарды, элдин жетишкен ийгиликтерин кубана ырдайт.

Улуу Ата Мекендик согуш жылдарында акын Мекен, эл-жерди коргоо жөнүндөгү патриоттук темадагы ырларга көп кайрылат.

### ЧЕПТЕН ЭРДИН КҮЧҮ БЕК

Байыркы бир заманда эл бар экен
Өзүнчө эркин, ээн жашап турган.
Багында булбул сайрап, гүл жадырап,

Башкача сонун жерди мекен кылган.

Ар жылы күчтүү жоолор каптап кирип,
Талоонго салат экен мүлкүн, малын.
Ойрондоп эчен кымбат ордолорду,
Олжолоп алып кетип сулууларын.

Кордугу душмандардын жанга батып,
Бир күнү кеңешүүгө эл чогулду.
Бардык күч, бардык мүлкүн сарып кылып,
Жоо өткүс бекем чепти курмак болду.

Айлантып кең өлкөсүн дубал куруп,
Киришти эмгегине күн өткөрбөй,
Көтөрүп пайдубалын келген кезде,
Кайрадан кулап түшөт жар көчкөндөй.

Калың журт кайгыланды, кансырады...
Катарлап көтөрө албай пайдубалды.

«Себебин бул укмуштун ким табат» - деп,
Ырчылар жар чакырды, күүгө салды.

Бири айтты: «Асыл таштан койгун» - деди,
Бири айтты: «Ак боз бээ сойгун» - деди.
Асыл таш, алтын менен койсо дагы
Токтобой дубал көчүп кулай берди...

Тартышты капаланып калк убара,
Ойлонуп таба албады көп улама.
«Мен чечем бул түйүндү» - деп сүйлөдү
Жылаң бут, ак сакалдуу бир карыя.

Карыя токсон жашка келген экен,
Кыдырып бүт дүйнөнү көргөн экен.
Акылы алмаз менен болоттон курч,
Алыскы бир ажайып жерден экен.

Качанкы чечилбеген сырды угууга,
Калайык жабылыша кулак түрдү.
Сакалын оң кол менен сылап алып,
Салмактуу коргошундай сөзгө кирди:

«Калп болбойт карыяңдын айткан кеби
Калайык акылыма көнсөң деди.
Түк көчпөйт бул дубалың кылым бою,
Тирүүлөй бир кишини көмсөң» - деди.

Башка сөз айтканы жок басып кетти,
Карыя кайырдашып колун булгап.
-Кандай? - деп эки жолу сурабастан,
Баштарын жерге салды эл тунжурап.

«Кайсы эр бул кызматка чыгар экен,
Бул дубал эр канына кумар экен?» -
Деп ырдап бир топ ырчы элди айланып,
Күн бою жар чакырды эчен-эчен.

Бирөө да «мен чыгам» деп сөз катпастан,
Мостоюп карап турду дудуктанып.
Обдулуп он үч жашар бир жетимче
Сүйлөдү жаман тонун чечип салып:
«Үктум да, шашкан бойдон келдим, - деди.
Мен даяр тезден гана көмгүн, - деди,
Арманым дүйнөдө эч калбайт го,
Жарасам керегине элдин!» - деди.

Жаш бала пайдубалга барып турду,
Көпчүлүк күрөк менен чачты кумду.
Аңгыча алсыраган жалбарыңкы
Боздогон муң, кайгылуу үн угулду.

Бир караан шашып чуркап келет экен,
Бул караан жаш баланын энеси экен.
Атадан жетим калган жалгыз уулун
Алпечтеп айнегим деп эркелеткен.

«...Кулунум, кучактайын мында келчи,
Кууратпа карыганда апакеңди.
Көмбөгүн, жалгызымды көмбөгүн!» - деп,
Көзүнөн жаш куюлуп ыйлап келди.

«...Ыйлаба, көз жашыңды тыйгын, эне!
Ырайым жетимиңе кылгын, эне!
Жаныңдан артык көргөн тууган элдин
Жалгызың жарап кетти керегине.

Уулуңдун убайын көрөм деп тиленип,
Ушундай ишке арнап бакпадыңбы.
«Эркетай, элиң үчүн курман бол!» - деп,
Эч качан унутпаймын айтканыңды».

Энеси элге карап сөз баштады
Маанисин байкап туруп айткан кептин:
«Ата журт кызматына жанды берип,
Айланам, ак сүтүмдү актап кеттиң!».

Жалбарды жалгызына, беттен өптү,
Аарчыды жашка толгон эки көздү,
Колуна күрөк алып кайрат менен,
Көмүүгө баласына кумду септи.

«Энеке, бул кылганың адамчылык,
Жүрөгүң акак, бермет таштан тунук.
Өтөбөй калайыктын бир кызматын
Жүрбөймүн жер бетинде адамсынып...»

Коштошуп өбүшүштү эне, бала,
Кайраты бул экөөнүн ташкын дайра.
Кум толуп алкымына келген кезде
Шып этип жетип келди да, карыя:

«Көмбөгүн, бул баланы, ачкын, - деди.
Чеп курбай үй-үйүңө кайткын, - деди.
Көтөрбө чеп, коргондун кереги жок,
Кордукка мындай балдар бербейт элди.

Киришсе ким да болсо чеп тургузат.
Чеп-ылай, каптап кирсе душман бузат,
Балдарың баары ушундай өсүп турса,
Багынтып бул жүрөктү ким коркутат?!.

Черди жаз. Тепкин шапар. Кургун сайран.
«Чеп жок» деп кайгы тартып кам санаба,
Кандай жоо басып кирип баш ийдирмек
Турганда мындай эне, мындай бала!..»

**Суроолор жана тапшырмала:**

1. Эл күчтүү жоодон коргонуу үчүн эмне кылышмак болду?

2. Чеп куралбай аргасы кетип турган элге карыя кандай акыл айтты?
3. Тирүүлөй көмгөнгө даяр экенин билдирип ким чыкты?
4. Бала менен Эненин сөзүнө көңүл бөлгүлө. Чындык ким тарапта?
5. Эне таш боорбу же боорукерби? Далилде.
6. Карыя тирүү адамды көмгүлө деп эмне үчүн айткан? Анын кайра көмбөгүлө дегенинин себеби эмнеде?
7. Жаккан ыр түрмөктөрүн жатта.

**Айрым сөздөрдүн котормолору**

| | |
|---|---|
| *чеп* | *- кўрғон.* |
| *мекен* | *- ватан.* |
| *жоо* | *- ёв* |
| *талоон* | *- талаб кетмоқ.* |
| *ордо* | *- қароргоҳ.* |
| *кордук* | *- (хор-зор) хўрламоқ, хўрлик.* |
| *кенеш* | *- маслаҳат.* |
| *мүлк* | *- мулк.* |
| *өлкө* | *- ўлка.* |
| *пайдубал* | *- пойдевор.* |
| *убара* | *- оворагарчилик.* |
| *улама* | *- билимдон одам, уламо.* |
| *Алмаз* | *- олмос (қиммат баҳотош).* |
| *Болот* | *- пўлат.* |
| *сыр* | *- сир.* |
| *Ата Журт* | *- ватан.* |
| *Акак* | *- ярқироқ тош, ёқут.* |



**АЛЫКУЛ ОСМОНОВ**
**(1915-1950)**

## ЖАЗУУЧУЛУК БАЯНЫМ

Мен жазуучулукка бала күнүмөн ынтызар элем. 1927-жылы он үч жашымда кайсыдыр бир окуу китебинде басылып чыккан «Жайлоо» деген (авторун билбейм) аңгемеге ашык болгонумду унутпайм. Эне тил сабагынан берген... мугалим ошол аңгемени бизге окуп берди да (жаз чыгып келе жаткан мезгил эле): «Жакында жайлоого чыгасыңар, кайра күз келгенге чейин ушул өңдөнгөн аңгемени жаза келгиле» - деди. «Чын эле кантип жазам» - деген ой мени аябай эңсетти...

1929 - жылы мен 1925 - жылдан бери окуп жүргөн Токмок шаарындагы интернаттын дубал газетасына биринчи ырым чыкты. Ошол кезден баштап жазуу ишине көңүл кое баштадым.

1929-жылы Фрунзедеги Педагогика техникумуна келип кирдим. Ал кезде мындагы окугандардын көпчүлүгү адабиятка шыктуу эле, мени ого бетер кызыктырышты...

Ошол убактан баштап Пушкин, Лермонтов, Лев Толстой, Тургенев, Некрасов, Гоголдун аттарын уга баштадым жана казак классиги Абай Кунанбаевдин ырларын окуп жүрдүм...

1929-жылдын кышында биринчи жолу А.С. Пушкиндин «Кышкы кеч» деген ырын котордум... Ошол жылы кышында дубал газетага Уултай деген кыз тууралуу жазган какшык ырым чыкты.

1930-жылдын сентябрь айында «Сабаттуу бол» деген республикалык газетага «Кызыл жүк» деген ырым чыкты. Ал ырды

окуп алып ошол түнү кубангандан уктабай чыктым. Газетаны катып коюп, күнүгө он жолу окуйм. Эртеси дагы бирди жазып алып бардым, анан дагы... анан дагы... бош убагымда да жазам... 1931-жылы кышында «Ленинчил жаш» газетасына менин чыгармам тууралуу атайын бет уюштурушту.

1935 -1937 - жылдары мен көбүнчө которуу ишине киришип, А.С. Пушкиндин лирикасын, Лермонтовдун лирикасын, «Качкын» поэмасын, 1936-жылы Крыловдун «Тамсилдерин» котордум...

1937-жылы Москвага бара жатып да, кайра келе жатып да Шота Руставелинин «Жолборс терисин кийген баатырынын» котормосун, ал жөнүндөгү кээ бир макалаларды окуп жана ошону которууну ойлодум. Бул санаа мени көп уйкулардан калтырды. «Чоңойдум, эр жеттим, эми бир зор иш кылбасам менин Алыкул атым кайсы?» - дейм... Буга кошумча бул укмуштуу поэма мени аябай кызыктырды.

1938-жылы май айынан баштап ушул улуу поэманы которууга кириштим... бардык намысым менен иштейм. Поэмадан ажырай албайм, көп убактарда таң атканга чейин отурам, окуйм, котором, таң калам, кубанам! Дүйнөдө мен гана бактылуумун деп ойлойм... Китеп 1940-жылы Казандан басылып чыкты. Бир жылдан соң айылдан Тариэл, Автандил, Тинатин, Даражан деген жаңы туулган балдардын, кыздардын аттарын уга баштадым. Демек, китеп кыргыз элине жетип жана аябай жаккандыгы билинет...

1945-жыл менин жеке өмүрүмдүн жана чыгармачылыгымдын бышкан мезгили деп ойлойм...»

А. Осмонов элдик чыгармаларга кызыгып, алардын көбүн эл арасынан өзү чогулткан. «Толубай сынчы» жөнүндөгү уламыштар, аңгемелер, жомоктор эл арасына кеңири таралган. Анын бир канча варианттары бар. Ошондой уламыштардын биринин негизинде 1937-жылы «Толубай сынчы» поэмасын жазган.

## ТОЛУБАЙ СЫНЧЫ

> «Толубайдай сынчы бол
> Токтогулдай ырчы бол»
> (Эл сөзү)

Замана кандай кары, кандай керең,
Закымдап учкан сайын түбү тереӊ...
Ошондой унутулган бир күндөрдө
Кыргыздан Толубай сынчы өткөн экен.

Толубай деп, Толубай атын салт кылган бар,
Не билсин ал жөнүндө жаш уландар,

Суусаган таттуу жомок ширесине
Сөз кылат тамшанышып карыялар...

Заманды жакшы көрөт, баркын билет,
Жаштарды алдына алып эркелетет,
Төмөнкү Толубай аттуу эски дастан
Эски абан, эски ырлардай эске келет.

Ой ойлоп, чексиз ойго көңүлү тынбай,
Ааламдын кучагына батпай, сыйбай.
Сайратып салтанаттуу ырчыларды
Калкына жар чакырткан мына мындай:

«Көл кечип, ашуу ашып, жол жүрүүгө,
Кабыландай кайра тартпай,
жоо сүрүүгө,
Сынчылар сындан тайбай тулпар тапсын,
Намыска, кан сапарга мен минүүгө.

Урмат чоң тунук туяк тулпар тапса,
Сынчылык сынга толгон ушундайда.
Шарт ушул: эки көзүн оюп алам,
Эгерде бир жеринен жазып калса...»

Уккан соң бул жардыкты албан дубан,
Калдайган көз алдына кара туман.
Аптыгып Азиз хандын амиринен
Сынчылар башын чайкап көзүн жумган.

Ушундан бир аз кийин көп күн ообой,
Жашыл кыр төрдөн түшүп талаа бойлой,
Чарчаган бектер менен келе жатса,
Азиз хан уучулуктан жолу болбой.

Чөк түшүп, тизе бүгүп, кыбыла карап,
Качанкы куурап калган башты кармап,
Күбүрөп, күңгүрөнүп бирдеме айтып,
Алыста бир укмуштуу чал олтурат.

«Баргын, - дейт, жанындагы жан-жөкөрүн,
Ким экен жакын барып байкап көргүн».
Ал келип, салам айтса алик албай,
Чал сүйлөйт эки жакка бурбай көңүлүн:

«Аттиң ай, Толубайлыгым сен билсеңчи,
Тушунда тулпарлыгың мен билсемчи,
Туйгундай колду жарып, кайып учуп,
Туйлатып, туу кармаган эр минсечи...»

Келген жаш Толубай чалга минтип сүйлөйт:
«Сен кимсиң? Билбей кайтсам көңүлүм кирдейт,
Бул эмне?» - деп сураса, чал энтигип:
«Бул куу баш-Алпамыштын Чаар
атыѳ», - дейт...

Ушинтип Толубай сынчы сүйлөр менен...
Жаш мырза шаңдуу топко белги берген.
Күтүрөп көпкөн жаштар ортого алып,
Азиздин ордосуна алып келген.

Эртеси Азиз падыша Толубай чалды
Вазирден тез чакыртып жанына алды.
Астынан эсеп жеткис жылкы айдатып,
Ичинен тулпар тап деп кыйноо салды.

Куп дебей, жарайт дебей, же жок дебей,
Түнөрүп күзгү узун түн түнөргөндөй.
Көрөгөч Алпкаракуш сыяктанып,
Толубай бир туякты кур жибербей.

Алдыртан, ичтен сынап карап турат,
Нечен бир жибек жал ат, камыш кулак,
Көрктөнүп, көккө атылып, көйрөңдөнөт,
Сынчынын көңүлү тынбай, кандай кылат.

Жортуулга тандап минчу шок боз балдар,
Буулуккан азоо күлүк буудандар бар.
Сынчы аке кумурскадай кунсуз беле,
Ушунча жер жайнаган жаныбарлар?..

Ошентип, күн чак түштөн бешимге ооду,
Макталуу сан учкулдар өтүп болду,
Азиз хан бул көркkө мас, бул көркkө таң,
Бирок чал жерден башын албай койду.

Аңгыча, ай-жылдыздай асмандагы
Асемдүү алтын тубар жабуулары

Бир-бирден шаани менен өткөрүлдү,
Азиздин асыл деген тулпарлары.

Эрке өскөн байдын жалгыз баласы окшойт,
Тулпарлар жибек килем үстүндө ойнойт.
Хан тиктейт, эми сынчым эмне дейт деп,
Бирок ал каадасынча, карап койбойт.

Азиз хан ызаланат, жини кайнап,
Баркылдап, кулдарына минтип айтат:
«Шаардан ат бүткөндүн бирин койбой
Кесирдүү сынчы алдынан өткөр айдап!»

Буйрук бир... кулдар макул, ошентишет,
Мейли антсин, баары бекер пайдасы тек.
Сынчы ата, бейит окшоп үнсүз, сөзсүз
Былк этпейт, дабыш бербейт, көз ирмебейт.

Улуу хан бул жорукка айран калды,
«Канакей, өткөргүлө дагы барбы?» -
Дегенде жооп берди чур этишип:
«Бир гана Кармыш кулдун бозу калды».

Кырчаңгы, арык, ачка, эшек кейпи,
Кыбырап сылтый басып боз да келди.
Кубанып Толубай ыргып тура калып:
«Падышам, анык тулпар ушул!» - деди.

Азиз хан муну укканда калтырады.
Кабагын карыш түйүп каарланды.
Арсыз чал, шылдыңыңа жазаң бул деп,
Сынчынын эки көзүн оюп салды.

Бирок ал бул бүтүмгө таарынган жок,
Оюлган эки көзүн эки колдоп,
Аярлап, аккан канын басып туруп,
Муну айтты, хан алдына келип токтоп:

«Датымды ук, акыркы жол, улуу ханым!
Жаман боз көз куну үчүн мага калсын.
Тагдыр бир, жараткан бир калыс болсо,
Ким-кимдин жаңылганын талдап алсын».

Азиз хан ары кетти топтон чыгып,
Сынчыга «ал» дегендей белги кылып.
Жетелеп жаман бозду жолго түштү,
«Болду» деп, Толубай ата ичтен тынып.



Ошентип, көп күн батты, көп таң атты...
Шылдырап бир калыпта суулар акты.
Көрсөтпөй эч адамга жер түбүндө
Толубай жаман бозду багып жатты.

Чаалыкпас, арыбас кылып, ашуу, зоодо,
Кайыкпас, талбас кылып борошого.
Кулпунтуп, тулпар кылып, минип чыкты,
Сынчы ата туура кырк бир күн болгондо.

Кемпирин (жолду көрбөйт) алдына алып,
Артына кең олтуруп, өзү учкашып,
Сейилден көңүл сергип, келе жаткан
Хан жолун туура тосуп тура калып.

Сынчы айтты: «Амансыңбы, Азиз ханым,
Биз минген өзүң көргөн боз жаманың.
Кош эми, жигитчилик арың болсо,
Бул тулпар сага ылайык, жетип алгын!

Кемпири аттын оозун кое берди,
Кара жер камгак болуп тегеренди.
Азиз хан өзү баштап «Жет, кармалап!»
Ана көр, көтөрүлүп кууган элди.

Аз-аздан барган сайын ызы-чуулар,
Алыстап калып жатты куугунчулар,

Аркырап учкан боздун арышына
Жер да тар, асман да тар, аалам да тар...

Шумдук-ай, көзгө илешпейт эч бир нерсе.
Учат бейм бул боз айбан чуркайт десе.
Арт жактан жалгыз дүбүрт дабыш чыкты,
Толубайлар күндүк жерге жеткен кезде.

Деп сурайт Толубай анда: «Бул кандай ат?»
Кемпири: «Чоң күрөң боз» - деп унчугат.
Сынчы анда: «Билем аны, жука туяк,
Күрөңдү кудай алсын, таштакка тарт».

Боз тулпар шарт бурулду, аркырады,
Тоодой таш кумдай болуп
быркырады.
Чоң күрөң жолдон тажап, бутун силкип,
Жете албай, ошол бойдон калып калды.

Эртеси экинчи күн түш мезгилде,
Угулат жер силкинткен да бир нерсе.
Кемпири: «Жээрде кашка» - деп жооп берет,
Сынчы ага: «Бул кандай ат», - дегенинче.

«О, билем, жээрде кашка-жеңил кашка.
Карт эмес, эки жарым асый жашта.
Кемпирим, күнгө салгын, эсимде, бар,
Бир гана мээси жука, малдан башка».

Кемпири күнгө тартты боз тулпарды,
Ансайын кызыгандай кош канаты,
Күн өтүп, жээрде кашка чуркай албай
Ыраактап, карга болуп караандады.

Ал эми үчүнчү күн таң алдында,
Эң сүрдүү дабыш чыгат бир башкача.
Кемпири жооп берет: «Жибек көкүл,
Жээрде ат өзү окшойт - деп, Азиз падыша».

Сынчы ата сөзүн буруп Азиз ханга:
«Жаман боз минген ат, таанып кара!
Падышам, сын баркына жете албадың,
Акыры ээн талаада сен маскара!..

Менде жок арманды угар тууган-досум
Жана да өнөр билген жан жолдошум...
Кантейин, жаратканга айтарым бар,
Артымда атымды айтар заман болсун», -

Деди да камчы салды боз тулпарга,
Боз тулпар жакшы кызып эми гана,
Дайынсыз сапар алып зымырады.
Эли жок, жери жоктой бул ааламда.

Жер жүзү, жер бүткөндү бүт тебелеп,
Ай менен Күн ортосун жалгыз ээлеп,
Акыры бир деңизге түшүп кетип,
Ошентип, Толубай сынчы өлсө керек.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Поэма эмне үчүн мезгилдин тездигин сүрөттөө менен башталган?
2. Азиз хан элине кандай жар чакырткан?
3. Толубайга кантип жолугушат?
4. Толубай кайсыны чыныгы тулпар деп кубанды?
5. Азиз хан менен Толубайдын талашында ким утту, чындык ким тарапта экен?
6. Толубайдын арманы эмне болду?
7. Бул чыгарманын азыркы күнгө кандай тиешеси бар?
8. Жаккан ыр түрмөктөрүн көркөм, жат айтууга даярда.

**Айрым сөздөрдүн котормолору**

*Сынчы* - *билагон, билармон*
*ырчы* - *ҳофиз*
*керен* - *гаранг*
*салт* - *расм, одат*
*улан* - *ўспирин, йигитча*
*дастан* - *достон*
*дубан* - *уезд*
*амири* - *амри*
*Алпкаракуш* - *жуда улкан қарақуш, семург*
*Жортуул* - *босқинчилик*
*буудан* - *чопқир от*
*айран калуу* - *ҳайрон бўлиш*
*шылдың* - *масхара қилиш*

| | |
|---|---|
| *бутүм* | *- ечим, қарор, битим* |
| *дат* | *- арз-дод* |
| *сейил* | *- сайр, сайил* |
| *туяк* | *- туёк* |
| *аалам* | *- олам.* |



## КУСЕЙИН ЭСЕНКОЖОЕВ
## (1920-1941)

К. Эсенкожоев - кыргыз балдар адабиятына негиз салуучулардын бири. «Саякатчы бала», «Үчүнчү шар», «Родинанын уулу» деген фантастикалык чыгармаларды жазган. Улуу Ата Мекендик согушта Москванын алдындагы катуу салгылашта курман болгон.

## ҮЧҮНЧҮ ШАР

Жолдоштор! Мен өзүмдүн кесибимдин орчундуу жерлерин сиздерге айткым келет. Албетте, менин кесибимди билгенден кийин, сиздер да меники сыяктуу кесиптерди ойлоп жана маанилүү жыйынтыкка келүүңүздөрдү күтөмүн.

Мен бир күнү асмандан калкып жүргөн жаандын бууларын, абада сызып учуп жүргөн канаттуу куштардын учушун байкап, алардын асманда көтөрүлүп учуп жүргөндүгүнүн себептерин таба албай, көпкө ойлонуп жүрдүм. Бирок көп убакыттар өтсө да, алардын асманда көтөрүлүп, абада калкып жүргөндүгүн чече албадым. Менин мындай окуянын чындыгына жетүүдөгү максатым зор эле. Мен тажрыйба кылуунун натыйжасы менен гана ал максатка жетеримди билдим. Ал максатты иш жүзүнө аткаруу үчүн, бир топ чоң окуяларды өткөрүү керек болду.

**Тажрыйба.** Менин белгилүү оюма жардамдаш бир буюм табылса, ошол буюм аркылуу гана астымдагы чечилбеген максатты чечеримди билдим. Асманда дүйнөнүн боштугунан орун алып, жер шарын тегерете курчап турган абадан жеңил бир буюм табуу эле, ал буюмду сураштырып жана тажрыйба кылып гана таптым. Ал табылбаган буюм

асманда калкып жүргөн калың абанын бир түрү болучу. Ал водород газы эле. Бул водород газы суу составынын үчтөн эки бөлүгүн ээлеп, жалпы абадан 14,5 эсе жеңил экендиги белгилүү болчу.

**1-аракет.** Менин тилеген буюмум табылгандан кийин, баягы чечилбеген максатым да чечилди. Мен ал водород газын бир шарга толтуруп, оозун бууп, көккө кое бердим. Ал шарым жогорулагандан жогорулап, алыстай берди. Мен мындай жеңил газ аркылуу шардын жогорулап учушунан булуттардын жогоруда көтөрүлүп жүрүшүн билдим.

**2-аракет**. Мен экинчи шар жасап, ал шарга белгилүү оордукту көтөрүүнү ойлодум. Бир күнү экинчи шарымды жасап бүтүп, өзүмдүн багып жүргөн бир итиме жакшылап үй жасап, терезе салып тамак камдап, абанын суюк катмарында кислороддун жетишсиздигин эске түшүрүп, иттин дем алууга керектүү абасын даярдап, газга толгон шар менен бирге чиркештирип, асманды көздөй учуруп кое бердим. Ит белгилүү ыраактыкка чейин терезеден башын чыгарып барды да, алыстаган сайын караан жоголуп, кайда кеткени белгисиз болду.

**3-аракет**. Мен үчүнчү шар жасап, өзүм учууну туура таптым. Өзүм түшүүчү үчүнчү шарды абдан мыктап жасадым да, ага үй жасап жолго алып жүрүүчү шаймандарымды жана азык-түлүктөрдү алып, белгисиз, калың аба бощтугуна жол тартууну ойлондум. Акырында ал да орундалды.

**Учуу**. Абага көтөрүлүп уча баштадым. Шар көтөрүлгөндөн көтөрүлүп, жерден алыстагандан алыстай берди. жердеги кыбыраган жан-жаныбарлар кичирейгенден кичирейди, алар барган сайын бопбоз болгон гана мейкин талаадай көзгө үлпүлдөп көрүндү. Бир аздан кийин эч нерсе көрүнбөй, белгисиз бир караңгы түнгө кезиге баштадым. Кайда жылып бара жатканын сезе албадым, аны токтото да албадым, себеби ал шарды белгилүү жакка башкаруучу менде тетик болбоду. Шардагы газды чыгарайын дейм, бирок корком, себеби газды чыгаргандан кийин, токтоосуз барып жерге тиеримди билемин. Кармоого эчтеке жок. Жалгыз гана кармалбаган абанын ичинде шар менен мен учуп бара жаткансыйм. Жер шарын тегерете курчаган абанын арасында кетип бара жаткан жандын бири гана мен болсом керек.

**Коюу аба.** Күн нурун тосо албаган суюк аба менин дем алышыма да суюктук кылгансып, демим кысылып, көз караңгылай баштады. Бирок мен жолго чыкканымда, абанын сейрек болорун эске алып, өзүм менен бирге белгилүү дем алдыруучу коюу абадан запас кылып алган элем. Мен ошол запас аба менен дем алып келе жатам. Кыбыраган жан, шырп эткен дабыш жок.

Эч жылчыксыз караңгылыктын арасында гана келе жатамын, келген жолум ушу го дегенсип, үйүмдүн терезелеринен башымды

чыгарып, ылдый карайм, бирок миң карасам да, көзүмө караңгылыктан башка эч нерсе көрүнбөйт. Күндүн ачык-бүркөгү да белгисиз. Учсуз, түпсүз узак жолдун кайсы жагын көздөй шардын көтөрүлүп бара жатканы белгисиз. Жерден кабар алгым келди. Кат жаздым да, нандын ичине салып ыргытып жибердим. Ал каттын мааниси мындай эле:

**Асмандан алыска кат**

*«Мен бир шар жасап, ал аркылуу көтөрүлүп, жогоруга учтум эле. Бирок менин шарымда кемчиликтер болгондуктан жана өзүмдүн болжогон жериме бара албай, белгисиз жолго түшүп, суюк абанын арасында гана жогорулап кетип бара жатам. Жарык шооласы да жок, караңгылык, менден башка эч бир жандын бардыгы сезилбейт. Ал караңгылыкты сөз менен айтып, көз менен болжолдоонор эмес.*

*Мен 25-майда асманга учтум эле, ошондон бери нече сутка болгондугун да билбейм, себеби мага күндүн чыкканы жана батканы билинбейт. Андыктан жер менен байланышуу үчүн, кат жазып таштоого туура келди. Ким билет, бул катым кургак жергеби же сууга түшөбү? Мейли эмне болсо да, тобокелге салып, бул катты жазып атымды коюп, нандын арасына тоголоктоп салып ыргытып олтурамын, менин азыркы кыскача абалым ушул»,* - деп жазып кол койдум.

Мына, мен шар менен дагы эле көтөрүлгөндөн көтөрүлүп, учуп бара жаткан сыяктанам. Жерди көздөй ыргыткан катымдан гана үмүт кылгансыйм. Бирок каттын келишине бир топ убакыт болсо да, мен жакка эч кабары сезилбейт.

Шарды жарып жибергим келет, кайрадан сабыр кылам.

**Дабыш.** Аңгыча калың караңгылыктын арасынан кулагыма бир дабыш пайда болду. Бул сапар тарткандан бери дабыш укканым ушул гана. Кулакка чалынган бул дабыш санааны эчен түргө бөлдү. Ал дабыш негедир уламдан-улам жакындай бергенсиди. Дабыш катуураак угула баштады. Алыстан угулган дабышты белгилеп, ажырата билүүгө болбоду. Жерге ыргыткан катымдан бир жардам келе жатабы деген ойго да батам. Бирок абанын жогорку катмарына менден башка ким келмек эле деген ойго чөгөмүн. Бир нерсе көзгө көрүнөр бекен деп, үйүмдүн терезесинен баш багып, көзүмдү ачып, айланамды карайм. Үн чыгарайын дейм-корком. Дагы бир кырсыкка учурабагай элем деген ойго кетем.

**Ит.** Калың караңгылыкты жаңырткан үн жакындай берди. Бул эмнесинин үнү экен дегенсип, ага мен да кулагымды тосуп тыңшадым. Ал үн кез-кезде арсылдап үргөнсүп кетет. Мен ал үндү экинчи учурган шардагы ит болбосун деп болжодум. кулагымды салып, дабышты тыңшайм. Ал дабыш чыны менен иттики экени жакындаган сайын

айкындалды. Бирок ал чыккан иттин үнүнөн канча алыстыкта келе жаткандыгымды билбейм, караңгылыктагы абадан көп эле алыстыктан угулгандыгы белгилүү иш. Менин итим го деген үмүт менен итти атынан чакыра баштадым, ит ого бетер дабышын күчөттү. Муңдуу үн менен улуп, тааныгансып, кыңшылай баштагансыды. Иттин атынан барган сайын чакырып, калың караңгылыктын тынчын алгандай болом. Итим да мени белгисиз жерден учураткандай болуп, кубангансып, улугандан улуду.

Аңгыча жогорулап бара жаткан шарым бир буюмга урунган сыяктанды. Итимдин дабышы жогору жактан чыкканы ачык айкындалды. Бир аздан кийин шарым кайрадан жогору көтөрүлгөндөй болуп сезилди. Иттин шары үйүмдөн чыккан чырактын жарыгы менен көрүнө түшүп, ылдыйлап бара жатан сыяктанып, шардын газы азайып, куушурулуп бара жатат.

Терезеден колумду чыгарып, ылдыйлап кетип бара жаткан шарды кармай калдым. Кармаган шарымды өйдө тарттым да, андагы итти өз үйүмө чыгарып алып, шарды кое бердим. Ал жарылып калган экен.

Шуулдаган бойдон жерди көздөй түшүп кетти. Итим кайдан жолуктуң дегендей мага эркелеп, кыңшылады, итке тамак бердим. Ит мени сагынгандай, көзүн балбылдатып, мага карап жалактады. Мен жарайсың деген ой менен башынан сыладым. Менин ички сырымды ал билбей, анын ички сырын мен билбей, сүйлөшүп, акылдашкандыгыбызга экөөбүз тең бууругабыз.

**Үмүт**. Итиме кездешкенден кийин менде чоң кубаныч пайда болду, себеби менден бир топ күндөр мурун кеткен итиме кездештим. Эми эли-журтума деле кездешемин деген үмүт мени бар кубанычка салгандай болот. Албетте, мындай чоң кубанычта ойдун, санаанын кайда кеткенин билбей, болуп жаткан окуяны күнүмдүк дептериме унутпас үчүн жазып да барамын.

**Салмак**. Шар кылкылдап жогорулаганынан токтолгон сыяктуу болуп сезилди, шардын ылдыйлашы мени да кулаганыбы, же болбосо ит экөөбүздүн салмагыбыздан болгон ишпи, айтор, белгисиз. Чындыгында салмактын басышынан болуп чыкты. Жаш жүрөк кабына батпай алып учкандай болду. Итти ким билет. Ал айбан го, билеби билбейм, бирок ал да кубанычта экендиги сезилет.

Бир маалда калың караңгылык суюлгансып, ылдыйлаган сайын жарыктын шооласы көзгө элестей баштады.

Күн шардын ылдыйлаганы ылдамдаган сыяктуу, уламдан улам караңгылык азайып, жарык көбөйө берди. Бир маалда күндүн көзүн көрдүк. Биз менен амандашкансып, жарык нурун бизге чачырата тийгендей болду. Бир калың булуттун үстүндө болдук. Андан ылдыйладык, калың булут күндүн көзүн калкалады. Бир маалда жаркылдаган чагылгандуу калың жаанга кездеше түштүк. Жер

көрүнбөй калды, күн жаап жатат. Ит да чыдай албай кыңшылап, шардын бат түшүшүн күтүп жойполоктойт. Жер, ай... ой-тиричилик, жер деген ичтеги күңгүрөнгөн дабыш менен мен дагы терезеден башымды чыгарып карап турам.

Бир маалда мунарланып тоо чокулары көрүнүп, мурда көрбөгөн чокусун ак кар каптаган бийик тоого кездешүүчүдөй, жакындап кирип келе жатабыз. Бир аздан кийин шар эки жагы жалама кызыл чополуу жардын бооруна жакындай баштады. Шарыбыз көк чөптүү бир тектирчеге барып конуп калды.

**Тектир**. Алды зоо, үстү аска, жолсуз туюк капчыгайдын арасында бир кичине тектирчеде, корккон коен өңдөнүп, итим экөөбүз алдыбызда таштан ташка урунуп, күркүрөп агып жаткан сууну карап коебуз да отурабыз. Жан сактап жашап турган жар боорундагы тектирчебиздин чоңдугу чейрек гектардай гана жер. Биз турган мындай белгисиз жер жана агып жаткан суу карта боюнча кайсы жерде экени да сиздерге белгисиз. Беттешкен маңдай жагыбыз - жалама капчыгай. Туура жагыбыз болсо, бодурлуу аска таштар, үңүрөйгөн үңкүрлөр. Мындан башка көзүбүзгө эч нерсе көрүнбөйт.

Асмандан айдын шооласы - асмандап көк тиреген зоодон ашып келип, нурун чачыратат. Күндүз күн да түшкө жакындаганда гана асман тиреген зоонун башынан ашып келип тийип, түш оогон ченде маңдай жагыбыздагы чоң зоого жашынат да кетет. мындан башка эч нерсе көрүнбөйт. Шар менен кошо түшкөн азык-түлүгүбүз да түгөнүүгө жакындады. Азык табууга дарман да жок. Өзүбүз жашап турган чейрек гектар түзөң тектирчеде бизге тамак болуу үчүн эч нерсе көрүнбөйт. Жалгыз гана көзгө жагымдуу көк чөп, андан башка эч нерсе жок. Мындай турмуш өтпөс жерден кантип кутуларымды да билбейм. Шар менен учуп, дагы башка жакка кетели деген үмүт бар. Бирок шарыбыз жашап турган жерибизге конордо, жогору жакта бир чоң борчукка урунуп жарылган. Мына азыр биздин дарман ушул гана абалда турат. Эптеп жол таап, түшүп кетемби деген ойго батам да, жол карайм.

Итим да кантип кутулабыз дегендей болуп кыңшылайт да, ички сырын мага айткансыйт. Бирок ал -айбан, мен - адам, экөөбүздүн ортобузда акыл алмаштырчу тил жок.

Биздин күнүмдүк бактыбызга жаралгансып биз турган тектирченин күн чыгыш тарабындагы зооканын боорунан жылжып агып жаткан кичине булактан суу ичем да, үнөмдүк менен тамак жейм. Кагырап каткан сухарды сууга бир кесимден салып, бир маал наар алам да, итиме да бир маал наар алдырып, тамак берем. Шардагы үйүмө түнкүсүн кирип жатсам да, күндүзгүсүнө бул арадан кутулуу аракетинде болом.

Мына ушундай абалда турмушубузга он күн болуп калды. Он

күндүн ичинде табияттын туткунунан бошонуп чыгуу акылын таба албадым. Эчен капага түшөм.

**Акыл**. Бир күнү ойлой-ойлой, акыл таптым. итимди кандай да болсо ушул зоодон чыгаруу максат болду. Турган зоонун боорундагы тектирченин батыш жак жээгинен онтойлуураак, суунун жээгине түшүүчү бир изди итке көргөзүп, эмне болсоң ошол бол деп, итимди кол шилтеп, божомол жаңдоолор менен жолго түшүрдүм, ит да менин сөзүмдү түшүнгөнсүп, зоонун боорундагы жолчо менен тарбалаңдап тырышып бутунун тырмактарын ташка мадагансып жүрүп отуруп, суунун боюна эптеп жетип, мени карап үрүп-үрүп, узак жолго түштүм дегендей жок болду.

Мен да бир нерсени унуткансып, итке карап ойлонуп кала бердим. Менин ал оюм болсо, кат жазып туруп, иттин мойнуна байлап, белгисиз жолго салуу эле. Бирок бул оюмду унутканмын.

Аскалуу зоонун боорунда мен гана жалгыз калдым. Итимдин кеткенине бир топ күндөр болуп калды. Бирок эчен күндөр өтсө да, иттен кабар жок.

Бир маалда негедир, колумду жумшак тили менен жалаган бир нерседен чочулагансып, көзүмдү ачтым.

Мен ал арада калың уйкуга кирип калган экенмин. Карасам маңдайымда бетме-бет өзүмдүн итим турат. Таанымал добушу менен үн чыгарып кыңшылап, куйругун шыйпаңдатты да, сагыныччтуу үн менен ташка жөлөнүп жаткан мага эркелей кетти. Мен кандайча келгенине аябай таң калдым, көзүмдү чоң ачсам, асмандан тийген айдын нуру мени сүйгөндөй болду.

Бир аздан кийин итимдин үстүндөгү артылуу таңылчакты түшүрүп, аны ачып карай баштадым. Таңылчактын ооз жагына салынган эки барак кагаз колума келип урунду, мен ал кагазды айдын жарыгына салып, андагы болгон сөздү окууга кириштим. Бирок ай жарыгын кат окууга жетишерлик жеткире албадым. Мен ал эки барак кагазга жазылган жазуунун башындагы «Уулум» деген гана сөздү арандан зорго окудум. «Уулум» деген сөздү окугандан кийин, калган сөздөрдүн жана каттын кайдан келгендиги белгилүү болду. Катты бүктөп чөнтөгүмө салдым да, таңылчакты кайрадан оодара баштадым. Ал 5 килограмм салмагындагы таңылчакта төмөндөгүдөй буюмдар бар экен: 1 килограммдай таттуу нан, бир килограммдай момпосуй жана калганы ошол сыяктуу тамак болуп чыкты.

Таң атты, мен эки баракка жазылган катты окуй баштадым. Анын кыскача мазмуну мындай экен:

**Уулум!**

*«Сенин шар жасап, асманга көтөрүлгөнүңө бүгүн 92 күн болот. Мына ошол 92 күндөн бери сенин кайда экениңди биле албадык.*

*Сенден мурун көккө учурган итиң бүгүн келди. Биз балам келер бекен, аман бекен деген ойдо болдук. Бирок итин жаман карып тартып, арыктап калыптыр, ал келер замат кыңшылап жиберди, чыдатпай койду, акырында анча-мынча азык артып, кайда барар экен деп кое бердик.*

*Билбейбиз, сага барар бекен же башкага барар бекен. Ошентсе да иттин аман келишинен улам балама барар деген үмүттө болобуз. Ким билет, балам, өлүүсүңбү, тирүүсүңбү? Кайда экениң белгилүү болсо, биз жактан жардам болор эле. Бирок айбан кыңшылагандан башка, эч белги бере албады. Ошондой болгондон кийин мына азыр узатып, кат жазып отурабыз»,* - деп каттын аягына «атаңдан» деп коюптур.

Мына бул катты окуганымдан кийин, иттин үйгө баргандыгы сезилди. Үй менен кабарлашкан итим келгенден кийин, мындан ары жашоо бар экендигин сездим. Бирок иттин менден ажырап, жол тартып кеткенине бүгүн 29 күн болду. Ошол 29 күн ичинде алыс жол басып келгени айкындалды.

Мен итти бир аз күн эс алдырып, аны кайта жиберүүнү ойлодум. Бирок менде кагаз, калем сыяктуудан эч нерсе жок эле. Бир айла таап, көк чөп менен үйдөн келген каттын аркасына жаздым. Ал көк чөп менен жазылган жазуумдун кээ бир жерлери билинбей да калды. Ал катты мындай деп жаздым эле:

**Балаңдан кат**

*«Мен болсом эки жагы аска, алды күрүлдөгөн чоң суулуу зоонун боорунда, бөтөнчө кичине тектирчеде турам. Азырынча күн көрүү бар. Бирок ал кичине тектирчени суу алып кетсе же урап көчкү жүрсө, анда жашоо деген жок болот. Мен шар менен учуп жогоруга чыккандан кийин, ал шар менен ылдыйлап отуруп, азыркы турган жериме келип түш болдум. Менин бул жерде жашап турушума үч айдан ашты. Бул жашаган жердин кайсы экендиги жана мен кайсы жерде экенимди биле албайм. Бирок иттин барып келишине караганда, баарыбыз эле бир материктин үстүндө турат окшойбуз. Себеби башка материк болуп, суу, деңиз, көл аркылуу барса, иттин түшүп өтөр кемеси болбогондон кийин силерге кайдан барып келсин, кыскасы, ит бараары менен бир жардамыңарды көрсөткүлө!*

Кат жазуучу - балаңар» - дедим.

Катты чүпүрөккө ороп, иттин мойнуна бекем байлап туруп, жолуна түшүрдүм. Итим да мени менен коштошкондой болду. Ит суунун жээгине түшөр замат мени карап, бир, эки үргөн сыяктуу болду да, көздөн кайым болду.

**Коркунуч**. Бир күнү: «Ай, аска-зоо, адыр-тоо, сенден качан кутулуп, кол берип, коштошор экенмин» деген ойго чөмүп эки жагымды карап, алыс жактарды абайлап, эчен укмуштуу зоолордун бооруна көз

жиберип отурат элем, бир маалда турган аянтчамдын бир жак жанындагы бир борчуктун төбө жагында мага көз жиберип олтурган көзгө чоочун, түрлөрү башка айбандар олтурушат. Алар мени карагандай болушат. Мен аларга көз жиберип, тигиле карадым. Булардын көз карашы, көзгө чоочундугу мага бир келип беттешүүчүдөй көрүнөт. Үн чыгарып кыйкырайын дейм, андан корком, себеби адам баласынын үнүн укпагандар менин үнүмдү укса, жетип келип, бир балаа кылбасын дейм. Алар-көп, мен-жалгыз. Алардын баарынын көзү менден бөлүнбөйт. мага алардын андай турушу, андай көз жиберип карашы - чоң коркунуч алып келет.

Бир маалда зоонун боору менен тырмышып, ар бир борчук таштарга жармашып, мени көздөй түшө башташты. «Кандай балаасы дагы туш келди экен!» деген ойдо болуп, мени коркунуч басты, бирок менде жалгыз бычагым жана таштан башка колумда эч бир жабдык жок. Жанагы айбандар, мага бет алгандан бет алышып, жакындап келишти.

Алардын саны он бештен кем эмес. Алар жакындаган сайын, мени коркунуч басат. Азыраак убакыт өтпөй эле тектирчеге зоодон секирип түшө башташты. Мен аларга каршы күч камдоочудай, эки колума эки таш алып, ордумдан турдум. Алар да мага жакындагандан жакындай берди. Аңгыча 15 тей чоочун, адам менен таанышсыз айбандар мени тегеректеди да калды. Кээ бирөөлөрү көздөрү бакырайып, жүнүн үрпөйтүшүп, тишин чыгарып ырылдашат. Кээ бирөөлөрү жарып салам дегендей обдулушат. Кичирээктери чоңдору обдулса-обдулуп, турса-туруп калышат. Кыскасы, булардын көз караштары ар бириники ар башка. Мен алардын ортосунда эки ташты эки колума уучтаган бойдон турдум. Алар мага кантип тийишээр айласын таба алышпай, топтолушуп калышат. Мен кантер айламды таба албадым, анткени менде курал жок, көзгө чоочун белгисиз көп жырткычтардын арасында турам.

**Кармашуу**. Аңгыча бирөө ырылдап келип, арка жагыма асыла кетти! Ал асылганын көргөндө, калгандары турчубу, жапырт гана талай баштады. Кээ бирөөлөрүнүн тырмактары кийимден өтүп, этиме жеткендей болот. Кээ бирөөлөрү ырсайган жырткыч тиши менен тыткылап, тиштеп тартып жатат. Мен эми өлдүм деп колума кармаган бычагым менен далайын жараланттым.

Мен аларга алымдын жетерлигин чындап сезгендей болдум, себеби алардын чоңдугу мышыктай эле. Бирок алар өжөр жана жырткыч эмеспи, кийимиме жабышып, тыткылай баштады. Мен алардын мойнун бурап, күркүрөп агып жаткан чоң сууну көздөй ыргыта баштадым, ыргыткандарым ачуулуу заар үнү менен чаңырып, сууга күп эте түшүп, дымсыз агып кетип жатты. Калгандары мага дагы эле тырмышып жатат.

Мен алардын ичинен үчөөнү уруп жыктым. Бешөөнү сууга ыргыттым. Калган экөө өтүгүмө, дал ортомо жабышып жүрүшөт. Дагы калгандары бата алышпай ырылдап, мени тегеренет да турушат. Мени кыйнагандар - далортомо жабышкандар болду. Алардын ачуу тырмагы, ырайымсыз тиши кийимден өтүп, денени майыштыргандай болду. Бирок аларды да акырындык менен жайлап жаттым. Бул жырткыч айбандардын денеге матырган тырмагы жана кирген тиштери бир топ оорчулукту келтирди.

**2-коркунуч**. Мен бул коркунучтан да кутулдум. Бир аз эс алгандай болдум. Итимдин аман-эсен жетип, бир жардам кылышын тиледим. Аңгыча асмандан куушурулуп келе жаткан бир караан бетме-бет көзүмө чалына түштү. Бул кандай неме дегендей селт этип, баягы караанга көзүм тигиле түштү. Аңгыча ал караан да жакындап кирип келди.

Бул дагы мага кастыгын тиккен канаттуу жырткычтардан болуп чыкты. Мен андан кандайча кутуларымды билбей, бир топко ойлоно түштүм да, жанымдагы таштын түбүнө жата калдым.

Таш түбүнө жата калган мага келип тийбестен, ташты тепти да кайрылып көкөлөп жогоруга чыкты. Ал белгисиз канаттуу жолго түшкөндөй болуп, көзгө илешпей сызган бойдон жок болду. Мындай эбегейсиз чоң канаттууну биринчи көрүшүм. Мен мындай көзгө чоочун эчен айбандарды көргөндөн кийин мындай жерге жан сактап тургандыгыма таң калгандай болдум. Чынында эле бул жерде жалгыз жан сактап турган мен элем. Асмандан орун алгансып, дүйнө жүзүн бүт көрүп жана эки зоонун ортосунда жашаган мага таң калгансыган, асманда жайнаган миң-миллион жылдыздар турат. Ай да он бешине толгонсуп, капчыгайлуу эки зоонун боорунда кичине тектирчедеги жерде жан сактап турган мага негедир кандай жан элең деген сыяктуу, жарык нурун чачыратып, бийик зоонун башынан чыгып келди. Мен да санаага батып, өзүмө-өзүм таң калгандай болуп, жерден таш алдым да, алды жагымда күркүрөп тынымсыз агып жаткан сууга ыргытып, эрмек кылгандай болом.

**Бул ким?** Кез-кезде оттук ташты бири-бирине урунтуруп, от чыгарып жаркылдаттым. Албетте, менин бир нече айлар, күндөр бою эрмек кылуучу эч нерсем да болбоду. Ал гана эмес, адам жүзүн жана өз жүзүмдү да көрө албайм. Кезек-кезек гана агып жаткан булактын тунук жерине барып, суудан өз өңүмдү карайм. Бирок ал суу аркылуу көргөн өз өңүм өзүмө чоочун көрүнгөндөй болот. Албетте, менин өңүмдүн өзгөрүшү да эп боло турган иштердин бири эле, себеби менин чачым өскөн, кийимим жыртылган, жана башка табияттын шарты, аба ырайы менин өңүмдү өзгөртүп жиберүүгө себепкер болууга тийиш.

Мен ушундай шарттар менен өзгөрсөм, өзгөрүлгөн чыгармын деген сыяктандым. кыскасы, тандын атышы, күндүн батышы бир күнкүсү бир жылдай болуп тура берди. Бат эле ушул күндөн кутулсам

экен деген үмүттө болом. Албетте, 30 күн чамасында менин итим аман болсо, бир кабар жеткирери шексиз.

Эгер бир ай чамасында кайрылып келсе, иттин келишине дагы 25 күнчө убакыт керек. «Балким кырсык болуп, менин итим өлүп калса, анда көрөр күнүм, ичер суум эмне болор экен?» деген терең санаага батып, түнөрүп, тоо башын курчап турган кара булутка муңумду айткандай болуп, көзүмдү балбылдатып жата бердим. Бир убакта мээримсиз нөшөрлөгөн кара жаан эч тынымсыз төгө баштады.

**Жик**. Бир кезде жаткан ташымдын эки саржандай алыстыгынан бир жик ажырап, ураган бойдон сууга күп дей түштү. Таштын айланасындагы эки, үч саржан аянттан башка жер жок. Ошондой коркунучта жатсам да, кандайдыр калың уйкуга кирип кетиптирмин, кыскасы, уктасам уйкумда тынчым жок, ойгонсом ойгоомдо тынчым жок болуп жаттым. Мен ошондо калың уйку ичинде күндүзгү көргөнүмдү түшүмдө көрүп, коркунуч менен көзүмдү ачамын. Көзүмдү ачып, баш көтөрүп обдулган жүрөк, коркок көзүм менен алдыда агып жаткан чоң сууга мойнумду созуп, эки жагымды каранам. Мээримсиз күркүрөгөн чоң суу мага жардам берчүдөй көрүнбөйт, көпкө узабай эле таң атып, күн ачылып калды.

Козголууга дарман жок, кара таштын үңкүрүнөн мойнумду чыгарып, алды жакка көз жиберип жата бердим.

Бир убакта итимдин дабышы кулагыма угула түштү, башымды көтөрүп, келип кеткен жолун карадым. Чын эле, итим калыбындай зоо боору менен тырмышып келе жатат. Итти көргөндө, денем чымырап, эсим ооп, көзүм тунарып, көзүмдөн чыккан жашты жеңим менен аарчыдым.

Итимдин кеткенине бүгүн 20 күн болгон. Аңгыча, тектирченин мурунку кулаган чекесине келди да, бери көздөй жүрүүгө жол таба албай, көптөн бери көрбөгөнгө жана мурунку аянттын ураганына, бир кенедей аянтчада жашап тургандыгыма боор ооругансып, кыңшылап жиберди. Үстүндө бир таңылчак жүгү бар. Ит жолу жаман жерде буттарын зоо бооруна бекем мадап, коркунучта турат.

**Жардам.** Кандайдыр белгисиз жактан бир дабыш жаңылан пайда боло баштады. Мен ал дабыштын аягына жете албай, кулагымды тосуп туруп калдым. Итим да башын бир чулгуп алып, чыккан үнду көздөй көз жиберип, үрө баштады. Көз жеткис, эки жагы аска зоолуу капчыгай адаттагысындай ал чыккан үнду да бирин-эки кылып, экиленте баштады. Мен ал үндүн кайдан чыккандыгын биле албай тыңшаймын, ит ал үндүн кайда экендигин аныктагандай болот. Иттин бет алып үрүшү көз калкып мелмилдеген зоонун чокусун көздөй багытталат. Аңгыча таштар урай баштады. Мен ал таштын кулашынан чоку жакта бирөө бардыгын аныктадым.

Аңгыча адамдын дабышы кулагыма чалына түштү. Үңкүрдөн башымды чыгарып, карай калдым. Менден 20 метр алыстыкта чынжыр

аркылуу ал тоонун баш жагындагылар менен улашкан ящиктин ичинде бир адам мени карап үн салып, сөз айтты.

Ал адамды тааныбайм, белгисиз таштын коңулунан баш чыгарып мени көздөй жылды да:

-Амансыңбы, баатыр! - деди.

Мен да таштын коңулунан башымды чыгарып амандаштым. аңгыча мен жашап турган чоң кара таштын коңулуна жакындап келди да, колун сунуп, мени көтөрүп ящигине салды. мен да ал адам менен көрүшүп кучакташтым. Акырындап жылып, итимди да ящикке салып алып, бир нече ай бою жатып табият туткунунан бошоткондой болуп жана менин жанымды алып калган кара таш менен коштошуп, үчөөбүз ящик менен көтөрүлүп, тартылган зым аркылуу жогору чыга баштадык, зоонун чокусуна жакындап калдык. ал чокуда менин зоо боорунан чыгышымды күтүп турган үч адам бар экен. Алар да мени менен учурашты. Мен да катамды мойнума алгандай болуп, итиме карап, аны эркелеттим. Албетте, мен белгилүү даражага жетерлик шар менен учсам, мындай коркунучту көрбөс элем. Алар да мага таң калышкандай болушат. Итиме айрыкча кубанышат, айбан болсо да алкыш айтышат. Анан болгон окуяны менден таңыркап сурай башташты.

Мына менин башымдан өткөн окуянын орчундуу жери.

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Бала эмне жасагысы келди?
2. Шар менен учуп кайда барды?
3. Кыйынчылыктан чыгуу үчүн кандай чечим кабыл алды?
4. Баланын өмүрүнүн сакталышына ким башкы себепкер болду?
5. Тектирчеде кандай коркунучтарга туш болду?
6. Чыгармадагы окуялар чындыкпы же ойдон чыгарылганбы?
7. Фантастикалык чыгарма деген түшүнүккө аныктама бергиле.
8. Өзбек адабиятындагы алгачкы фантастикалык чыгарма кайсы, салыштыр, окшоштугун, айырмасын сүйлөп бер.
9. Чыгарманы бөлүктөргө ажыратып, ат коюп, планын түз.

**Айрым сөздөрдүн котормолору:**

*тажрыйба* - *тажриба.*
*шайман* - *асбоб-ускуна.*
*дабыш* - *товуш.*
*үн* - *ун, товуш.*
*улуу* - *увламоқ, увиламоқ.*
*жаан* - *ёмғир, ёғин.*
*тектир* - *тоғ орасидаги текис ер, дара.*
*азык-түлүк* - *озиқ-овқат.*
*зоо* - *қоя.*
*таңылчак* - *тугунча.*

| | |
|---|---|
| *материк* | - *материк, қит а.* |
| *коркунуч* | - *қўрқинч.* |
| *кармашуу* | - *олишув.* |
| *жик* | - *чок, жиг* |
| *аянтча* | - *майдонча.* |
| *ката* | - *Хато.* |



## ЧЫҢГЫЗ АЙТМАТОВ

*Социалисттик Эмгектин Баатыры, Ленииндик жана мамлекеттик сыйлыктардын лауреаты, көп улуттуу совет адабиятынын атактуу өкүлү, Кыргыз ССРинин эл жазуучусу Ч. Айтматов Талас өрөөнүндөгү Шекер кыштагында 1928-жылы туулган. Анын чыгармалары аркылуу кыргыз адабияты бүткүл дүйнөгө кеңири таанымал болду. «Ак кеме», «Эрте келген турналар» повесттеринде балдардын турмушу кеңири сүрөттөлөт.*

## АТАДАН КАЛГАН ТУЯК

(Аңгемеден кыскартылып алынды)

Өз атасын ал биринчи жолу кинодон көрдү. Анда беш-алты жашар эселек чагы.

Бул окуя тээ кыштактын сыртында агарып турган чоң кашарда жүн кыркуудагы болгон иш. Совхоздун жүн кыркымы жылыга ушул жерде өткөрүлүүчү. Камыш менен жабылган төбөсү кийин шиферге алмаштырылганы болбосо, чоң кашар азыр да ордунда, адырдан түшө берген этекте, жол боюнда турат.

Мында ал энесин ээрчип ойноп келер эле. Энеси, Жээнгүл, совхоздогу почта бөлүмүнүн телефонисткасы, ар жылы жаз башталары менен кыркынчы болуп иштей турган. Аны үчүн Жээнгүл отпускасын алып, ага кошумча кош айдоо, туут малында эртеден кечке «Алло эле! Алло!» - деп, алолор туш-туштан жабалактаган шашылыш кабарларды, буйруктарды, кала берсе, сен-мен дешкен айтышууларды бирине-бирин токтотпой тезинен байланыштырып, дем алышсыз иштеген күндөрү, түндөрү үчүн убактысын эселеп, кыркын башталары менен

аягына чейин күнүн кое бербей келип иштеп жүрчү... Оңой бекен жан бакмак дегендей, жалгыз бой жесир аял ушуну менен эптеп түзүгүрөөк оокат кылуунун далалатында. Жүн кыркуунун акысы - иштеген эмгегине жараша эмеспи. Көп иштесең - көп, аз иштесең -аз аласың. Кышкы камын Жээнгүл чынында ушул жерден таба турган. Бир үйдө эки жан болсо да, отун-суу, кийим-кечек сыяктуу үй тиричилигинин эсеби бүтөбү... Баласын таштаар кишиси болбогон соң, Жээнгүл аны кыркынга ала барар эле.

Ал эми Авалбек үчүн бул мезгил чексиз эркиндиктин доору. Мындай жыргалды ким көрсүн! «Кой-ай» деген киши жок, күн жылуу, адырдан короо-короо кой биринин артынан бири айдалып, «Ай, бала! Кайры, тос!» - дешсе, шилтеген жакка тызылдата жүгүрүп, араба, машина деген бири келип, бири кетип, ыгы келгенде араба артына жармаша да калып, айтор, бака-шака дүйнөнүн кызыгына батып, керели-кечке өзүнө окшоп ээрчий келген балдар менен карала-торала болуп ойногону ойногон.

Мына ушундай күндөрдүн биринде чоң кашарга көчмө кинонун машинасы келип калса болобу. Аны элден мурун эле Авалбек көрүп, өпкөсү жарылып кете жаздап:

-Кино келди! Тигинекей кино келди! - деп, балдардан мурда озунуп, кыркынчыларга кабар салды.

Кино жумуштан кийин башталды. Ошого чейин эч бир чыдамы жетпей, күн кеч кирбей качан эми деп зарыкты, думукту. Качан болот деп кыңкылдап, энесин да тажатып бүтүрдү. Ушунусуна жараша кино анын тилегин ойдогудай орундатты.

Кино согуш жөнүндө экен.

Кашардын дубалына илинген аппак кездеменин үстүндө кымкуут салгылашуу жайнап жатып калды. Замбирек снаряддары жер челип, кулак тундура жарылып, удаа-удаа асманга ышкырына сызылган ракеталар түн караңгысын бир оокумга ийне көрүнчүдөй жапжарык тутандыра, боортоктоп жылган чалгынчылар жаткан жерин кулачтай селейип, кара түн, кара жер, кара асман астын-үстүн чатышып, сапырылып жатты. Ал эми пулеметтор жаакташа тытырап, үн жаадырчу болсо-баланын жүрөгү алып учуп, аптыккан деми колкосуна тыгылат. Мына согуш деп ушуну айт! Мына согуш десең!

Энеси экөө жүн салынган кеңдир каптын үстүнө өйдөрөөк чыгып отурушкан эле. Элдин артында болсо да бул тараптан экран жакшы көрүнгөн. Авалбектин өз оюна койгондо, ал сөзсүз так экрандын түбүнө, совхоздон жетип келген өз курдуу балдарга аралашып отурмак. Ошол алдыңкы катарга кетүүгө аракеттенип да көрдү, бирок Жээнгүл анысына көнбөдү:

-Жетет, безерман, керели-кечке дикилдейсиң, отур жаныма, - деп алдына алып кучактап отурду.

Киноаппарат лентаны бир калыбында имерип, согуш өз алдынча күчөй берди. Отурган эл көзүн албай дымууда. Так кулак түптө эненин тымызын үшкүрүк тартып, түтөнгөнүн бала сезип жатты. Кээде Жээнгүл селт этип чочуп, алда кайдан чыга келген танканын ок атар оозу аларды көздөй мээлеп бурулганда, уулун бооруна бекемирээк кысып, ок тийип кетчүдөй жалтанып, жымырылып кетет. Жанаша отурган бир аял көргөнүнө ишене бербей шыпшынып:

-Кудай сакта, э, кудурет, бул эмнеси, кудай сактайкөр! - деп күбүрөнүп тообасын оозунан түшүрбөдү.

Авалбек деген тигилердей жүрөксүз беле. Түк бир коркуп да койгон жок. Ал түгүл ичтен шаттанып да жатты: фашисттер жалп-жалп этип тоголонгондо. Ал эми биздикилер куласа, алар бир аздан кийин туруп кетчүдөй ишенимде болду.

Жо деги согушта жүргөн кишилердин окко учканы өзүнчө бир тамаша. Куду согуш ойногон балдардын жыгылганындай кулашат. Андай кулаганды ал өзү деле эч кимден кем келтирбейт. Чуркап бара жатып, бутка бирөө тепкендей, оңко-чоңко атып сулап калат. Ырас, жер катуу эле болот, тийген жериң аябай эле ачышат. Анткени менен кайра тура калып, кайра чабуулга кирсең, ооруган жериңди унутуп каласың. Айырмасы - тигилер дароо тура калбай, бүк түшүп жата берет экен.

Авалбек окко учуунун башка да түрүн биле турган. Мисалы, айталы ичке ок тийди. Мындай учурда алигидей тапатандан кулап кетиш жарабайт. Адегенде ичти мыкчый кармап, анан бети-башыңды тырыштырып, тишиңди кычыратып, кускуң келгендей улам энкейип, улам теңселе берип, анан шалак этип колдон куралды түшүрүп, ошондон кийин жыгылыш керек. Мындайда өзү бир аз жата түшүп, жо-о мен өлгөн жокмун деп тура жүгүрүп согушка кирер эле. Тигилер болсо турбай жата берет экен. Айырмасы ошол.

Экрандагы салгылашуу улана берди. Бул сапар көз алдыга танкаларга ок атар замбирекчилер чыкты. Сыягы, алар бир кармашуудан экинчи кармашууга жер ооштуруп жүргөн болуу керек. Замбиректин оозунан түтүнү кете элек, өздөрүн көрсөң, сүрүнөн айбыгасың. Туш-туш тарабында жарылып жаткан снаряддарды аралап, от кечип, солдаттар замбиректи бетме-бет тургузуп танкаларды тике атыш үчүн сүйрөп бара жатышты. Азырынча болжолдуу ордуна жетише элек. Ансайын жан сабалашып, алдыда кездешкен белчеден келген сууга түз эле өтүкчөн, кийимчен жапырт киришип (мен үшүнтсөм апам мени тилдейт эле го деп Авалбектин оюна кетип жатты), замбиректин тыгылганына карабай аны бардык күчүн салышып: «Давай! Давай! Вперед!» - деп, күрөө тамырлары шишигенче бакырып жатып, акыры сүйрөп чыгарышты.

Замбирекчилер жети сегиз адам экен. Арасында кебете-ирени кыргызга окшогон бирөө (а балким, ал тек гана кандаш элдерден

чыгар), экранда улам көрсөтүлүп көзгө жылуу учурай берди. Атам экен деп бала аны эч убакта ойлобос беле, мындай ишти өзү капарына да албас беле... кандай десе болот... Энеси. Баарын энеси кылды.

-Тигиногу сенин атаң, - деп койду ал бир убакта, баланын кулагына шыбырап.

Ушундан баштап жанагы замбирекчи Авалбектин атасы болду. Ушундан баштап кино анын атасы жөнүндөгү киного айланды. Совхоздо эле жүргөн жигиттер курдуу атасы жапжаш неме экен. Тыгырчыгынан келген, тоголок жүздүү, курч тиктеген көздөрү, көө, кир болгон бетинде жалт-жулт этип чагылат. Бала анын ачуулуу кабак-кашын, кашкайган тиштерин, башындагы темир каскасын, ыйынындагы погондорун - баарын тең байкап отурду. Атасы мышыктай чапчаң экенине да баа берди. Мына азыр эле замбиректин дөңгөлөгүн карысына сала тирей берип, өзү артына чап кайрылып, алда кимге катуу кыйкырды: «Снаряддарды токтотпогула! Тез! Тез!»

-Апа, менин атам ушубу? - деди бала. Жээнгүл түшүнө бербей:

-Тынч отур. Алаксытпа! - деп койду.

-Менин атам дебедиңби өзүң.

-Ийи ошол. Жөн отурчу деги кишилер урушат.

Аттиң десе, эмне үчүн ушинтип айтты болду экен? Көңүлү миң бөлүнүп, согушта мерт болгон теңин эстеп, ошого кайра күйүп, кайра санааркап, оозунан кокус чыгып кетти бекен? Же анчейин эле кайдигер сүйлөп койду бекен? Же алда кандай кылт эткен оюна алданып «Тигиногу сенин атаң» дегени, атасы аскерге кеткенде боюнда калып, дүйнөгө көз жарганы, ата дегенди билбеген, укпаган чунак бала кинодон көрүп болсо да элестетип жүрсүн дегениби?

А тиги эси жок энесинин айтканына ошол замат ишенди. Ошол замат ишенди. Ошол замат сүйүнүп, ошол замат жүрөгү дүкүлдөп, ошол замат атага деген мээрими делебесин козгоду. Жоокер атасы менен кайсы уул мактанбасын. «Мына менин атам!» - деп көңүлүндө мактана кетти. Мына, ата деген ушул! Атасы жок жалгыз деп кордогон балдар эми көрүп алсын! Эми алар тийип гана көрсүн!

Мына эми ал да аталуу болуп чыкты. Энеси: «Тигиногу сенин атаң», - дегенден бери, экрандагы солдат ага ата болду. Ушуга эч шек койбой ишенип, бала атасына чын дили менен жан тартып эркелеп отурду. Мурда билип көрбөгөн аталуу балалыктын даамын ал эми оозанды. Атасынын бардык жүргөн турганын жактырып, ичи элжиреп, аны үйдөгү айнектин астында илинип турган өз атасынын сүрөтүнө айнытпай окшоштуруп жатты. Мурду, кашы, көзү - бүт эле өзү...

Жан ынтаасы менен тигиле, баланын азыр карап отурганын билгендей, анын атасы да кинодогу учкундай кыска өмүрүндө, өзүн эч убакта эстен кеткистей, кийин баласы сыймыктана тургандай жоокер кайратын кан майданда, эл алдында көрсөттү. Авалбек согуштун оюнчук эмес экенин эми сезди, окко учкан адамдын кулаганы тамаша

эмес экенине да көзү жетти. Жоонун түрү каардуу болуп бара жатты. Азыр эле тапкан атасы кантер экен деп, мына ошондо жакын кишиси үчүн мурда баштан өтпөгөн коркунуч тууп, ал коркунуч баланын жүрөгүн камады.

Киноаппарат чыртылдап, согуш жүрө берди. Нары жакта каптап келе жаткан кылка танкалар көрүндү. Шакылдаган чоюн каз тамандары удургута топурак шилеп, ок атар тумшуктары алдыга сунулуп, өңгүл-дөңгүл аңызда өйдө-төмөн килеңдеп, болот кийген кара күчтүн күркүрөп келе жатканы сүрдүү да, шаңдуу да. Танкалар көтөргөн чаң алардын артынан ээрчип, кайнап келе жатты. А биздин үркөрдөй болгон топ аскер жалгыз замбирегин сүйрөшүп, ал кезде сай кырына чыгууга жакын калышкан. Аз эле жер калган экен. Аны көрүп Авалбектин дити качып: «Ата, бол эртерээк! Бол. Биртике эле калды. Карачы танкалар келе жатат. Танкалар!» - деп атасын шаштырып сүрөп жатты.

Мына замбирек да кырга чыкты. Замбирекчилер аны майда бадалдын четине бура тартышып, танкалардын жолун тороп, ок ата башташты. Бир аздан соң танкалар да ок кайрышты. Алар көп экен. Танкалардын суук түрүнөн үрөй учат...

Атышуу кызыды. Өз кыялында Авалбек атасы менен кошо өрт жалынды аралап, салгылашууда жүргөнсүп жатты. Немецтин танкалары кара түтүнгө чулганып, каз тамандары быркырап, эки көзү оюлган дөөдөй албууттанып, ордунан жылбай калганда, энесинин алдына отурган бала кубанганынан тыбырчылап, туйлап жатты.

Ал эми биздин замбирекчилер жарылган снаряддардын сыныгы тийип жыгылганда, бала боюн жыйрып, томсоруп калып отурду. Замбирекчилер четинен кулап, азая берди. Эненин бети ысык жашка нымданып, күйүп чыкты.

Киноаппарат бир үндө чыртылдап, согуш жүрүп жатты. Кармашуу күчөгөндөн күчөдү. Танкалар улам жакындап сүрүп келе берди. Замбиректин калканына далдааланып Авалбектин атасы телефондун трубкасын кош колдоп, алда эмнелерди заардуу кыйкырып, бакырып жатты. Бирок анын эмне деп жатканы бул алааматта кулакка илешпейт. Балким, ал жардам сурап жаткандыр, балким, жардамга келчү замбиректер мына-мына жетип да келишер, согушта кандай деп болот... Аңгыча дагы бир солдат замбирек четинде жалп этти. Мүдүрүлүп кайра турууга умтулуп, жүз төмөнүнөн жерге жыгылды.

Замбиректин жанында эки эле киши калды. Авалбектин атасы менен дагы бир солдат. Алар замбиректи токтолбой октоп, бир жолу, анан эки кайтара атууга үлгүрдү. Танкалар аларды кысмакка алды. Замбиректин тушуна жана бир снаряд келип жарылды эле, топурак, таш-кесектерди абага омкоро бүркүп, заң этти. Жерден эми бир гана

замбирекчи өйдө турду. Ал Авалбектин атасы: замбирекке жулуна жетип, өзү дүрмөттөп, өзү мээлеп, өзү атты. Бул анын акыркы атышы болду. Жана да келип тийген снаряд, замбиректи талкалап жайлады.

Кан жайылган бир жак ныптасын кармана, Авалбектин атасы теңселип жерден зорго турду. Үстүндөгү кийими түлөп, заарканган түрү бир шумдук. Жакындап келе жаткан танканы көздөй гранатаны колго алып, ал тайманбай бет алды. Алдан тайып, кансырап, жыгылып кете жаздап, Авалбектин атасы гранатаны шилтөөгө камданып, бир оокумга кулачын кере туруп калды. Экран анын бул көрүнүшүн көз алдыга жүгүртүп алып келип такады. Өлүмгө баш койгон жоокердин айбат чачкан ажарынан, жалтанбас кудуретинен, «токто фашист!» - деген таш жарган бакырыгынан кино көрүп отургандар дүр дей түштү. Жээнгүл баланын колун бекем кармап жиберди. Бала атасына жетүүгө умтулуп, атасын көздөй жулунду. Дал ошол учурда танканын пулемет атар оозунан шалкалаган ок төгүлүп, Авалбектин атасы кыйган теректей сулады. Ал эки-үч аласала оодарылып, турууга жүткүнүп, анан чалкадан түшүп, эки колун эки жагына таштап жатып калды...

Киноаппарат токтоду, согуш да үзүлдү. Бул бир бөлүктүн аягы эле. Жаңы лентаны аппаратка коюш үчүн кино механик электрди күйгүзө салды. кашардын ичи жапжарык боло түшүп, отургандар көздөрүн жумуп, алакан менен басып, кинонун дүйнөсүнөн, согуштун майданынан өз дүйнөсүнө, азыркы өз абалына кайтышты. Ушинтип эл эсин жыялекте кимдир бирөөнүн сүйүнүчтүү кыйкырыгы тынчтыкты жарды:

-Балдар, менин атамдын өлгөнүн көрдүңөрбү? Ал менин атам болчу! Көрдүңөрбү, менин атам...

Кишилер жапырт кайрылып, эмне болуп кеткенин аңдабай айран-таң болушту. Отурган каптын үстүнөн тоголоно жүгүргөн Авалбек, экрандын жанында, алдыңкы катарда жайланган орток балдарына шаттанып чуркап бара жатты. Алардын пикири ал үчүн баарынан да кымбат болчу. Бир топко чейин кашардагы көпчүлүктүн арасын оңтойсуз жымжырттык басты. Отургандар дале эмне болуп кеткенин туя бербей, бул эси жок баланын эмнеге мынча сүйүнгөнү кишилерге жетпей жатты. Өмүрү атасын көрбөгөн балага бул учурда атасынын өлүмү да (мейли кинодо, мейли кандай жагдайда болсо да) анын атасы бардыгын далилдеген майрам эле. Муну эч ким түшүнбөй, баары тең ийинин кагышып, кыжаалат. Киномеханиктин колунан лентанын тунуке кутусу жерге түшүп кетип, каңгыр этип экиге бөлүнүп тоголонду. Эч ким ага көңүл бурган жок, киномеханиктин өзү да тунукелерди ала койбоду. Алардын көзүн кадаганы-Авалбек. Авалбек деген майданда окко учкан баатырдын баласы, атанын эрдигин, таламын жактап:

-Силер көргөн жоксуңарбы, ошол менин атам болчу! Аны пулемет менен атпадыбы, ал өлбөдүбү! - деп, кишилер унчукпаган сайын күчөп,

алардын үн катпаганына ызаланып, булар эмне үчүн менин атамды жактырышпайт, эмне үчүн аны макташпайт деген ой менен кайта-кайта: «Ал өлбөдүбү! Ал өлбөдүбү!» - деп жатты.

Кимдир бирөө жактырбагандай чырт этти:

-Тек, антип айтпа, оозуңа таш!

-Ал эмнеси экен! - деди анда ары жактан мойнун созгон чал. - Эмнеси бар экен. Атасы согушта ноопат болгону жалган беле? - анан унчукпай калып, ылдый карап кобурады: - Атасы эмей, атасы да...

Ошондо мектепте окуп калган балдардын бири чындыкты бетке айтты:

-Ал сенин атаң эмес. Эмне кыйкырасың? Түк да сенин атаң эмес, ал артист. Ишенбесең, тигиногу киночунун өзүнөн сура.

Иштин жайын сезе калган эстүү-баштуулар атасыз баланын жасап алган таттуу да, ачуу да алданмасын бүлдүргүсү келбей, жок, ал сенин атаң эмес, башка дегенге ооздору барбай, балдардын талашына аралашпады. Кантсе да чындыкты кино алып келген чоочун жигит өзү айтсын дегенчелик кылып, баары тең механикти бет алып, күтүп калышты. Тигил да кийлигишпеди. Өздөрү билсин дегенсип, аппаратын оңдомуш болуп жатты.

-Жок, ал менин атам болчу, менин атам! - дей берди ызага туталанган Авалбек.

-Кайсынысы эле сенин атаң? Айтчы, кайсынысы эле?- деп алиги окуучу бала да тилин тартпады.

-Сен көргөн жоксуңбу? Менин атам гранатты алып танкага минтип. Анан минтип жыгылбадыбы! - Авалбек боюн жерге таштап, атасынын кандайча окко учканын көрсөттү. Дал өзүндөй келтирип, эки үч аласала оодарылып, анан чалкадан түшүп, экрандын алдында эки колун эки жакка таштап, өлгөн жоокердей жатып калды.

Отургандар айласыздан дуу жарылып күлүп жиберишти:

-Ой бул артист турбайбы!

-Ой жоругуң түшкүр!..

Бирок Авалбек күлгөн жок. Былк этпей баатыр атасынын кейпин кийгендей, ошол калыбында экрандын бери четинде сулап жатты.

Күлкү тыйыла калып, кашардын ичин дагы да жүрөк өйүткөн дым басты.

-Э, Жээнгүл, - деди баягы «тообалап» кино көргөн аял. Анын үнү каргылданып, титиреди. - Эмне шал болуп отурасың? Карабайсыңбы тетиги баланы!

Эми элдин баары Жээнгүл жакка бурулду. Анын көзүнө жаш алып унчукпай эрдин бек кымтып, түз басканын узата карашты. Жээнгүл баланын жанына келди да, аны өйдө тургузуп:

-Жүр балам, жүрөгой. Ошол сенин атаң, - деп акырын айтып, аны колунан жетелеп тышка чыгып кетти.

Ушинтип алар кинону да аягына чейин көрүшкөн жок.

Ай өйдөлөп калган экен. Төбөдө, капталда да бейкут жылдыздар бейкут бетбагып, бүт дүйнөдөн эч бир кабары жоктой - алыста. Бозомук түндүн аралыгында тээ бийикте тунарыңкы агарган зор тоолор да суз. Бери четте совхоздун оттору үлпүлдөп, андан ары өлчөөсүз чоң талаа тунгуюктанып, караңгы көл сыяктуу көшүлүп жатыптыр.

Алар үйлөрүнө бара жатышты. Энеси унчуккан жок, ал да унчукпады. Бул саатта энеси эмне ойлоп бара жатканын бала билбеди. Тек гана жаңа көргөн атасын эсинен чыгаралбай, кичинекей муштумдарын кекене түйүп, жанында басып бара жатты. Бүгүнтөн баштап ал ата жолуна түшкөнүн билелек эле, атадан калган жалгыз туяк экенин билелек эле...

**Суроо жана тапшырмалар:**

1. Жээнгүл ким болуп иштейт экен? Ал кыркымга эмне үчүн чыккан?
2. Кыркымга кино келгенин биринчи көрүп кабарлаган ким болду?
3. Кино эмне жөнүндө экен?
4. Авалбек эмне үчүн кинодогу артисти атам деп айтты?
5. Механиктин ал сенин атаң дегени туурабы же катабы?
6. Авалбек эмне үчүн муштумун түйүп кетти?
7. Авалбек келечекте кандай адам болот деп ойлойсуң, эмне үчүн?

**Айрым сөздөрдүн котормолору:**

*кыркым* - *қўйларнинг юнгини қирқиш жойи.*
*кыркымчы* - *қўйларнинг юнгини қирқувчи одам.*
*чалгынчы* - *айғоқчи.*
*колко* - *аорта, шохтомир.*
*безерман* - *бетинч*
*кеңдир кап* - *чипта қоп.*
*мерт болгон* - *курбон бўлган.*
*делебе козголуу* - *асабийлашган ҳолат.*
*кан майдан* - *уруш майдони.*
*бадал* - *чақалак.*
*алаамат* - *фалокат.*
*ыпта* - *ипта*
*майрам* - *байрам*
*кыжаалат* - *хижолат*
*ноопат* - *нобуд бўлиш*
*жоокер* - *жангчи.*



## СООРОНБАЙ ЖУСУЕВ

### АЛАКАН

Балам мына төшөгүнөн турду бат,
Моюнумдан кучактады булдурап.
Алаканын өптүм дагы баламдын,
Те согушту ойлоп турдум тунжурап.

...Самак эле менин досум сырдашкан,
Укмуш болчу күлкү менен ыр жактан.
Ызылдаган октор тына калганда,
Ыр, күлкүгө бизди бөлөп жыргаткан.

Самак айтты:
-Кайда жүрдүң жанатан?
Мына балам! Сен баламды карасаң....
Ал бала эмес. Турду кагаз үстүндө
Беш манжалуу кичинекей алакан.

Самак аны өөп, өөп аптыга,
Улутунду: - Бала кандай жакшына!
Ошол түнү алакандуу кагазды
Коюп жатты жаагынын астына.

Далай өөп Самак ошол сүрөттү,
Далай жолу алмаштырдык түнөктү.
Бир кыштакка кирип бардык жоо сүрүп,

Дүкүлдөтүп үмүтү зор жүрөктү.

Бир короодо бала турат байлануу,
Бул не шумдук таппай калдык айланы.
Жардам сурап бала колу эрбеңдеп,
Бала көзү бизден өтүп жайнады.

Ал баланы биз таң калып карасак,
Баарыбыздан Самак тура баласак -
Наристени бошотууга байлоодон,
Аттап-буттап чуркап кетип баратат.

Ыйлап турган ал балага таңылып,
Жеткен кезде агасындай сагынып.
Кара түтүн, боз топурак бурк этти
Коюп койгон жоо минасы жарылып.

Андан ары мен айталбай баратам,
Айткан сайын жүрөгүмдү канатам:
Экөө тең жок. Жерде жатты бир гана
Купкуу болгон кичинекей алакан...

Кээде түшүп мен торуна санаанын,
Көргөнүмдүн көбүн эске саламын.
Согуш десе көз алдыма көрүнөт
Ошондогу алаканы баланын......

**Суроолор жана тапшырмалар:**
1. Ыр эмне үчүн «Алакан» деп аталган?
2. Ырда кайсы сөз эң көп учурайт?
3. Акын ырында мамыга баланы эмес, чоң кишини байлатып койсо болбойт беле?
4. Ушул ырды окуган соң, сенде кандай ой-сезим пайда болду?
5. Бул ыр Ч. Айтматовдун «Атадан калган туягы» менен жакындыгы барбы же жокпу? Далилде.
6. Өзбек адабиятынан ушул ырга мазмуну жагынан окшош чыгарма барбы? Болсо, кимдики, кайсы жагынан жакын?
7. Өзүңө жаккан ыр түрмөктөрүн жатта, көрктүү айтууга даярда.

**Айрым сөздөрдүн котормолору**

*алакан* - *кафт*
*тунжуроо* - *сокинлик*
*жыргоо* - *роҳатланиш*
*аптыгуу* - *шошиб қолиш*

| | |
|---|---|
| *айла* | *- ҳийла, илож.* |
| *наристе* | *- ёш бола, норасида, гўдак.* |
| *сагынуу* | *- соғинмоқ* |
| *жарылуу* | *- портламоқ.* |
| *кичинекей* | *- кичкина.* |



## МИДИН АЛЫБАЕВ

### СОҢ-КӨЛ

Жээгинде турдум, Соң-Көл, болдум сынап,
Көйкөлүп көлкүп жаткан сен бир сымап.
Сөөлөтүң, сулуулугуң кубандырып,
Эзилтип жүрөгүмдү кытыгылап.
Берилип куштар болуп, жедеп сага,
Кээде шат, кээде мени алат санаа.
Кайгысыз, ойсуз, муңсуз кайкып учкан,
Кап чиркин, каз-өрдөгүң болсом кана.

Кош, Соң-Көл, сен турасың кылым санап,
Мелтиреп кадимкидей көктү карап.
Болжошту айтыш кыйын атаганат.
Мен өлүп, сени экинчи көрбөсөм да,
Эскирген сары кагазда ырым калат.

Тынчыбай ойго кеттим, удургудум,
Калкыган үстүңдөгү булутуңдай.
Элесиң эске түшсө, элжиретсе,
Канткенде кайрат кылам унутунбай.
Бул ырды жаздым Соң-Көл, калсын үчүн
Карааның көз алдымдан унутулбай.
Кош Соң-Көл! Же келермин, же келбесмин.

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Ырдан акындын көңүл-жайын, маанайын байкоого болобу? Болсо, бул ырын акын кандай маанайда жазган?
2. Ырды окуган соң сага Соң-Көл кандай элестеди?
3. Сен Соң-Көлдү сүрөткө тартууда кайсы боекторду көп колдонмоксуң?
4. Ырдагы салыштырууларга көңүл бөл.
5. Жаттап, көркөм айтууга көнүк.

**Айрым сөздөрдүн котормолору**

*сымап* - *симоб*
*сөөлөтү* - *салобат.*
*сулуулук* - *гўзаллик*
*санаа* - *ташвиш, қайғу.*
*каз-өрдөк* - *ғоз-ўрдак*
*кылым* - *аср*
*элеси* - *қиёфа*
*унутулбай* - *унутилмас.*



## БАЙДЫЛДА САРНОГОЕВ

### КӨКӨЙ КЕСТИ...

Ушул күүнү кулагыңа куюп ал,
Ушул күүдө муңдуулардын муңу бар.
Миң жыл бойлоп бирге жашап келаткан,
Бүт кыргыздын ыйы менен ыры бар.

Ушул күүнү талаа уккан, тоо уккан,
Ушул күүнү жоболоңдуу жоо уккан.
Дал ушул күү ырдап кирип согушка,
Далай жолу ыйлап чыккан согуштан.

Окко учканда эрдин эри деген эр,
Ушул күүгө үнүн кошкон энелер.
Дал ушул күү кайгы-зарын бөлүшкөн,
Кан жөткүрүп, кара кийсе жеңелер.

«Көкөй кести» көп жашаган күүлөрдөн,
Көп замандын ысык, суугун миң көргөн.
Башы муңдуу, шаңдуу чыгып аягы.
Сан күүлөрдүн залкарынан иргелген.

Черт комузчу, чертчү жерде боздотуп,
Термелейин делебемди козготуп,
Кезек келсе муңкантаарсың мага да,
Кеткенимде толук элге коштошуп...

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Ыр эмне үчүн «Көкөй кести» деп аталыптыр?
2. Ырдан күүнүн жаралыш тарыхын, мазмунун билсек болобу?. Болсо, сүйлөп бер.
3. Ырдагы акындын маанайын билүүгө мүмкүнбү? Кубанычтуубу, муңдуубу-далилде.
4. Жаттап, көркөм айтууга даярда.

**Айрым сөздөрдүн котормолору:**

| | |
|---|---|
| *күү* | *- оҳанг, куй.* |
| *муң* | *- мунг.* |
| *ый* | *- йиғи, қайғу.* |
| *талаа* | *- дала* |
| *согуш* | *- уруш* |
| *эр* | *- довюрак* |
| *кайгы-зар* | *- қайғу -ҳасрат.* |
| *залкар* | *- буюк.* |
| *черт* | *- чалиш чал.* |

# АЛЫКУЛ ОСМОНОВ

## ЭНЕ ТИЛИ

Тил үйрөнүү:
Жакшы көрмөк - сүймөктөн,
Энем тилин жакшы көрүп үйрөткөн,
Ойротто жок, оңой тил бейм, биздин тил,
Бир жашымда:
Ата, апа,
ат, эт дегенди сүйлөткөн.

Тил кадырлоо:
Чын көңүлдөн сүймөктөн,
Атам тилин: сүйгөндүктөн сүйлөткөн.
Эрдик, өнөр, билим менен сүйлөшүп -
Бир жүрсүн деп бир жашымда үйрөткөн.

Бирге жүрөм, эне тилин кадырлайм,
Бул тил менен: иштейм, сүйлөйм, ыр ырдайм
Башка тилди жандай жакшы көрсөм да:
Эне тилин сүйгөнүмдүн жаңылбайм.

17.10.1948
Чолпон-Ата

**Суроолор жана тапшырмалар:**

1. Ыр эмне жөнүндө жазылган?
2. Акын эне тилин эмне үчүн жакшы көрөт?
3. Акын үчүн кайсы сөздөр ыйык?
4. Ырда акын кандай тыянакка келет?
5. Өзбек акындарынын эне тили жөнүндөгү ырлары менен салыштыр?
6. Эне тили жөнүндөгү макал-лакаптарды тап.
7. Жатта, көркөм айтууга даярда.

**Айрым сөздөрдүн котормолору**

*эне тили* - *она тили*
*үйрөтүү* - *ўргатмоқ*
*эрдик* - *довюраклик.*
*өнөр* - *ҳунар.*
*кадырлоо* - *ҳурматламоқ.*
*жаңылбай* - *янглишмай, адашмай.*

## Мазмуну

1. Киришүү
2. Жөө жомоктор. «Акыл Карачач»
3. «Манастын бала чагы»
4. Элдик поэмалар «Карагул ботом»
5. Дидактикалык чыгармалар
6. Жеңижок «Балалык»
7. Тоголок Молдо «Жер жана анын балдары»
8. Токтогул «Үлгү ырлар»
9. Ы. Шайбеков «Кайран эл»
10. Ж. Бөкөнбаев «Чептен эрдик күчү бек»
11. А. Осмонов «Толубай сынчы»
12. И. Эсенкожоев «Үчүнчү шар»
13. Ч. Айтматов «Атадан калган туяк»
14. С. Жусуев «Алакан»
15. М. Алыбаев «Соң-Көл»
16. Б. Сарногоев «Көкөй кести»
17. А. Осмонов «Эне тили»

**Окуу басылмасы**

Сатканбай Момуналиев

**Кыргыз адабияты**
(хрестоматия)
Окутуу өзбек тилинде жүргүзүлүүчү мектептердин
5-классы үчүн окуу китеби

**Учебное издание**

Сатканбай Момуналиев

**Кыргызская литература**
(хрестоматия)
учебник 5 класса для школ с узбекским языком обучения

| | |
|---|---|
| Редактор: | Б. Яркинова |
| Тех редактор: | Х. Рузибаева, М. Ахмедов |
| Верстка: | Д. Султонмамедов |
| Корректор: | Д. Абдуллаев |
| Художник: | А. Жээнбаев |

ИБ № 1234

Теришга 22.03.2003. рухсат берилди. Босишга 12.10.03 имзо чекилди. Офсет қоғоз № 1.
Формат 70x90 1/16. "Таймс" гарнитураси. Шартли босма табоғи 9,0 б.т. Адади 15000 нусха.
Буюртма № 1765. Баҳоси келишим асосида.
Договор №13 от 26.10.2004.
«Учкун» ААК басмаканасында басылды. 720031, Бишкек, Ибраимов көчөсү, 24

Абиджанова Наргиза